ЧҮЙ ОБЛУСТУК БИЛИМ БЕРҮҮ БАШКАРМАЛЫГЫ

АЛАМҮДҮН РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ

ЧҮЙ ОБЛУСТУК МЕКТЕП-ГИМНАЗИЯСЫ

# КЫРГЫЗ ТИЛИ жана АДАБИЯТЫ

ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ УЮМДАРЫНЫН

V-IX –КЛАССТАР

ҮЧҮН ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТТЫН ПРОГРАММАСЫ

Мугалим: Сагымбаева А.К.

Таш-Дөбө 2022

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

# I. ЖАЛПЫ ЖОБО

## ТҮШҮНҮК КАТ

Бул программа окуучулардын кыргыз тили предметинен ала турган билимдеринин мазмунун аныктаган жана окуучулардын даярдыгынын деңгээлин белгилеген нормативдик документ болуп эсептелет.

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгө н мектептердин 5-9-класстары үчүн кыргыз тилинин программасы *(мындан ары – программа)* тө мө нкү расмий документтердин негизинде түзүлдү:

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы. - Бишкек, 2003-ж.;
- Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүчү уюмдары үчүн Базистик окуу планы;
- «Кыргыз Республикасынын мектептеринде жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандартын бекитүү жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 Токтому;
- КРдин жалпы билим берүүчү мектептеринде кыргыз тили предметинин предметтик стандарты (2015-жыл);
- Кыргыз Республикасын 2013-2017-ж.ж. туруктуу өнүктүрүү багытындагы улуттук стратегиясы;
- Кыргыз Республикасын 2013-2017 ж.ж. туруктуу өнүктүрүү багытындагы улуттук стратегиясын ишке ашыруу боюнча Өкмөттүн программасы

### 1.1. Предметтин Базистик окуу планда алган орду

Базистик окуу планынын мамлекеттик компонентине ылайык, жалпы орто билим берүүнүн негизги жана жогорку баскычтарында кыргыз тили предметине төмөндөгүдөй окуу жүктөмү аныкталган:

| к\№ | Класстары | Жума бою | Жыл бою |
|---|---|---|---|
| **1.** | 5-класс | 4 сааттан | 136 саат |
| **2.** | 6-класс | 4 сааттан | 136 саат |
| **3.** | 7-класс | 3 сааттан | 102 саат |
| **4.** | 8-класс | 3 сааттан | 102 саат |
| **5.** | 9-класс | 2 сааттан | 68 саат |

### 1.2. Кыргыз тили предметинин максаты, милдеттери

Кыргыз тили – кыргыз элинин мамлекеттик тили, улуттук маданияттын эң жогорку формасы катары саналат. «Кыргыз тилин эне тил катары окутуунун предметтик стандартында» ***кыргыз тилин эне тил катары мектептерде окутуунун максаты*** бул - «окуучуларды кыргыз тилинин лексикалык-грамматикалык байлыгын оозеки жана жазуу кебинде активдүү колдоно билүүгө, кеп ишмердүүлүктөрүнүн бардык түрлөрүндөгү компетенттүүлүктөрүнө ээ болууга, кеп маданиятынын эрежелерин кебинде туура сактоого үйрөтүү» - деп көрсөтүлгөн.

5-9-класстарда кыргыз тилин окутуунун ***жалпы милдеттери*** (таанып-билүүчүлүк, жүрүм-турумдук, баалуулук) тө мө нкүлө р:

*Таанып-билүүчүлүк* – окуучуну эне тилинин өз жашоо-турмушундагы, коомдогу, ишмердигиндеги орду менен маанисин так аныктап, билүүгө үйрөтүү менен эне тилин

дүйнөнү таанып-билүүнүн каражаты жана чындыкты чагылдыруунун, ошондой эле, башка окуу предметтери боюнча билим алуунун *куралы* катары колдонууга көнүктүрөт. Тил жана кеп, тил жана аң-сезим, тил жана ойлоо, тил жана маданият түшүнүктөрүнүн ажырагыс биримдигин жеткиликтүү түшүндүрөт. Кыргыз тилинин фонетикалык системасын лексико-фразеологиялык байлыгын, грамматикалык түзүлүшүн, орфографиялык, пунктуациялык жана орфоэпиялык эрежелерин практикалык негизде өздөштүрүп, өз кебинде колдонууга үйрөтөт. Окуучуну эне тилинин тил бирдиктеринин маанисин жана функцияларын толук аңдап билүүгө, эне тилиндеги кубулуштарды, фактыларды талдай алууга үйрөтүү менен оозеки жана жазуу кебиндеги кыргыз адабий тилинин нормаларын сактоого машыктырат.

*Жүрүм-турумдук - о*куучуну кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн (угуу, окуу сүйлөө, жана жазуу) сүйлөшүү, баарлашуунун ар кандай чөйрөлөрүндөгү кептик жүрүм-турумдук маданиятын толук билүүгө жана колдонууга үйрөтөт. Ар кандай чөйрөдө жана тематикада оозеки-жазуу түрүндө сабаттуу сүйлөө-жазуу маданиятына үйрөтүү менен өзүнүн оозеки жана жазуу кебин өз алдынча текшере алууга, сын көз менен карап, аны дайыма өркүндөтүү жөндөмүнө ээ кылат.

*Баалуулук - о*куучуну эне тилин улуттук улуу дөөлөт, сыймык, маданият катары кабыл алып, аны тарыхый-руханий мурас деп таанып, аны менен сыймыктанууга, коргоого жана колдонууга көнүктүрөт. Эне тили аркылуу улуттук баалуулуктарды, жалпы адамзаттык рухий дөөлөттөрдү өздөштүрүүгө, барктап-баалоого үйрөтөт.

Ушундан улам, 5-9-класстарда кыргыз тилин эне тил катары окутуп-үйрөтүүнүн ***төмөнкүдөй негизги милдеттери*** сунуш кылынат:

- окуучуларга кыргыз тилинин фонетикалык системасын, анын сөздүк кору менен байлыгын, грамматикалык түзүлүшүн, орфографиялык жана орфоэпиялык нормалары менен эрежелерин теориялык негизде үйрөтүү;
- окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү – кыргыз тилин окутуунун негизги милдеттеринин бири, кыргыз тилинин сөз курамы лексика бөлүмдөрү менен байланыштыруу. Мында окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү максатында сөздөрдүн, түшүнүктөрдүн лексико-семантикалык маанисин талдоо, синонимдерин, антонимдерин аныктоо, фразеологиялык айкалыштардын маанилерин чечмелөө; тааныш эмес сөздөрдү пайдалана билүү, диалектилик, говордук сөздөрдү ыктуу пайдалана алуу жана алар аркылуу ж.б. көндүмдөрдү калыптандыруу. Бул багыттагы иштерди аткаруу аркылуу окуучулардын сөздүк корун байытууга, сөзгө сергек мамиле кылууга, кыргыз тилинин байлыгын оозеки жана жазуу кебинде активдүү пайдаланууга үйрөтүү;
- кыргыз тилинин фонетика, лексика, морфология, синтаксис бөлүмдөрү тыгыз байланышуу өтүлөт. Мында сөздөрдөн сүйлөм түзө билүү, сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн өз ара байланыштуу жолдорун өркүндөтүү, сөздөрдүн, сөз айкаштарынын, фразеологиялык айкалыштардын сүйлөм ичинде ордун, аткарган синтаксистик кызматын билүү жана алар боюнча жүргүзүлгөн машыгуу иштери аркылуу окуучуларды текст түзүүгө алдын ала даярдоо;
- байланыштуу кеп боюнча сабактарда окуучуларды ойду оозеки жана жазуу түрүндө эркин, логикалык ыраattуулукта байланыштуу, сабаттуу туюнта билүүгө үйрөтүү; алардын кеп түшүнүктөрүн өздөштүрүүгө, текст түзүү жана өркүндөтө билүүгө машыктыруу. Байланыштуу кептин темаларын фонетика, лексика, морфология, синтаксис, сөз жасоо, орфография бөлүмдөрү менен тыгыз биримдикте окутуу;
- кыргыз тилин терең урматтап, аны менен сыймыктанууга, анын тазалыгын, адабий нормативдүүлүгүн сактоого, андагы каражаттарды билгичтик, сезимталдуулук менен колдоно билүүгө шыктандыруу жана тарбиялоо; окуучуларды тилдин коомдук көрүнүш экендиги, коомдогу ролу, социалдык мааниси, анын өнүгүш мыйзам ченемдүүлүктөрү, анын ичинде кыргыз тилинин азыркы коомдогу орду жана өнүгүш багыттары тилдик өнүгүүнүн тарыхый шарттары, факторлору жөнүндөгү түшүнүктөргө ээ кылуу;

- окуучуларга тил, анын системалуулугу жана кеп жөнүндө зарыл болгон билимдерди берүү менен алардын оозеки жана жазуу кептериндеги орфографиялык жана стилистикалык нормалардын сакталышына өзгөчө көңүл бөлүп, кетирилген каталарды кетирбөөгө көнүктүрүү жана машыккандыктарын калыптандыруу;
- өз ойлорун орфоэпиялык нормалардын негизинде туура, так айтууга, ар түрдүү стилдеги тексттерди көркөм окуй алууга үйрөтүү;
- кептин, стилдин ар кандай түрлөрүнө мүнөздүү болгон тил каражаттарын бири-биринен айырмалай алууга, текст түзүүдө кетирилген кемчиликтерди таба билүүгө жана аларды түзөтүүнүн жолдорун, ыкмаларын колдоно алууга машыктыруу жана ага калыптандыруу;
- текст түзүүдө ага катышкан сүйлөмдөрдүн мазмунун айтылып жаткан ойдун негизине карата туура багытоо менен, алардын (сүйлөмдөрдүн ортосундагы ойдун логикалуу өнүгүшүн, сүйлөмдөрдүн өз ара ички жана тышкы байланыштарынын стилдик нормаларын так сактоого көнүктүрүү);
- адабий тилдин нормаларын билгичтик менен өздөштүрүү, сөз байлыгын арттыруу, тилдин синонимдик катарларын, анын көркөм каражаттарын, өтмө маанилүү жана эмоционалдуу-экспрессивдүү пикир алышуунун баардык формаларында туура колдоно билүү менен окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө жетишүү;
- интерактивдүү окутуу, проблемалуу окутуу, сынчыл ой жүгүртүү жана башка алдыңкы методикалык ыкмаларды пайдалануу.

## 1.3. Кыргыз тили предмети боюнча базалык билим берүүнүн компетенттүүлүктөрү

***Кыргыз тилин окутуудагы компетенттүүлүктөрдү*** аныктоодо кептик-ой жүгүртүүчүлүк ишмердүүлүктү эске алуу зарыл. Ал төмөнкү фазаларга ээ:

- мотив – максат – багыт алуу – пландаштыруу – ишке ашыруу – текшерүү;
- кептик ишмердүүлүк мезгилинде сүйлөөчүнүн грамматикасы жана угуучунун грамматикасы колдонулат;
- адамдын кеби анын дүйнө таанымын жана маданий деңгээлин чагылдырат.

Мына ушуга байланыштуу 5-9-класстарда кыргыз тилин эне тил катары окутуунун төмөнкүдөй компетенттүүлүктөрү белгиленди:

- ***тилдик компетенттүүлүк*** – тилдин системасына ээ болуу, тактап айтканда, тилдин курулушу, тилдик нормалар, анын ичинде орфографиялык жана пунктуациялык;
- ***кептик компетенттүүлүк*** – кептик кырдаалдар жана тилдик нормаларга ылайык коммуникация ишке ашырылат, өзүнүн кептик мүмкүнчүлүктөрүн өркүндөтөт жана сөздүк корун байытат.
- ***маданий компетенттүүлүк*** – тилдин улуттук-маданий өзгөчөлүгүн эске алуу менен диалог жүргүзө билүүсү.

***Тилдик компетенттүүлүккө*** ээ болуу бул – бүтүрүүчүнүн тилдин жеке жана жалпы закондорун чагылдыруучу эрежелер боюнча билимге ээ болуп, лингвистикалык маалыматтарды чечмелеп, аналитикалык ой жүгүртүү көндүмдөрүнө ээ болот:

- тилдик бирдиктерди, тилдин системасындагы функциялары жана тексттеги ролу менен байланышта түшүнөт;
- лингвистикалык бирдиктерди, функциялары, маанилери жана стилдери боюнча топтоштурат;
- тилдик бирдиктердин синонимдештигин, структурасы, семантикасы жана стили боюнча айырмалайт;
- кептин оозеки жана жазуу формаларынын өзгөчөлүктөрүн айырмалайт;
- каралган орфограммалардын көлөмүнө жана пунктуациялык эрежелерге ылайык орфографиялык жана пунктуациялык көндүмдөргө ээ болот.

***Кептик компетенттүүлүккө*** ээ болуу – бул мектеп бүтүрүүчүсү (сүйлөөчү же угуучу) коммуникативдик милдеттерди аныктоого, тилди пикир алышуунун ар кыл кырдаалдарында оозеки жана жазуу формасында пайдаланууга, өзүнүн сөздүк корун байытуу менен кептик мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жөндөмдүүлүгү:

- карым-катнаштын (коммуникациянын) максатына ылайык кептин предметин жана темасын түшүнөт жана белгилейт;
- тексттеги биринчи жана экинчи маалыматтарды бөлүп көрсөтүп, аларды чындык менен салыштырат;
- коммуникативдик мазмунуна ылайык тексттердин функционалдык-семантикалык типтерин, кептин ар кыл жанрындагы жана стилиндеги тексттерди айырмалайт жана пайдалана алат.
- адабий тилдин (стилдердин) нормаларына, пикир алышуунун максатына (кептик кырдаалдарга) ылайык текст түзөт;
- текстти ар кыл стилдик режимдерге (бир стилдеги текстти экинчи стилге айландыруу), түрдүү эмоционалдык жагдайларга (тондорго) ылайыктап кайрадан түзөт.

***Маданий*** компетенттүүлүккө ээ болуу – бул мектеп бүтүрүүчүсү пикир алышууга катышуу менен социалдык кептик жана тарыхый-маданий кырдаалды эске алууга жөндөмдүүлүгү:

- коомдо жүрүм-турумдун нормаларына ылайык баарлашуунун катышуучусунун социялдык ролун өзүнө кабыл алат;
- элдин маданий мурасынын маанилүү бөлүгү катары тилге жекече мамилесин билдирет;
- кеп маданиятынын эрежелерине ээ болот.

# II. ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНУ

## 2.1. Программадагы бө лүмдө рдү окутууда сааттардын катышы таблица менен

### 5-КЛАСС
**(жумасына 4 сааттан, жыл боюнча 136 саат)**

| № | ТЕМАЛАРЫ | сааты |
|---|---|---|
| 1 | **Тил – пикир алышуунун куралы, тил жана кеп** | **1 саат** |
| 2 | **Байланыштуу кеп (25 саат)**<br>Текст, анын мүнөздүү белгилери (тексттин тематикалык, маанилик, стилдик, грамматикалык бүтүн бирдиги) | 2 саат |
| 3 | Тексттин маанилик бүтүндүгү. Тексттин эң кичине бирдиги сүйлөм, тексттин темасы жана негизги ою | 2 саат |
| 4 | Текстке ат коюу (темага же негизги ойго байланыштуу) | 1 саат |
| 5 | Тексттин планы тууралуу түшүнүк. Жөнөкөй план | 1 саат |
| 6 | Даяр тексттин жөнөкөй планын түзүп, пландын негизинде оозеки баяндап берүүгө жана баяндама жазууга үйрөтүү | 3 саат |
| 7 | Кептин түрлөрү: баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү (жалпы маалымат) | 1 саат |
| 8 | Баяндоо, анын мүнөздүү белгилери | 1 саат |
| 9 | Сүрөттөө жөнүндө жалпы маалымат | 1 саат |
| 10 | Сүрөттөө объектилеринин түрлөрү: жандуу, жансыз заттарды сүрөттөө | 1 саат |
| 11 | Көркөм адабий чыгармалардан жандуу жана жансыз заттардын сүрөттөлүшүнө байкоо жүргүзүү | 3 саат |
| 12 | Расмий-иштиктүү стиль, анын түрлөрү жөнүндө жалпы маалымат (расмий жана расмий эмес иш кагаздары) | 2 саат |
| 13 | Расмий эмес иш кагаздары, анын мүнөздүү белгилери (кулактандыруу, арыз, чакыруу билети, тактама (справка) | 4 саат |
| 14 | Өз алдынча берилген үлгүнүн негизинде кулактандыруу, арыз, чакыруу билетин жазууга көнүктүрүү | 3 саат |
| | **Синтаксис, пунктуация жана кеп маданияты (23 саат)** | |
| 15 | *Сөз айкашы жөнүндө түшүнүк.* Сөз айкашынын тутумундагы багындыруучу (негизги сөз) жана багынуучу түгөйлөр, алардын өз ара байланышуу жолдору: маанилик (ыкташуу) жана грамматикалык (башкаруу, таандык) түрлөрү | 2 саат |
| 16 | *Сүйлөм.* Сүйлөмдүн негизги белгилери. Айтылыш максаттарына жана маанилерине ылайык сүйлөмдүн жай, суроолуу жана илептүү болуп бөлүнүштөрү. Бул сүйлөмдөрдүн аягына коюлуучу тыныш белгилер | 2 саат |
| 17 | *Сүйлөм мүчөлөрү.* Сүйлөмдү уюштуруудагы ролуна карата алардын баш мүчөлөрү (ээ, баяндооч) жана айкындооч мүчөлөр (аныктооч, толуктооч, бышыктооч) болуп бөлүнүшү | 2 саат |
| 18 | *Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү.* Бир өңчөй мүчөлөрдү байланыштыруучу каражаттар (байламталар, интонация). Бир өңчөй мүчөлөрдөгү коюлуучу тыныш белгиле | 2 саат |
| 19 | *Жөнөкөй сүйлөм.* Жалаң жана жайылма сүйлөмдөр, алардын түзүлүшү | 2 саат |
| 20 | *Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөз.* Каратма сөз, анда коюлуучу тыныш белгилер | 2 саат |
| 21 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу иштери* | 3 саат |

| | | |
|---|---|---|
| 22 | *Синтаксистик талдоо жүргүзүү* | 1 саат |
| 23 | Татаал сүйлөм, анын грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү (тең жана багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм). Татаал сүйлөмдүн тыныш белгилери | 1 саат |
| 24 | Төл жана бөтөн сөз жөнүндө түшүнүк. Төл сөздөн мурда жана кийин колдонулган тик сөздөр, ушуга байланыштуу коюлган тыныш белгилер. Диалог жана анын тыныш белгилери | 2 саат |
| 25 | *Кеп маданияты*. Текстеги жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдүн чегин аныктоо. Текстте кездешкен суроолуу, жай, буйрук, илептүү сүйлөмдөрдүн интонациясын туура сактоо. Сүйлөмдөрдүн бир өңчөй мүчөлөрүнүн, татаал сүйлөмдөрдүн синтаксистик түгөйлөрүнүн интонациясын туура сактоо. Көркөм текст түзүүдө жай, суроолуу, буйрук, илептүү сүйлөмдөрдү, сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүн, тике, бөтөн сөздөрдү айтыла турган ойдун кырдаалына карай адабий тилдин стилдик нормасына карай колдоно билүү | 1 саат |
| 26 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу иштери* | 2 саат |
| 27 | *Синтаксистик талдоо жүргүзүү* | 1 саат |
| | **Фонетика, графика, орфоэпия жана кеп маданияты (19 саат)** | |
| 28 | Фонетика жана графика жөнүндө түшүнүк. Тыбыш жасоочу органдар жана тыбыштардын жасалышы. Тыбыш жана тамга, алардын бири-биринен айырмасы. Тыбыштардын үндүү, үнсүз болуп бөлүнүшү | 2 саат |
| 29 | *Үндүү тыбыштар* жана алардын бөлүнүшү: тилге карата жоон жана ичке, эринге карай эриндүү жана эринсиз, жаакка карай кең жана кууш, үндүн созулуу деңгээлине карай кыска жана созулма үндүүлөр болуп бөлүнүшү, алардын жасалышы | 2 саат |
| 30 | Бир сөз ичинде үндүүлөрдүн ээрчишип өзгөрүүсү (энеме, тоого) | 1 саат |
| 31 | *Үнсүз тыбыштар*, алардын жумшак, каткалаң, уяң болуп бөлүнүшү, түгөйлүү, түгөйсүз болуп келиши, алардын айтылышы жана жазылышы | 2 саат |
| 32 | Алфавит, андагы тамгалардын аталышы. Баш жана кичине тамгалар. Алфавитте тамгалардын жайгашуу тартиби, анын коомдо колдонулуш маанилери | 2 саат |
| 33 | *Муун,* анын түрлөрү. Сөздөрдү муунга ажыратуу | 1 саат |
| 34 | Интонация, анын оозеки, жазуу кебиндеги мааниси | 1 саат |
| 35 | Орфоэпия жана орфография жөнүндө түшүнүк. Кыргыз орфоэпиясынын негизги эрежелери: уңгу сөздөрдүн жеке тургандыгы туура айтылышы жана жазылышы, уңгуга мүчө жалганган учурдагы туура айтылышы жана жазылышы (нанга – наңга, аччы – ашчы) | 2 саат |
| 36 | Бир сөз ичинде *к, п,* тыбыштарынын *г, б,* тыбыштарына өзгөрүп айтылышы жана жазылышы | 1 саат |
| 37 | *Кеп маданияты*: *с-з, к-г, д-т, б-п, ч-ш* сыяктуу түгөйлүү үнсүздөрдү сөз ичинде айтылышын жана жазылышын туура, так сактай билүү, ажыратуу (ъ), ичкертүү (ь) белгилери жана созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдү туура айтууга жана туура жазууга көнүгүү; сөз аягына келген жумшак үнсүздөрдүн (*б, в, г, д, ж*) аталышында орфоэпиялык, орфографиялык нормаларды туура сактоо | 1 саат |
| 38 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 3 саат |
| 39 | *Фонетикалык талдоо жүргүзүү* | 1 саат |

| | | |
|---|---|---|
| | **Лексика жана кеп маданияты (12 саат)** | |
| 40 | *Лексика жөнүндө түшүнүк* | 1 саат |
| 41 | Сөздүн лексикалык жана грамматикалык маанилери | 1 саат |
| 42 | Бир маанилүү, көп маанилүү сөздө р | 1 саат |
| 43 | Сөздүн тике жана өтмө маанилери. Сөздүн эмоционалдык мааниси | 1 саат |
| 44 | Синонимдер | 1 саат |
| 45 | Омонимдер | 1 саат |
| 46 | Антонимдер | 1 саат |
| 47 | *Кеп маданияты.* Өтмө маанидеги сөздөрдү орундуу колдонуудагы стилдик зарылдыкты өздөштүрө билүү. Сүйлөм ичинде же катар келген сүйлөмдөрдө бир эле сөздү же сөз тизмектерин орунсуз кайталоого жол бербөө үчүн аларды маанилик жактан алмаштырууга ылайык келген башка синонимдик сөздөрдү колдоно билүүгө үйрөнүү. Текстти стилдик жактан туура түзүүдө синонимдик каталарды өздөштүрүү жана аларды колдоно билүү. Түшүндүрмө жана синоним сөздөрүнөн пайдалануу | 1 саат |
| 48 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 3 саат |
| 49 | *Лексикалык талдоо жана сөздүк жумуштары* | 1 саат |
| | **Сө з жасоо, сө здүн курамы жана кеп маданияты (8 саат)** | |
| 50 | *Сөздүн курамы* – уңгу жана мүчө, алардын мүнөздүү белгилери | 1 саат |
| 51 | Мүчөнүн маанисине карай бөлүнүшү: сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр, алардын өзгөчөлүктөрү (сөз жасоочу мүчөдөн жаңы сөз жасалаары, сөз өзгөртүүчү мүчөдөн сөздүн ар түрдүү формаларынын пайла болору, жаңы сөз жасалбастыгы) | 2 саат |
| 52 | Туунду жана уңгулаш сөздөр, алардын өз ара айырмачылыктары. Тубаса сөз жөнүндө түшүнүк | 1 саат |
| 53 | *Кеп маданияты*. Сөз жасоо же сөз өзгөртүү учурларында бир сөз ичинде же жанаша келген сүйлөмдөрдө уңгулаш сөздөрдүн орундуу жана орунсуз колдонулушун ажырата билүү. Орунсуз колдонулган учурларда аны түзөтүүгө, синоним же башка сөздөр менен алмаштыра билүүгө үйрөтүү | 1 саат |
| 54 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 2 саат |
| 55 | *Сөздүн курамдык бөлүктөрү боюнча талдоо* | 1 саат |
| | **Морфология, орфография жана кеп маданияты** | |
| 56 | Сөз түркүмдөрү (морфология) жөнүндө түшүнүк. Сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө карата ажыратуунун принциптери (лексикалык, морфологиялык, синтаксистик). Маани берүүчү кызматчы жана өзгөчө сөз түркүмдөрү | 2 саат |
| 57 | **Зат атооч жана кеп маданияты (15 саат)** | |
| 58 | Зат атоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү: лексикалык маанилери, морфологиялык белгилери, синтаксистик кызматы | 1 саат |
| | Зат атоочтун грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү: жөнөкөй жана татаал зат атоочтор. Жөнөкөй зат атоочтордун жасалышына карай бөлүнүшү: тубаса жана туунду зат атоочтор. Туунду зат атоочту жасоочу мүчөлөр. Туунду зат атоочтун морфологиялык жол менен жасалышы. Татаал зат атоочтун синтаксистик жол менен жасалышы | 2 саат |

| | | |
|---|---|---|
| 59 | Энчилүү жана жалпы зат атооч. Энчилүү аттардын (адамдын, айбанаттарды, мекеме, жер-суулар, тарыхый окуя, көркөм чыгарма, басылмалардын аттарынан) жазылышы | 2 саат |
| 60 | Зат атоочтун сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрүшү. Зат атоочтун көптүк санда (-*лар* мүчөсү менен) өзгөрүшү. Жалпыланган маанидеги көптүк *–лар* мүчөсү уланбаган зат атоочтор (мисалы: *нан, ун, жүн, суу* ж.б.) | 2 саат |
| 61 | Таандык мүчөлөр, алардын түрлөрү: жак таандык жана жалпы таандык мүчөлөр. Жак таандык мүчөлөр: I жактын жекелик жана көптүк сандагы таандык мүчөлөрү *(-ым, -ыбыз);* II жактын жекелик жана көптүк сандагы таандык мүчөлөрү (*-ың, -ыңыз, -ыңар, -ыңыздар*); III жактын таандык мүчөлөрү *(-ы, -сы).* Жалпы таандык мүчө *–ныкы* | 2 саат |
| 62 | Зат атоочтун жакталышы. Жекелик сандагы зат атоочтордун жакталышы (-мын, -сың, -сыз). Көптүк сандагы зат атоочтун жакталышы (-быз, -сыңар, -сыздар) | 1 саат |
| 63 | *Кеп маданияты*. Чыгармалардын (макала, очерк, көркөм чыгармалардын) аталышынын мазмунга ылайык тандалышы. Татаал зат атоочтордун ичинен кош сөз түрүндөгүсүнүн ар түрдүү маанилерин туура түшүнүү жана аларды сүйлөмдө айтылып жаткан ойдун жагдайына карай ыктуу колдоно билүү. Айрым бир лексикалык топтогу зат атоочторго (жаратылыштык кубулуштардын, жыл мезгилдердин, абстрактык маанидеги заттын атын билдирген) көптүк санды уюштуруучу *–лар* мүчөсү жалганган көптүк учурда адабий нормага ылайык келбей турганын (акылдар, асмандар, шамалдар ж.б.) түшүнө билүү; *-лар* мүчөсү жалганган бир өңчөй мүчөлөрдүн бардык түгөйлөрүндө толук сакталышы же эң акыркысынан башкасында түшүрүлүп белгиленишиндеги стилдик өзгөчөлүктөрдү байкоо жана ылайыгына жараша колдоно билүү. Таандык мүчөлүү сөз менен илик жөндөмөсүндө турган сөздүн айкалышында таандык мүчөнүн түшүрүлүп же толук берилишиндеги адабий норманы байкоо жана аны туура колдоно билүү | 1 саат |
| 64 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 3 саат |
| 65 | *Зат атооч жана анын сан, таандык категориялары боюнча талдоо* | 1 саат |
| | **Сын атооч жана кеп маданияты (8 саат)** | |
| 66 | Сын атоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү: лексикалык маанилери, морфологиялык белгилери, синтаксистик кызматы | 1 саат |
| 67 | Сын атоочтун грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү: жөнөкөй жана татаал сын атоочтор. Жөнөкөй сын атоочтордун жасалышына карай бөлүнүшү: тубаса жана туунду сын атооч.Туунду сын атоочтун морфологиялык жол менен жасалышы.Тубаса сын атоочтун маанилик түрлөрү. Татаал сын атоочтун синтаксистик жол менен жасалышы | 2 саат |
| 68 | *Кеп маданияты*. Адамдардын турпатын, айлана-чөйрөнү, жаратылыштык көрүнүштөрдү сүрөттөөдө сын атоочтордун колдонулуш зарылдыгы. Тубаса жана туунду сын атоочтордун колдонулушундагы маанилик өзгөчөлүктөрдү айырмалай билүү | 1 саат |
| 69 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 3 саат |
| 70 | *Сын атооч боюнча талдоо* | 1 саат |
| | **Этиш жана кеп маданияты (17 саат)** | |
| 71 | *Этиштин* сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү: лексикалык маанилери, морфологиялык белгилери, синтаксистик кызматы | 1 саат |

| | | |
|---|---|---|
| 72 | Этиштин грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү: жөнөкөй жана татаал этиш. Жөнөкөй этиштин жасалышына карай бөлүнүшү: тубаса жана туунду | 1 саат |
| 73 | Туунду этиштин морфологиялык жол менен жасалышы. Татаал этиштин синтаксистик жол менен жасалышы. Татаал этиштеги негизги жана жардамчы бөлүктөр, алардын маанилик, грамматикалык табияты, алардын жазылышы | 1 саат |
| 74 | *Этиштин жакталышы*. Этиштин жак мүчөлөрү: I жактын жекелик сандагы жак мүчөлөрү, алардын толук жана кыска формалары *(-м, -мын)* | 1 саат |
| 75 | I жактын көптүк сандагы жак мүчөлөрү *(-быз, -к)*; II жактын жекелик сандагы жак мүчөлөрү, алардын толук жана кыска формалары *(-сын, -сыз, -ңыз)* | 1 саат |
| 76 | II жактын көптүк сандагы жак мүчөлөрү *(-ңар, -сыңар, -ңыздар*). III жактын *–т* мүчөсүнүн колдонулуш жана колдонулбас учурлары | 1 саат |
| 77 | *Этиштин чактары* (башталгыч класстагы өтүлгөндөрдү эске алуу). Учур чак, анын түзүлүшүнө карай бөлүнүшү: жөнөкөй учур чак, анын жасалышы; татаал учур чак, анын жасалышы. Этиштин учур чагынын жакталышы | 2 саат |
| 78 | *Келер чак,* анын маанилик түрлөрү. Айкын келер чак, анын жасалышы жана жакталышы | 1 саат |
| 79 | *Арсар келер чак*, анын жасалышы жана жакталышы | 1 саат |
| 80 | *Өткөн чак*, анын маанилик түрлөрү: *айкын өткөн чак*, анын жасалышы жана жакталышы; *капыскы өткөн чак*, анын жасалышы жана жакталышы; *жалпы өткөн чак,* анын жасалышы жана жакталышы; *адат өткөн чак*, анын жасалышы жана жакталышы.<br>Өткөн чактын татаал формаларынын *экен, эле, эмес* деген жардамчы этиштердин айкаша келиши аркылуу жасалышы, алардын жакталышы | 2 саат |
| 81 | *Кеп маданияты*. II жактагы этиштин сөз маанисинде жана жалпыланган мааниде колдонулушундагы өзгөчөлүктөрдү ажырата билүү; татаал учур чак менен жатыш жөндөмөсүндөгү кыймыл атоочтун (иштеп жатат, иштөөдө) өз ара синонимдештигин байкоо жана аларды биринин ордуна экинчиси колдонулган учурларын ажырата билүү | 1 саат |
| 82 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 3 саат |
| 83 | *Этиш, этиштин чактары жана жакталышы боюнча талдоо* | 1 саат |
| | **5-класста өтүлгөн материалдарды бекемдөө жана бышыктоо (6 саат)** | |
| 84 | Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү, аларда коюлуучу тыныш белгилер. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксистик түгөйлөрүнүн арасына үтүрдүн коюлушу | 1 саат |
| 85 | Тике сөздүн төл сөздөн мурда жана кийин колдонулушу, ушуга байланыштуу коюлуучу тыныш белгилер. Кыргыз орфоэпиясынын негизги эрежелери | 1 саат |
| 86 | Сөз маанилери, синонимдер, антонимдер боюнча көнүгүүлөрдү иштөө | 1 саат |
| 87 | Сөздүн уңгу жана мүчөгө ажырашы. Сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мү | 1 саат |
| 88 | Зат атоочтун категориялары: сан жана таандык категориялары, аларды уюштуруучу мүчөлөр. Туунду сын атоочту жасоочу мүчөлөр. Татаал сын атоочтун морфологиялык жана синтаксистик жол менен жасалышы | 1 саат |
| 89 | Этиштин категориялары: этиштин жакталышы жана чактары. Этиштин | 1 саат |

| | | |
|---|---|---|
| | жакталышынын | |

**6-КЛАСС**
**(жумасына 4 сааттан, жыл боюнча 136 саат)**

| № | ТЕМАЛАРЫ | сааты |
|---|---|---|
| 1 | **Кыргыз тили – Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили** | **1 саат** |
| 2 | **5-класста өтүлгөн материалдарды эске алуу жана бышыктоо** | 3 саат |
| 3 | Сүйлөмдүн модалдык маанилерин (айтылыш максаттарына жараша бөлүнүштөрүн) бири-биринен так ажыратууга жана текст түзүүдө айтылуучу ойдун мазмунуна карата колдоно билүүгө жетишүү; сүйлөмдөрдүн бир өңчөй мүчөлөрү менен татаал сүйлөмдөрдүн төл жана бөтөн сөздөрдүн чектерин, орун тартиптерин туура ажыратып, аларда колдонулуучу тыныш белгилерин өздөштүрүү | 1 саат |
| 4 | Көп маанилүү жана өтмө маанилүү сөздөрдүн көркөм адабий чыгарманын жана оозеки кептин стилине мүнөздүүлүгү, аларды тесттерден жана оозеки пикир алышуудан таба билүүгө жана ар кандай маанилерде колдонулушун ажырата алууга жетишүү | 1 саат |
| 5 | Сөздөрдөгү уңгу менен мүчөнүн чегин туура ажыратуу. Сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн өз ара айырмачылыктарын ажырата билүү; орфоэпиянын негизги эрежелерин толук өздөштүрүү жана практикалык жактан туура колдонууга жетишүү | 1 саат |
| | **Байланыштуу кеп (22 саат)** | |
| 6 | Текст**.** Тексттин мүнөздүү белгилери (кайталоо) | 1 саат |
| 7 | Тексттин маанилик бүтүндүгү. Тексттин темасы; тема жана подтема | 1 саат |
| 8 | Тексттин түзүлүшү: окуянын башталышы, өнүгүшү жана аякташы | 2 саат |
| 9 | Абзац, анын текст түзүүдөгү мааниси | 1  саат |
| 10 | Тексттин жөнөкөй планы (тереңдетип үйрөтүү) | 1 саат |
| 11 | ***Текст боюнча машыгуу иштери.*** Даяр текстин планын түзүүгө машыктыруу; түзгөн текстинин тутумундагы сүйлөмдөргө тиешелүү тема менен негизги ойду жана тексттеги тема, анын негизги оюн аныктай алуу (кайталоо). | 1 саат |
| | **Кептин түрлөрү** | |
| 12 | Жандуу, жансыз заттарды сүрөттөө (кайталап бышыктоо же тереңдетип кайталоо) | 1 саат |
| 13 | *Сүрөттөө, анын мүнөздүү белгилери:*<br>Айлана-чөйрөнү сүрөттөө (турак-жайды, жаратылыш кубулуштарын ж.б.) | 1 саат |
| 14 | Ой жүгүртүү боюнча жалпы маалымат | 1 саат |
| 15 | Кептин түрлө рү боюнча машыгуу иштери | 2 саат |
| | **Кептин стилдери** | |
| 16 | Стиль жөнүндө түшүнүк | 1 саат |
| 17 | Кептин оозеки жана жазма стили. Оозеки сүйлөшүү стилинин мүнөздүү белгилери (алгачкы маалымат) | 1 саат |
| 18 | Көркөм стиль, анын мүнөздүү белгилери: колдонулуш чөйрөлөрү, колдонулуш тил каражаттары (лексикалык, морфологиялык, синтаксистик) | 1 саат |
| 19 | Расмий эмес иш кагаздары | 1 саат |

| | | |
|---|---|---|
| 20 | Тил кат | 1 саат |
| 21 | Ишеним кат | 1 саат |
| 22 | Дарек (адрес) | 1 саат |
| 23 | Телеграмма | 1 саат |
| 24 | Кептин стилдери боюнча машыгуу иштери | 2 саат |
| | **Лексика, фразеология, лексикография жана кеп маданияты (19 саат)** | |
| 25 | Кыргыз тилинин сөздүк кору, анын ар түрдүү катмарлары | 1 саат |
| 26 | Диалектилик сөздөр | 1 саат |
| 27 | Кесиптик сөздөр | 1 саат |
| 29 | Терминдер | 1 саат |
| 30 | Эскирген сөздөр, алардын түрлөрү: историзмдер, архаизмдер 2с | 2 саат |
| 31 | Неологизмдер | 1 саат |
| 32 | Фразеологизмдер жөнүндө түшүнүк | 1 саат |
| 33 | Фразеологизмдердин жеке сөзгө же сөз айкашына карата маанилик эквиваленттүүлүгү, синтаксистик кызматы | 2 саат |
| 34 | Лексикография. Лексикография жөнүндө түшүнүк | 1 саат |
| 35 | Кыргыз тилинде сөздүктөр жана алардын түрлөрү: түшүндүрмө сөздүк, орфографиялык сөздүк, энциклопедиялык сөздүк, фразеологиялык сөздүк, котормо (кыргызча-орусча жана орусча-кыргызча) сөздүктөр, диалектологиялык сөздүк, синонимдер сөздүгү. Бул сөздүктөрдүн мааниси, аларга коюлуучу талаптар, аткарган милдеттери жөнүндө кыскача түшүнүк | 2 саат |
| 36 | *Кеп маданияты.* Диалектилик, кесиптик, архаизм жана неологизм сөздөрдүн лексикалык табиятын туура түшүнүү, аларды бири-биринен ажырата билүү; алардын көркөм жана башка стилдеги тексттерде колдонулуш өзгөчөлүктөрү, максаттарын байкоо; терминдер менен жөнөкөй сөздөрдүн айырмачылыгын түшүнүү | 1 саат |
| 37 | Фразеологиялык сөздүктү пайдалануу аркылуу фразеологизмдердин маанисин түшүнүү жана алардын жеке сөздөргө карата маанилик эквиваленттүүлүгүн өздөштүрүү менен текст түзүүдө колдоно билүү | 1 саат |
| 38 | Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары | 3 саат |
| 39 | Лексикалык жана фразеологиялык талдоолор | 1 саат |
| | **Сө з жасоо, орфография жана кеп маданияты (21 саат)** | |
| 40 | Сөз жасоонун жолдору. Морфологиялык жол, анда сөз жасоочу мүчөлөрдүн пайдаланылышы | 1 саат |
| 41 | Сөз жасоочу мүчөлөр аркылуу уңгулаш, бирок ар башка сөздөрдүн жасала тургандыгы | 1 саат |
| 42 | Сөз жасоочу мүчөлөрдүн түрлөрү: атоочтон атооч жасоочу мүчөлөр; этиштен этиш жасоочу мүчөлөр; атоочтон этиш жасоочу мүчөлөр (жалпы тааныштыруу иретинде) | 2 саат |
| 43 | Сөздүн синтаксистик жол менен жасалышы (эки же андан ашык сөздөрдүн туруктуу айкашынан туруп, маанилик бир бүтүндүк түзүлүшү) | 2 саат |
| 44 | Татаал сөздөр, алардын мүнөздүү белгилери | 1 саат |
| 45 | Татаал сөздүн түрлөрү: кош сөздөр, кошмок сөздөр, кыскартылган сөздөр, алардын жазылышы | 3 саат |
| 46 | Сөздүн лексикалык-семантикалык жол аркылуу жасалышы, бир эле сөздүн маанилик жактан өнүгүшүнүн натыйжасында ар түрдүү | 2 саат |

| | | |
|---|---|---|
| | маанилерде колдонулушу (борбор ордо оюнунун ортосу; борбор-административдик пункт жайгашкан шаар, кыштак) | |
| 47 | Сөз жасоонун жолдору боюнча талдоо | 1 саат |
| 48 | Кыргыз орфографиясынын негизги эрежелери: сөздөрдү жана сөз мүчөлөрүн жазуунун эрежелери; сөздү бирге, бөлөк жана дефис аркылуу жазуунун эрежелери; баш тамгаларды жазуунун эрежелери; сөздөрдү ташымалдап жазуунун эрежелери | 3 саат |
| 49 | Кеп маданияты, сөздөрдүн синтаксистик жол менен жасалышында татаал сөздүн кайсы түрү пайдаланылганын ажырата билүү; алардын текстте колдонулушундагы өзгөчөлүктөрдү байкоо. Сөздүн семантикалык жол аркылуу жасалышында сөздө көп маанилүүлүк жана өтмө маанилердин пайда болушу. Сөздүн орфографиялык эрежелердин негизинде туура жазууга үйрөнүү | 1 саат |
| 50 | Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары | 3 саат |
| 51 | Сөз жасоо жана орфография боюнча талдоо | 1 саат |
| | **Морфология, орфография жана кеп маданияты (8 саат)** | |
| 52 | Зат атоочтун жөндөмөлөр менен өзгөрүшү (башталгыч класстарда өтүлгөн материалдарды эске түшүрүү). Жөндөмөлөрдүн маанилери жана суроолору | 1 саат |
| 53 | Зат атоочтун жөндөлүш типтери: Таандык мүчөсүз зат атоочтун жөндөлүшү жана андагы мүчөлөрдүн тыбыштык өзгөрүүлөрү; Таандык мүчө уланып турган ат атоочтун жөндөлүшү | 1 саат |
| 54 | I жактын жекелик, көптүк сандагы таандык мүчөлөрү уланып турган сөздүн жөндөлүшү. II жактын жекелик, көптүк сандагы таандык мүчөлөрү (жайынча, сылык) уланып турган сөздүн жөндөлүшү. III жактын таандык мүчөсү жана жалпы таандык –ныкы мүчөсү жалганып турган сөздөрдүн жөндөлүшү | 2 саат |
| 55 | Аягы ск, фт, кт, нк, мн, нд, нг менен бүткөн сөздөрдүн жөндөлүшү | 1 саат |
| 56 | Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары | 2 саат |
| 57 | Зат атооч жана анын категориялары боюнча талдоо | 1 саат |
| | **Сын атооч жана кеп маданияты (10 саат)** | |
| 58 | Сын атоочтун даражалары: жай даража, салыштырма даража, басаңдатма даража, күчөтмө даража | 3 саат |
| 59 | Сын атоочтун түрлөрү: сапаттык жана катыштык сын атооч | 1 саат |
| 60 | Сын атоочтун заттык мааниде колдонулушу жана анын синтаксистик кызматы. Сын атоочтун жазылышы | 1 саат |
| 61 | Кеп маданияты. Сын атоочтун даражаларыны маанилерин бири-биринен так ажыратуу жана алардын көркөм сүрөттөөлөрдө (өз алдынча чакан текст түзүүдө, чакан аңгеме, сүрөттөмө жазууда) ыктуу колдоно билүү; салыштырма даражаны уюштуруучу чыгыш жөндөмөсүнүн –ыраак мүчөсүнүн маанилик жактан окшош, айырмалуу жактарын ажырата билүү жана текст түзүүдө же оозеки пикир алышууда аларды иргеп колдоно билүүгө үйрөнүү. Сын атоочтор затташканда, бир эле мезгилде өзү аныктап турган заттык маанини да, сапаттык же ар кандай сандык маанини да билдирерин түшүнүү; сын атоочтордун заттанышы белгилүү бир максатка негизделерин, ойду кыска, так берүү үчүн кээде аныкталгыч сөз | 1 саат |

| | | |
|---|---|---|
| | мурунку сүйлөмдө белгилүү болуп турса, аны кийинки сүйлөмдө кайталабас үчүн атайын стилдик максатта колдонуларын түшүнүү | |
| 62 | Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары | 3 саат |
| 63 | Сын атооч боюнча талдоо | 1 саат |
| | **Сан атооч жана кеп маданияты (16 саат)** | |
| 64 | Сан атоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү: лексикалык маанилери, морфологиялык белгилери, синтаксистик кызматы. Сан атоочтун грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү: жөнөкөй жана татаал сан атооч | 1 саат |
| 65 | Жөнөкөй сан атоочтун жасалышына карай бөлүнүшү: тубаса жана туунду | 1 саат |
| 66 | Туунду сан атоочтун морфологиялык жол менен жасалышы | 1 саат |
| 67 | Татаал сан атоочтун синтаксистик жол менен жасалышы | 1 саат |
| 68 | Сан атоочтун маанилерине карай бөлүнүшү: эсептик сан атооч, анын түрлөрү (жөнөкөй, татаал) | 1 саат |
| 69 | Иреттик сан атооч, анын жасалышы | 1 саат |
| 70 | Жамдама сан атооч, анын жасалышы | 1 саат |
| 71 | Чамалама сан атооч, анын жасалышы | 1 саат |
| 72 | Бөлчөк сан атооч, анын жасалышы | 1 саат |
| 73 | Эсептик жана жамдама сан атоочтордун жөндөлүшү | 1 саат |
| 74 | Сан атоочтун жазылышы | 1 саат |
| 75 | Кеп маданияты. Сан атоочтун тике жана өтмө маанилерде колдонулушундагы өзгөчөлүктөр. Анын өтмө мааниде жана затташкан түрдө колдонулушундагы өзгөчөлүктөр. Анын өтмө мааниде жана затташкан түрдө колдонулушундагы стилдик зарылчылыкты түшүнүү | 1 саат |
| 76 | Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары | 3 саат |
| 77 | Сан атооч боюнча талдоо | 1 саат |
| | **Ат атооч жана кеп маданияты (13 саат)** | |
| 78 | Ат атоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү: лексикалык маанилери, синтаксистик кызматы. Ат атоочтун грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү: жөнөкөй жана татаал ат атооч | 1 саат |
| 79 | Ат атоочтун маанисине карай бөлүнүшү: жактама ат атооч | 1 саат |
| 80 | Сурама ат атооч | 1 саат |
| 81 | Шилтеме ат атооч | 1 саат |
| 82 | Тангыч ат атооч | 1 саат |
| 83 | Аныктама ат атооч | 1 саат |
| 84 | Белгисиз ат атооч | 1 саат |
| 85 | Ат атоочтун жөндөлүшү, андагы өзгөчөлүктөр. Ат атоочтун жазылышы | 1 саат |
| 86 | Кеп маданияты. Бир сүйлөм ичинде же катар келген сүйлөмдөрдө бир эле сөздөрдү же сөз айкашын кайталоо стилдик нормага туура келбейт. Ошондуктан ошол сөз же сөз айкашын III жактагы ат атооч (ал) менен маанилик байланышын бузбастан туура алмаштырып колдоно билүү. Аныктама жана белгилүү ат атоочтордун | 1 саат |

| | | |
|---|---|---|
| | айырмачылыктарын ич ара маанилеш экендигин түшүндүрүү жана аларды керек учурда алмаштырып колдонууга үйрөнүү (бүтүн, бүткүл, баары, кээ бир кайсы бир кай бир) | |
| 87 | Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары | 3 саат |
| 88 | Ат атооч боюнча талдоо | 1 саат |
| | **Этиш жана кеп маданияты (19 саат)** | |
| 89 | Этиштин ыңгайлары. Этиштин ыңгайлары жөнүндө жалпы маалымат | 1 саат |
| 90 | Баяндагыч ыңгай, анын үч чактын нормасында турушу | 1 саат |
| 91 | Буйрук ыңгай, анын жасалышы: уңгу этиштерден турган буйрук ыңгай | 1 саат |
| 92 | Мүчөлөр аркылуу жасалган буйрук ыңгай *(-гын, -ыңыз, -гыла, -сын мүчөлөрү аркылуу)* | 1 саат |
| 93 | Шарттуу ыңгай | 1 саат |
| 94 | Каалоо-тилек ыңгай | 1 саат |
| 95 | Максат-ниет ыңгай. Анын жакталышы | 1 саат |
| 96 | Этиштин мамилелери. Этиштин мамилелери жөнүндө түшүнүк | 1 саат |
| 97 | Этиштин мамилелеринин түрлөрү: негизги мамиле, анын үч чактын нормасында турушу | 1 саат |
| 98 | Кош мамиле | 1 саат |
| 99 | Өздүк мамиле | 1 саат |
| 100 | Туюк мамиле | 1 саат |
| 101 | Аркылуу мамиле | 1 саат |
| 102 | *Кеп маданияты.* Буйрук ыңгайдын расмий-иштиктүү стилде колдонулушунун мүнөздүүлүгү. Буйрук ыңгайдын II жак, жекелик санда түрдүү жолдор аркылуу туюндурулушунун *(бар-баргын – баргының-барчы)* өздөштүрүү жана алардын сүйлөмдө айтылып жаткан ойдун жалпы мазмунун интонацияга карап, бардык учурда эле буйрук мааниде эмес, башка ар түрдүү модалдык маанилерди туюндурарын билүү жана колдоно алуу. Буйрук ыңгай менен этиштин мамилелеринин айрым бир учурларда модалдык буйругу маанилери боюнча окшошуп калаарын жана кыймыл-аракеттин аткарылышы боюнча маанилик айырмачылыктарын байкоо жана колдоно билүү *(жет: жеткир-жеткин; кет: кетир-кеткин; жат: жаткыр-жаткыз, жаткын)* | 1 саат |
| 103 | Аркылуу, өздүк, туюк мамилелер менен жекелик сандагы экинчи жактагы буйрук ыңгайды уюштуруучу мүчөлөрдүн алардан кийин жалганышындагы маанилик окшоштугун жана модалдык маанилеринин айырмачылыктарын түшүнүү жана аларды айтылып жаткан ойдун кырдаалына карата туура колдоно билүү (*өткөр-өткөргүн; өткөз-өткөзгүн; өткөрөт-өткөрткүн; бөлүн-бөлүнгүн; жазыл-жазылгын)* | 1 саат |
| 104 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 3 саат |
| 105 | *Этиш боюнча талдоо* | 1 саат |
| | **6-класста өтүлгөн материалдарды бекемдөө жана бышыктоо (4 саат)** | |
| 106 | Сөздүн түрлөрүн (диалектилик, кесиптик сөздөрдүн, архаизмдин, неологизмдин) лексикалык табиятын эске алуу. Көнүгүү үчүн | 1 саат |

| | | |
|---|---|---|
| | берилген тексттерден аларды туура ажыратуу; Көнүгүүлөрдөгү сөздөрдүн сөз жасоонун кайсы жолу аркылуу жасалганын аныктоо; жоопторду мисалдар аркылуу бекемдөө | |
| 107 | Зат атоочтун жөндөлүшүнүн үч тибинин өз ара айырмачылыктары; Сан атоочтордун грамматикалык түзүлүшүнө карай жасалышына (жөнөкөй жана татаал, туунду жана тубаса) карай бөлүнүшү; туунду жана татаал сан атоочтордун жасалышы; сан атоочтордун манилик түрлөрү, алардын жасалышы (көнүгүүлөрдү бышыктоо); Ат атоочтун маанилик түрлөрү | 1 саат |
| 108 | Этиштин ыңгайлары, аларды уютуруучу мүчөлөр. Этиштин мамилелери, аларды уютуруучу мүчөлөр | 1 саат |
| 109 | Орфография, анын принциптери менен эрежелеринин бардык түрлөрүн камтыган көнүгүүлөр менен иштөө | 1 саат |

## 7-КЛАСС
## (жумасына 3 сааттан, жыл боюнча 102 саат)

| № | ТЕМАЛАРЫ | сааты |
|---|---|---|
| 1 | **Кыргыз адабий тили тууралуу түшүнүк** | **1 саат** |
| 2 | **6-класста алган билимдерин эске салуу жана бышыктоо** | 4 саат |
| 3 | Лексика, фразеология. Лексиканын түрлөрүнүн (диалектилик, кесиптик сөздөр, архаизмдер, неологизмдер, терминдер) ар бирине мүнөздүү болгон лексикалык-семантикалык белгилери, колдонуш чөйрөлөрү | 1 саат |
| 4 | Фразеолгизмдердин маанилик жактан сөзгө эквиваленттүүлүгү, кепте көркөм каражат катары колдонулушу | 1 саат |
| 5 | Сөз жасоонун жана алардын ар бирине мүнөздүү болгон белгилер. Татаал сөздүн түрлөрү жана алардын жазылышы | 1 саат |
| 6 | Зат атоочтун (түрлөрүнүн) жөндөлүшүнүн түрлөрү, алардын өз ара айырмачылыктары. Ат атооч, ат атоочтун сөз түркүмү катары ар бирине мүнөздүү болгон белгилери, өз ара маанилик жактан бөлүнүшү. Этиштин ыңгайлары жана мамилелери, алардын жазылышы, грамматикалык маанилери | 1 саат |
| | **Байланыштуу кеп (26 саат)** | |
| 7 | **Текст.** Тексттин темасы, анын бөлүнүшү (кеңейтип кайталоо) | 1 саат |
| 8 | *Тексттин маанилик бүтүндүгү*. Тексттин бөлүктөрү: тексттеги ойдун башталышы, өнүгүшү, аякташы (кайталоо) | 1 саат |
| 9 | Тексттеги сүйлөмдөрдү байланыштыруучу тышкы тил каражаттары (сөздөрдүн кайталанышы, 3 жактагы жактама, шилтеме ат атоочтор, синоним жана антоним сөздөр, тектеш аталуулар) | 2 саат |
| 10 | Орундуу кайталоо, анын зарылдыгы | 1 саат |
| 11 | Орунсуз кайталоо, аны четтетүүнүн жолдору | 1саат |
| 12 | Текст боюнча машыгуу иштери | 3 саат |
| 13 | **Кептин түрлөрү.** Баяндоо, сүрөттөө (айлана-чөйрөнү) (кайталоо) | 1 саат |
| 14 | Ал-абалды сүрөтөө (адамды, айбанды) | 1 саат |
| 15 | Ой жүгүртүүнүн мүнөздүү белгилери | 1 саат |
| 16 | ***Кептин түрлөрү боюнча машыгуу иштери*** | 3 саат |
| 17 | **Кептин стилдери.** Көркөм стилге мүнөздүү тил каражаттары (кайталоо) | 1 саат |
| 18 | Илимий стиль, анын мүнөздүү белгилери: колдонулуш чөйрөсү, колдонулуш тил каражаттары (лексикалык, морфологиялык, | 2 саат |

| | | |
|---|---|---|
| | синтаксистик) | |
| 19 | Публицистикалык стиль тууралуу жалпы түшүнүк | 1 саат |
| 20 | Расмий эмес иш кагаздары. Өмүр баян | 1 саат |
| 21 | Мүнөздөмө | 1 саат |
| 22 | Аннотация | 1 саат |
| 23 | Түшүнүк кат | 1 саат |
| 24 | ***Кептин стилдери боюнча машыгуу иштери*** | 3 саат |
| | **Морфология, орфография жана кеп маданияты. Тактооч (12 саат)** | |
| 25 | Тактоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү: лексикалык маанилери, морфологиялык белгилери, синтаксистик кызматы | 1 саат |
| 26 | Тактоочтун грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү: тубаса жана туунду тактоочтор. Туунду тактоочтун морфологиялык жана синтаксистик жол менен жасалышы | 1 саат |
| 27 | Тактоочтун маанисине карай бөлүнүшү: мезгил тактооч | 1 саат |
| 28 | Орун тактооч | 1 саат |
| 29 | Сын-сыпат тактооч | 1 саат |
| 30 | Сан-өлчөм тактооч | 1 саат |
| 31 | Тактоочтордун жазылышы | 1 саат |
| 32 | *Кеп маданияты*. Кош сөз түрүндөгү тактоочтордун маанилик ар түрдүүлүгү жана алар тиешелүү болуп келген сөздөрдүн маанилерин конкреттештирүү, тактоо үчүн колдонулушу. Айрым жөнөкөй тактооч менен кош сөз түрүндөгү тактоочтордогу синонимдештикти жана маанилик (стилдик) айырмачылыктарды ажыратуу; алардын колдонулушунун стилдик өзгөчөлүктөрү *(аста-секин, жайды-жайлай-жайлата, өп-чап-араң, күндө-күндө-кун сайын)* | 1 саат |
| 33 | Тактоочтук мааниде колдонулган фразеологиялык бирдиктерди көркөм каражат катары ыктуу колдонуу. Тактоочтук маанидеги фразеологиялык бирдиктер менен жөнөкөй жана татаал тактоочтордун синонимдештиги. Ар кандай текст түзүүдө алардын синонимдештигин эске алуу жана ар бир конкреттүү учурда ылайыктуусун иргеп колдонуу | 1 саат |
| 34 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 2 саат |
| 35 | *Тактоочтор боюнча талдоо* | 1саат |
| | **Тууранды сө здө р (8 саат)** | |
| 36 | Тууранды сөздөрдүн сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү: лексикалык маанилери, морфологиялык белгилери, синтаксистик кызматы | 1 саат |
| 37 | Тууранды сөздөрдүн түзүлүшүнө карай бөлүнүшү: жөнөкөй тууранды сөздөр (алардын *эт, де* деген жардамчы этиштер менен айкалышы), татаал тууранды сөздөр (*кыйкылдап-чыйкылдап, эпилдеп-жепилдеп*), эки компоненттин бирөө маани бербей турган сөздөр (*шак-шук; шарп-шурп)*, эки компоненттин экөө тең маани бербей турган сөздөр *(жал-жал, мөл-мөл, дыр-дыр)* | 1 саат |
| 38 | Тууранды сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшү: табыш тууранды сөздөр, элес тууранды сөздөр. Тууранды сөздөрдүн жазылышы | 2 саат |
| 39 | *Кеп маданияты*. Тууранды сөздөрдүн кептин көркөм жана оозеки стилдеринде мүнөздүүлүгү; алардын образдуулугу; текстке коохдук, ачыктык, тактык киргизиши; айлана-чөйрөнүн, ар кандай көрүнүштөрдүн, жаратылыштык кубулуштардын, жан-жаныбарлардын жана адамдардын ар түрдүү касиетин, үндүк жана өтө ар түрдүү | 1 саат |

| | | |
|---|---|---|
| | кыймыл-аракеттик белгилерин образдуу, элестүү берүү үчүн атайы стилдик каражат катары колдонуларын өздөштүрүү; көркөм текст түзүүдө сүрөттөөнүн эң кеңири тараган ыкмасы катары тууранды сөздөрдү ыктуу колдоно билүүгө үйрөнүү | |
| 40 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 2 саат |
| 41 | *Тууранды сөздөр боюнча талдоо* | 1 саат |
| | **Сырдык сө здө р (7 саат)** | |
| 42 | Сырдык сөздөрдүн лексикалык жана грамматикалык мүнөздөмөсү. Сырдык сөздөрдүн айтылышындагы интонациялык өзгөчөлүктөр | 1 саат |
| 43 | Сырдык сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшү: ички сезимди билдирген сырдык сөздөр, айбандарга карата колдонулуучу сырдык сөздөр, турмуш-тиричилигинде колдонулуучу сырдык сөздөр. Сырдык сөздөрдүн жазылышы жана колдонулуучу тыныш белгилер | 2 саат |
| 44 | *Кеп маданияты*. Сырдык сөздөрдүн мүнөздүү түрдө сүйлөшүү стили менен көркөм стилде колдонулушу. Ички сезимди билдирген сырдык сөздөрдүн көп маанилүүлүгү; алардын ар бири конкреттүү учурда кандай мааниде колдонулгандыгы (модалдык маанилери) интонация менен контекстке байланыштуу аныктамалары. Сырдык сөздөр катышкан сүйлөмдөрдүн модалдык мааанилеринин түшүнүктүүлүгүн, көркөмдүгүн арттыруу үчүн аларды интонациялык жактан туура окуу | 1 саат |
| 45 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары 2с.* | 2 саат |
| 46 | *Сырдык сөздөр боюнча талдоо 1с.* | 1 саат |
| | **Этиштин ө згө чө  формалары (17 саат)** | |
| 47 | Этиштин өзгөчө формалары жөнүндө түшүнүк. Атоочтуктар. Атоочтуктардын маанилери лексикалык маанилери, грамматикалык белгилери, синтаксистик кызматы жана айырмачылыктары 1с. | 1 саат |
| 48 | Атоочтуктардын этишке, сын атоочко окшоштуктары. Атоочтуктарды уюштуруучу мүчөлөр жана алардын грамматикалык маанилери 1с. | 3 саат |
| 49 | Атоочтуктардын заттык мааниде колдонулушу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрүшү. Атоочтук түрмөк жөнүндө кыскача түшүнүк | 2 саат |
| 50 | *Кеп маданияты*. Атоочтуктардын заттанышы бир эле сөзгө көп маанинин берилишине, сөздүн кайталанышына жол бербөөгө негизделерин өздөштүрүү | 1 саат |
| 51 | *Чакчылдар*. Алардын маанилери, грамматикалык белгилери, синтаксистик кызматы. Чакчылдардын тактоочко окшоштуктары жана айырмачылыктары | 1 саат |
| 52 | Чакчылдарды уюштуруучу мүчөлөр. Нагыз чакчылдар жана татаал этишти уюштуруучу чакчылдар, алардын маанилик жана грамматикалык өзгөчөлүктөрү. Чакчыл түрмөк жөнүндө түшүнүк | 2 саат |
| 53 | *Кеп маданияты*. Чакчылдардын нагыз чакчыл катары негизги кыймыл-аракеттин ар түрдүү процессуалдык белгилери боюнча аныкталган учур менен этиштин тутумунда негизги этиш катары кадыресе кыймыл-аракеттик гана мааниде колдонулган учурларын ажырата билүү *(алар жүрүп отурушту – негизги этиш; алар жайланып отурушту – нагыз чакчыл*) | 1 саат |
| 54 | Чакчылдарды уюштуруучу айрым мүчөлөрдүн кыймыл-аракеттин аткарылышындагы маанилик өзгөчөлүктөрдүн *(карап калды-карай калды- карай отурду)* ажыратуу жана аларды айтылуучу ойдун кырдаалына карата колдоно билүү. Кош сөз түрүндө чакчылдар менен жөнөкөй чакчылдардын колдонушундагы *(колду кыса кармады – колду* | 1 саат |

| | | |
|---|---|---|
| | *кыса-кыса кармады; тээп алды – тээп-тээп алды*) маанилик өзгөчөлүктөрдү ажырата билүү | |
| 55 | *Кыймыл атоочтор*, алардын маанилери жана грамматикалык белгилери, синтаксистик кызматы | 1 саат |
| 56 | Кыймыл атоочтордун зат атоочко окшоштуктары жана айырмачылыктары. Кыймыл атоочторду уюштуруучу мүчөлөр | 1 саат |
| 57 | *Кеп маданияты*. Кыймыл атоочтордун кептин расмий-иштиктүү стилине көбүрөөк мүнөздүүлүгү; зат атооч менен грамматикалык маанилери боюнча карым-катышы; жатыш жондөмөсүнүн кыймыл атоочтор менен учур чак этиштин өз ара маанилештиги (синонимдештиги) жана аларды колдонуудагы модалдык маанилери боюнча айырмачылыктары | 1 саат |
| 58 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 3 саат |
| 59 | *Этиштин өзгөчө формалары боюнча талдоо* | 1 саат |
| | **Кызматчы сө здө р жана кеп маданияты (22 саат)** | |
| 60 | Кызматчы сөздөрдүн маани бербөөчү сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү, алардын түрлөрү. Жандоочтордун кызматчы сөз катары негизги касиети | 1 саат |
| 61 | Жандоочтордун бөлүнүшү: атооч, барыш, табыш, жатыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айкашуусу | 1 саат |
| 62 | *Кеп маданияты*. Жандоочтордун маанилик табияты менен жакшы таанышуу аркылуу алардын өз ара синонимдеш экендиги (көздөп-карап, башка-бөлөк, кийин-соң, чейин-дейре) өздөштүрүү жана оозеки, жазуу кептеринде колдоно билүү. Ошондой эле жандоочтор менен айрым жөндөмө мүчөлөрдүн синонимдештигин, биринин экинчисинин ордуна колдонула берерин, бирок айрым бир модалдык мааниси боюнча айырмаланарын өздөштүрүү жана аларды айтылып жаткан ойго крата ыктуу колдоно билүү *(сага келдим – сен үчун келдим, үйүнө кетти – үйүн көздөй кетти ж.б.)* | 1 саат |
| 63 | *Байламталар*, алардын кызматчы сөз катары негизги касиети | 1 саат |
| 64 | Байламталардын бөлүнүшү: каршылагыч байламталар | 1 саат |
| 65 | Ажыраткыч байламталар | 1 саат |
| 66 | Себеп-натыйжалаш байламталар | 1 саат |
| 67 | Шарттуу байламталар | 2 саат |
| 68 | Байламталарга коюлуучу тыныш белгилер | 1 саат |
| 69 | *Кеп маданияты*. Байламталардын грамматикалык жана маанилик табиятын өздөштүрүү аркылуу байламталар катышкан бир өңчөй мүчөлүү сүйлөмдү жана татаал сүйлөмдү туура түзө билүү, байламталардын өз ара синонимдеш экендигин, биринин ордуна экинчисинин колдонулуш мүмкүнчүлүгүн түшүнүү жана оозеки, жазуу кепте туура колдоно алуу, татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн байламталар аркылуу байланышы менен алардын түшүрүлүп айтылышындагы маанилик (стилдик) өзгөчөлүктөрдү ажыратуу | 3 саат |
| 70 | *Бөлүкчөлөр*, алардын негизги касиети. Бөлүкчөлөрдүн бөлүнүшү: чектеме жана күчөтмө бөлүкчөлөр | 1 саат |
| 71 | Ырастагыч жана тангыч бөлүкчөлөр | 1 саат |

| | | |
|---|---|---|
| 72 | Сурама жана божомолдогуч бөлүкчөлөр | 1 саат |
| 73 | *Кеп маданияты*. Бөлүкчөлөрдүн оозеки жана көркөм стилдерге мүнөздүүлүгү; бөлүкчөлөрдүн сүйлөмдө колдонулуш орду, маанилик ар түрдүүлүгү, өздөрү тиешелүү болуп келген сөздүн, сөз айкашынын жана сүйлөмдүн маанилерин конкреттештирүү, тактоо алардын маанилик айкындыгын арттыруу максатында модалдык-стилистикалык ийкемдүү каражат катары бөлүкчөлөрдү туура колдонуу, бөлүкчөлөрдүн кеп маанилүүлүгүн жана өз ара синонимдештигин туура пайдалануу аркылуу түзүп жаткан тексттин көркөмдүгүн, маанилик жактан ачык айкындыгын арттыруу | 1 саат |
| 74 | *Модал сөздөр*, алардын грамматикалык табияты. Модал сөздөрдүн бөлүнүшү: ойду бекемдөө, ырастоо, макул болуу маанисиндеги модал сөздөр | 1 саат |
| 75 | Күмөндүүлүк жана божомолдоо маанисиндеги модал сөздөр | 1 саат |
| 76 | Модал сөздөргө коюлуучу тыныш белгилер | 1 саат |
| 77 | *Кеп маданияты*. Модал сөздөрдүн кептин кайсы стилдерне мүнөздүү экендигин аныктоо; модал сөздөр катышкан тексттерден алардын кандай мааниде колдонулгандыгын ажыратуу; модал сөздөрдүн өз ара синонимдештиги; модал сөздөр катышкан сүйлөмдөрдөгү жана алар катышпаган ошол эле сүйлөмдөрдөгү ойдун берилиш өзгөчөлүктөрүнө байкоо жүргүзүү | 1 саат |
| 78 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 3 саат |
| 79 | *Кызматчы сөз түркүмдөрү боюнча талдоо* | 1 саат |
| | **Жыл боюнча өтүлгөн материалдарды бекемдөө жана бышыктоо (5 саат)** | |
| 80 | Тактоочтордун грамматикалык түзүлүшүнө жана жасалышына карата бөлүнүшү, туунду жана татаал тактоочтордун жасалуу жолдору. | 1 саат |
| 81 | Тактоочтордун маанилик түрлөрү | 1 саат |
| 82 | Тууранды сөздөрдүн маанилик түрлөрү жана алардын жазылышы | 1 саат |
| 83 | Этиштин өзгөчө түрлөрүнүн ар бирине тиешелүү уюштуруучу мүчөлөрү; синтаксистик аткарган кызматтары | 1 саат |
| 84 | Кызматчы сөз түркүмдөрү, алардын ар биринин грамматикалык жактан аткарган кызматтары | 1 саат |
| 85 | Сырдык сөздөрдүн интонациялык-модалдык маанилери боюнча бөтөнчөлүктөрү | 1 саат |

## 8-КЛАСС
**(жумасына 3 сааттан, жыл боюнча 102 саат)**

| № | ТЕМАЛАРЫ | сааты |
|---|---|---|
| 1 | **Кыргыз адабий тилинин жергиликтүү диалектилер менен карым-катышы** | **1 саат** |
| | **5-7-класста өтүлгөн материалдарды системалаштыруу жана жалпылоо (4 саат)** | |
| 2 | *Фонетика, орфоэпия жана орфография.* Тыбыштар, алардын үндүү, үнсүз болуп бөлүнүшү; үндүү тыбыштардын бөлүнүшү; үнсүз тыбыштардын бөлүнүшү. Орфографиянын принциптери; орфоэпия жана орфографиянын негизги эрежелери | 1 саат |
| 3 | *Лексика, лексикология, семасиология.* Сөз жана алардын маанилери | 1 саат |

| | | |
|---|---|---|
| | (сөздүн лексикалык, грамматикалык жана көп маанилүүлүгү; сөздүн тике жана өтмө маанилери, сөздүн эмоционалдык мааниси). Колдонулуш жагынан чектелген сөздөр, алардын түрлөрү (диалектилик жана кесиптик сөздөр; эскирген жана жаңы сөздөр, терминдер), ар биринин лексико-семантикалык маанилери, колдонуш чөйрөлөрү | |
| 4 | *Сөздүн курамдык бөлүктөрү*, сөз жасоонун жолдору. Уңгу жана мүчө, алардын мүнөздүү белгилери. Мүчөнүн түрлөрү (сөз жасоочу, сөз өзгөртүүчү), алардын өзгөчөлүктөрү. Сөз жасоонун морфологиялык, синтаксистик жана лексико-семантикалык жолдору, алардын ар биринин сөз жасоодогу мүнөздүү белгилери. | 1 саат |
| 5 | *Сөз түркүмдөрү*, алардын маани берүүчү жана кызматчы сөз түркүмү болуп бөлүнүшү. Зат атооч жана анын категориялары (жөндөмө, таандык, сан). Этиш жана анын категориялары (жак, чак, ыңгай, мамиле). Сөз түркүмдөрү боюнча практикалык иштер, көнүгүүлөр, талдоолор, жазуу жумуштары | 1 саат |
| | **Байланыштуу кеп (26 саат)** | |
| 6 | **Текст.** Тексттин түрлөрү, тексттеги абзац, микротема (тереңдтип кайталоо) | 1 саат |
| 7 | Тема менен негизги ойдун сүйлөмдөгү орун тартиби түз жана өзгөргөн, терс экспрессивдүү орун тартиби | 1 саат |
| 8 | Тексттеги сүйлөмдөрдүн өз ара ички маанилик байланышуу жолдору (уланма байланыш, темалар аралык байланыш, удаалаш байланыш) | 2 саат |
| 9 | Тексттеги сүйлөмдөрдүн байланыштыруучу тил каражаттары | 1 саат |
| 10 | ***Текст боюнча машыгуу иштери*** | 3 саат |
| 11 | **Кептин түрлөрү.** Сүрөттөөнүн объектилери: жандуу, жансыз заттар, орун, айлана-чөйрө, ал-абал (кайталоо) | 1 саат |
| 12 | Ой жүгүртүүнүн структурасы: тезис, далилдер, тыянак, аларды байланыштыруучу каражаттар | 2 саат |
| 13 | Ой жүгүртүүнүн баяндоодон жана сүрөттөдөн болгон айырмачылыгы | 1 саат |
| 14 | ***Кептин түрлөрү боюнча машыгуу иштери*** | 2 саат |
| 15 | **Кептин стилдери.** *Илимий стилге* мүнөздүү тил каражаттары жана андагы кептин берилиш өзгөчөлүгү (кайталоо) | 1 саат |
| 16 | *Публицистикалык стиль:* колдонулуш чөйрөлөрү, колдонулуш милдеттери, кептин берилиш өзгөчөлүктөрү, колдонулуш тил каражаттары (лексикалык, морфологиялык, синтаксистик) | 2 саат |
| 17 | Публицистикалык стилде аткарылуучу иштерге мүнөздөмө. Макала (дубал газетага) | 1 саат |
| 18 | Макала (дубал газетага) | 1 саат |
| 19 | Газеттик жана журналдык кабарлар | 1 саат |
| 20 | Жаңылыктар | 1 саат |
| 21 | *Расмий иш кагаздары*. Токтом (жыйналыш) | 1 саат |
| 22 | Отчет | 1 саат |
| 23 | Иш план | 1 саат |
| 24 | ***Кептин стилдери боюнча машыгуу иштери*** | 2 саат |
| | **Синтаксис, пунктуация жана кеп маданияты.**<br>**Сө з айкашынын синтаксиси жана кеп маданияты (7 саат)** | |
| 25 | Сөз айкашы, анын мүнөздүү белгилери. Сөз айкашынын түрлөрү: атоочтук, этиштик сөз айкаштары | 1 саат |
| | Сүйлөмдөгү сөздөрдүн байланышуу жолдору: тең байланыш жана багыныңкы байланыш | 1 саат |

| | | |
|---|---|---|
| 26 | Баш мүчөлөрдүн ортосундагы ээрчишүү байланышы. Сүйлөм мүчөлөрдүн ортосундагы багыныңкы байланыштар: ыкташуу, башкаруу, таандык | 1 саат |
| 27 | *Кеп маданияты*. Сүйлөмдөгү сөздөрдүн маанилик жана грамматикалык каражаттар аркылуу байланышын адабий нормада туура түзүү. Чыгыш жөндөмөсүндөгү сын жана сан атоочтун айкашынан уюшулган салыштырма даражанын өз ара синонимдештигин жана андагы сапаттык белгинин салыштырылышындагы маанилик өзгөчөлүгүн ажырата билүү *(өрүк алмадан таттуу, өрүк алмадан таттуураак*). Таандык байланышындагы сөз айкашында аны уюштуруучу илик жөндөмө формасы менен таандык таандык мүчөлөрдүн түшүрүлүп жана толук берилген учурларынын адабий-стилдик нормаларын туура сактоо | 1 саат |
| 28 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 2 саат |
| 29 | *Сөз айкашы боюнча талдоо* | 1 саат |
| | **Жө нө кө й сүйлө мдүн синтаксиси жана кеп маданияты (9 саат)** | |
| 30 | Сүйлөм, анын негизги белгилери | 1 саат |
| 31 | Сүйлөмдүн айтылыш максаттарына карай бөлүнүшү: жай сүйлөм | 1 саат |
| 32 | Суроолуу сүйлөм, аны уюштуруучу каражаттар. Суроолуу сүйлөмдүн маанилери. Суроолуу сүйлөмдө коюлуучу тыныш белгилер | 1 саат |
| 33 | Сүйлөмдүн түзүлүшүнө карай бөлүнүшү (жөнөкөй жана татаал сүйлөм) | 1 саат |
| 34 | *Кеп маданияты*. Буйрук жана илептүү сүйлөмдүн интонациясынын жана аларды уюштуруучу каражаттардын эмоциялык, модалдык ар түрдүү кошумча маанилерди билдирүүсү. Риторикалык суроо, баяндоонун суроо-жооп формасы, кептин таасирдүүлүгү, ачык-айкындуулугун күчөтүүдө стилистикалык ыкма катары колдонулушу | 1 саат |
| 35 | Буйрук сүйлөмдүн башка модалдык түрлөрүнөн айырмаланып, кептин расмий-иштиктүү стилинде колдонулушу | 1 саат |
| 36 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 2 саат |
| 37 | *Жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксиси боюнча талдоо* | 1 саат |
| | **Жө нө кө й сүйлө мдүн түрлө рү жана кеп маданияты (12 саат)** | |
| 38 | Сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшүнө баш жана айкындооч мүчөлөрдүн катышына карай бөлүнүшү: эки тутумдуу жана бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөр | 2 саат |
| 39 | *Эки тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдүн* айкындооч мүчөлөрдүн катышышына карай бөлүнүшү: жалаң сүйлөм | 1 саат |
| 40 | Жайылма сүйлөм | 1 саат |
| 41 | *Бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөр* жөнүндө жалпы маалымат | 1 саат |
| 42 | Бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдүн түрлөрү | 1 саат |
| 43 | Атама сүйлөм (ээнин базасында уюшулган). Атама сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшү (бир сөздөн жана сөз тизмектеринен уюшулушу) | 1 саат |
| 44 | Баяндоочтун негизинде уюшулган бир тутумдуу сүйлөмдөр: жактуу сүйлөм, анын грамматикалык түзүлүшү; жаксыз сүйлөм, анын грамматикалык түзүлүшү | 1 саат |
| 45 | *Кеп маданияты*. Бир тутумдуу жана эки тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдүн коммуникативдик милдеттеринин бирдейлиги; алардын синтаксистик синоним катары колдонулушу. Бир тутумдуу | 1 саат |

| | | |
|---|---|---|
| | сүйлөмдөрдүн кептин түрлөрүндө кодонулуш өзгөчөлүктөрү; атама сүйлөмдүн кептин сүрөттөө түрүнө жана көркөм стилге мүнөздүүлүгү; алардын мезгилди, орунду, андагы буюмдарды, жан-жаныбарларды, жаратылыш кубулуштарын, айлана-чөйрөнү сүрөттөөдө негизги стилдик каражат катары колдонулушу | |
| 46 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 2 саат |
| 47 | *Жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү боюнча талдоо* | 1 саат |
| | **Кемтик сүйлөм (5 саат)** | |
| 48 | Кемтик сүйлөмдүн грамматикалык табияты жөнүндө жалпы маалымат. Контекстте кемтик сүйлөмдүн толук сүйлөм менен байланыштуулугу | 1 саат |
| 49 | Диалог жана анын түзүлүшү, тыныш белгилери | 1 саат |
| 50 | *Кеп маданияты*. Толук жана кемтик сүйлөмдүн кептин оозеки сүйлөшүү жана көркөм стилине мүнөздүүлүгү. Толук сүйлөмдүн маанисине карата кемтик сүйлөмдөрдү колдонууда грамматикалык түзүлүшү жана аны ойдун ачык, так, кыска берилиши боюнча туура түзүү | 1 саат |
| 51 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 1 саат |
| 52 | *Толук жана кемтик сүйлөм боюнча талдоо* | 1 саат |
| | **Сүйлө м мүчө лө рү жана кеп маданияты**<br>**Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү жана кеп маданияты (8 саат)** | |
| 53 | Сүйлөм мүчөлөрү, анын баш жана айкындооч мүчөлөрү жөнүндө түшүнүк | 1 саат |
| 54 | Ээ, анын грамматикалык түзүлүшү, жөнөкөй жана тутумдаш ээ. Ээнин милдетин аткаруучу сөздөр, сөз тизмектери | 1 саат |
| 55 | Сүйлөмдүн баяндоочу, анын ээге карата сан, жак боюнча ээрчиши. Баяндооч, анын грамматикалык түзүлүшү, жөнөкөй жана тутумдаш баяндоочтор | 1 саат |
| 56 | Баяндоочтун түрлөрү: атоочтук жана этиштик баяндооч. Баяндоочтун милдетин аткаруучу сөздөр, сөз тизмектери | 1 саат |
| 57 | Ээ менен баяндоочтун ортосуна сызыкчанын коюлушу | 1 саат |
| 58 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 2 саат |
| 59 | *Синтаксистик талдоо* | 1 саат |
| | **Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү жана кеп маданияты (14 саат)** | |
| 60 | *Аныктооч,* анын грамматикалык түзүлүшү: жөнөкөй жана татаал аныктоочтор. Аныктоочтун милдетин аткаруучу сөздөр, сөз тизмектери | 1 саат |
| 61 | Аныктооч менен аныкталгычтын маанилик катыштары. Аныктоочтун өзгөчө түрү – жандама мүчө | 1 саат |
| 62 | Атоочтук түрмөктүн нагыз өз маанисинде жана затташкан маанисинде аткарган аныктоочтук милдеттери | 1 саат |
| 63 | *Толуктооч,* анын грамматикалык түзүлүшү: жөнөкөй жана татаал толуктоочтор. Толуктоочтун милдетин аткаруучу сөздөр, сөз тизмектери | 1 саат |
| 64 | Толуктоочтун түрлөрү: тике жана кыйыр толуктоочтор | 1 саат |
| 65 | *Бышыктооч,* анын грамматикалык түзүлүшү: жөнөкөй жана татаал бышыктоочтор. Бышыктоочтун милдетин аткаруучу сөздөр, сөз тизмектери | 1 саат |
| 66 | Бышыктоочтун маанилик түрлөрү: мезгил жана орун бышыктооч | 1 саат |

| | | |
|---|---|---|
| 67 | Себеп жана максат бышыктооч | 1 саат |
| 68 | Сыпат жана сан-өлчөм бышыктооч | 1 саат |
| 69 | Чакчыл түрмөктүн бышыктоочтук милдетти аткарышы | 1 саат |
| 70 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 2 саат |
| 71 | *Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү боюнча талдоо* | 2 саат |
| | **Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү жана кеп маданияты (7 саат)** | |
| 72 | Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү, алардын мүнөздүү белгилери. Бир өңчөй мүчөлөрү өз ара байланышуу жолдору | 1 саат |
| 73 | Интонация жана байламталар. Бир өңчөй мүчөлөрдө коюлуучу тыныш белгилер | 1 саат |
| 74 | Бир өңчөй жана бир өңчөй эмес аныктоочтор. Бир өңчөй мүчөлөрдө колдонулган жалпылагыч сөз, анын бир өңчөй мүчөлөргө карата алган орун тартибине байланыштуу коюлуучу тыныш белгилер | 1 саат |
| 75 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 2 саат |
| 76 | *Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү боюнча талдоо* | 1 саат |
| 77 | *Кеп маданияты.* Бир өңчөй мүчөлөрдүн өз ара байламталар жана интонация аркылуу байланышындагы маанилик (стилдик) өзгөчөлүктөр. Бир өңчөй мүчөлөрдүн грамматикалык формаларынын (сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн) анын бардык түгөйүндө толук сакталышындагы жана эң акыркысынан башкасында түшүрүлүп айтылышындагы стилдик максаттарды аныктоо. Этиштик бир өңчөй баяндоочтордун түгөйлөрүнүн өз ара орун алышындагы кыймыл-аракеттин башталыш этабынан анын өнүгүү этаптарына карата колдоно билүүнүн стилдик зарылдыгы *(от тутанды, күйдү, алоолонду –* туурасы*; алоолонду, күйдү, тутанды –* туура эмеси) | 1 саат |
| | **Сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартиби жана кеп маданияты (6 саат)** | |
| 78 | Сүйлөм тутумунда сөздөрдүн көндүм болгон түз орун тартиби жана өзгөргөн терс орундары. Сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартибине таасир этүүчү факторлор (сүйлөмдүн түзүлүшү, сөздөрдүн өз ара грамматикалык байланышуу жолдору, логикалык басым ж.б.). Сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартибинин семантика-грамматикалык, стилистикалык милдети | 2 саат |
| 79 | *Кеп маданияты*. Сүйлөм ээси менен баяндоочтун толук ээрчишүүсү, айрым учурларда сан боюнча ээрчибей айтылышынын адабий нормалары. Сүйлөмдүн этиштик баяндоочунун орун тартибинин эркин колдонулушундагы стилдик бөтөнчөлүктөр. Сүйлөмдүн кыскалыгына, баяндооч аркылуу берилүүчү маанинин ачыктыгына, тактыгы стилдик нормага ылайыктуулугуна карата атоочтук баяндоочтордун колдонулушу | 1 саат |
| 80 | Аныктоочтордун кептин сүрөттөө, орун жана мезгил бышыктоочтордун баяндоо түрүнө мүнөздүүлүгү. Сүйлөмдөгү сөздөрдүн өзгөргөн терс орун тартибиндеги логикалык басымдын ролу. Логикалык басым – кептин тактыгынын, таасирдүүлүгүнүн каражаты. Сүйлөмдөгү сөздөрдүн бирин маанилик жактан бөлүп айтуу үчүн сөздөрдү өзгөртүп, терс орун тартипти колдонуу. Тике толуктоочтордун табыш жөндөмөсүнүн жалганып турушунун же көмүскөдө калышынын грамматика-стилистикалык маанилери | 1 саат |
| 81 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 2 саат |

| | | |
|---|---|---|
| | **Жыл боюнча өтүлгөн материалдарды бекемдөө жана бышыктоо (3 саат)** | |
| 82 | Багыныңкы байланыштагы сөздөрдүн өз ара байланышуу жолдору (ээрчишүү, ыкташуу, башкаруу, таандык). Сүйлөмдөрдүн баш мүчөлөрү: ээ менен баяндоочтун ортосуна сызыкчанын коюлушу | 1 саат |
| 83 | Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү. Бир тутумдуу сүйлөмдүн түрлөрү, алардын грамматикалык түзүлүшү | 1 саат |
| 84 | Толук жана кемтик сүйлөмдөр, алардын өз ара байланышы. Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү, жалпылагыч сөз, аларда коюлуучу тыныш белгилер | 1 саат |

**9-КЛАСС**
**(жумасына 2 сааттан, жыл боюнча 68 саат)**

| № | ТЕМАЛАРЫ | сааты |
|---|---|---|
| 1 | **Кыргыз тилинин түрк тилдеринин ичинен алган орду** | **1 саат** |
| | **Окуучулардын 8-класста алган билимдерин эске салуу жана бышыктоо (3 саат)** | |
| 2 | Эркин сөз айкаштарынын түрлөрү (атоочтук, этиштик): эркин сөз айкашынын, багыныңкы байланыштагы сөздөрдүн өз ара байланышуу жолдору. Сүйлөмдүн баш мүчөлөрү, алардын ар бирине мүнөздүү болгон грамматикалык белгилер; баш мүчөлөрдүн милдетин аткаруучу сөздөр | 1 саат |
| 3 | Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрүнүн ар бирине мүнөздүү болгон грамматикалык белгилери; айкындооч мүчөлөрүнүн милдетин аткаруучу сөздөр, алардын структуралык бөтөнчөлүктөрү. Бир тутумдуу сүйлөмдөр жана алардын грамматикалык түзүлүштөрү | 1 саат |
| 4 | Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү, алардагы жалпылагыч сөздөр жана аларга коюлуучу тыныш белгилер | 1 саат |
| | **Байланыштуу кеп (14 саат)** | |
| 5 | Текст, анын мүнөздүү белгилери боюнча билимдерди системалаштыруу жана жалпылаштыруу | 1 саат |
| 6 | ***Текст боюнча машыгуу иштери*** | 2 саат |
| 7 | **Кептин түрлөрү.** Кептин түрлөрү боюнча билимдерин системалаштыруу жана жалпылаштыруу | 1 саат |
| 8 | Кептин түрлөрү менен кептин стилдеринин карым-катнашы, баяндоо, сүрөттөөнүн көркөм стиль менен карым-катнашы | 1 саат |
| 9 | ***Кептин түрлөрү боюнча машыгуу иштери*** | 1 саат |
| 10 | **Кептин стилдери.** Публицистикалык стилдин башка стилдерден өзгөчөлүгү (тереңдетип, кеңейтип кайталоо) | 1 саат |
| 11 | Расмий-иштиктүү стиль, анын мүнөздүү белгилери: колдонулуш милдеттери, кептин берилиш өзгөчөлүктөрү, колдонулган тил каражаттары | 1 саат |
| 12 | Расмий эмес иш кагаздары боюнча өтүлгөндөрдү тереңдетүү жана алардын татаал түрлөрүн (мүнөздөмө, токтом, отчет) өздөштүрүү | 1 саат |
| 13 | Расмий иш кагаздары: мыйзам, указ, буйрук | 1 саат |
| 14 | Илимий стилде аткарылуучу практикалык иштерге мүнөздөмө. Тезис | 1 саат |
| 15 | Доклад | 1 саат |
| 16 | ***Кептин стилдери жана машыгуу иштери*** | 1 саат |
| | **Сүйлөмдүн обочолонгон түшүндүрмө мүчөлөрү жана кеп маданияты (5 саат)** | |

| | | |
|---|---|---|
| 17 | Сүйлөмдүн обочолонгон түшүндүрмө мүчөлөрү тууралуу түшүнүк. Обочолонгон түшүндүрмө мүчөлөрдүн айкындалгычка карата болгон маанилик катышына карата болгон маанилик катышына карай бөлүнүшү | 1 саат |
| 18 | Обочолонгон түшүндүрмө мүчөнүн түрлөрү: түшүндүрмө ээ; түшүндүрмө аныктооч; түшүндүрмө баяндооч, түшүндүрмө толуктооч, түшүндүрмө бышыктооч | 1 саат |
| 19 | *Кеп маданияты*. Обочолонгон түшүндүрмө мүчөлөрдүн кептин ар түрдүү стилдерине мүнөздүүлүгү. Алардын текстте колдонулуш зарылдыгы. Интонациялык жактан сүйлөмдүн кадыресе мүчөсү менен анын түшүндүрмө мүчөлүү келишиндеги маанилик стилдик бөтөнчөлүктөрү | 1 саат |
| 20 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 1 саат |
| 21 | *Обочолонгон түшүндүрмө мүчөлөрү боюнча талдоо* | 1 саат |
| | **Сүйлөмдө мүчө боло албаган сөздөр жана кеп маданияты (8 саат)** | |
| 22 | *Каратма сөз.* Каратма сөздүн милдетин аткаруучу сөздөр, сөз тизмектери. Каратма сөздүн мааниси. Каратма сөздүн мүнөздүү болгон грамматикалык түзүлүшү; бир сөздөн турган каратма сөздөр; сөз айкашы тибиндеги каратма сөздөр | 1 саат |
| 23 | Каратма сөздүн сүйлөмдөгү алган орду жана ага карата коюлуучу тыныш белгилер | 1 саат |
| 24 | *Киринди сөз.* Киринди сөздүн маанилери. Киринди сөздүн грамматикалык түзүлүшү: бир сөздөн турган киринди сөздөр; сөз айкашы тибиндеги киринди сөздөр; сүйлөм тибиндеги киринди сөздөр. Киринди сөздүн сүйлөмдөгү орду жана ага карата коюлуучу тыныш белгилер | 1 саат |
| 25 | *Кеп маданияты*. Каратма сөздүн сүйлөмдө ар түрдүү багытта орун алышына байланыштуу маанилерине болгон өзгөрүштөр. Каратма сөзүн сүйлөмдө кайталанып айтылышы. Сүйлөмдө мүчө боло албаган сөздөр (киринди, сырдык сөздөр) менен бирге колдонулушундагы стилдик мааниси. Стилдин ар башка түрлөрүндө каратма сөздүн колдонулуш мүнөзү (кептин эмоционалдуулугун, таасирдүүлүгүн күчөтүүдө аткарган кызматы), каратма сөздүн интонациясы | 1 саат |
| 26 | Киринди сөздүн өз ара синонимдештиги, алардын (синонимдик катарларлардын) стилдик айырмачылыктары (стилдин тигил же бул түрүнө мүнөздүү колдонулган же анын ар кандай түрлөрүндө бирдей орток колдонулган киринди сөздөр). Киринди сөздөрдүн кептин илимий стилинде активдүү колдонулушу. Киринди сөздөрдүн сүйлөмдүн мазмунуна болгон катышы, сүлөмдүн мамилесин, баамын, көз карашын жана сүйлөмдүн модалдык маанилерин билдирүүдө стилдик каражат болуп эсептелиниши. Киринди сөздөрдүн интонациясы | 1 саат |
| 27 | Сырдык сөздүн сүйлөмгө мүчө боло албаган башка сөздөрдүн (каратма, киринди сөздөрдүн) коштоосу менен айтылышы, сүйлөмдө кайталанып колдонулушу, анын стилдик мааниси. Сырдык сөздүн маанисинин сүйлөмдүн жалпы мазмунуна, анын эмоционалдык, психологиялык мүнөзүнө ылайык келиши. Сырдык сөздүн интонациясы | 1 саат |
| 28 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 1 саат |
| 29 | *Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөр боюнча талдоо жүргүзүү* | 1 саат |
| | **Синтаксистик татаал түрмө ктө р жана кеп маданияты (5 саат)** | |

| | | |
|---|---|---|
| 30 | Атоочтук түрмөк, анын грамматикалык белгилери жана түзүлүшү. Атоочтук түрмөктүн нагыз өз маанисинде турганда жана заттык маанисинде синтаксистик аткарган милдеттери | 1 саат |
| 31 | Чакчыл түрмөк. Анын грамматикалык белгилери жана түзүлүшү. Чакчыл түрмөктүн синтаксистик кызматы. Чакчыл түрмөктүн сүйлөмдөгү орду жана ага байланыштуу коюлуучу тыныш белгилер | 1 саат |
| 32 | *Кеп маданияты.* Атоочтук жана чакчыл түрмөктөрдүн, негизинен, кептин бардык стилдерге орток тиешелүүлүгү. Атоочтук менен чакчыл түрмөктөрдүн өздөрү тиешелүү болуп айтылган айкындалгычтык алда канча татаал белгилерин (сыпат, себеп, мезгил, максат ж.б.) билдирүү менен, аны (айкындалгычты) мазмундук жактан кенен образдуу сүрөттөө үчүн колдонулушу | 1 саат |
| 33 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 1 саат |
| 34 | *Синтаксистик татаал түрмөктөр боюнча талдоо* | 1 саат |
| | **Татаал сүйлө мдүн синтаксиси жана кеп маданияты**<br>**Татаал сүйлөм жана кеп маданияты (2 саат)** | |
| 35 | Татаал сүйлөм, анын грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү: тең байланыштагы татаал сүйлөм, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм, анын жөнөкөй сүйлөмдөн айырмасы | 2 саат |
| | **Тең байланыштагы татаал сүйлөм жана кеп маданияты (6 саат)** | |
| 36 | Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн түзүлүшү. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдору жана алардын түрлөрү: байламталуу жана байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөмдөр. Байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөм жана анын синтаксистик түгөйлөрүнүн маанилик катыштары | 1 саат |
| 37 | Мезгилдеш, салыштырма, каршылаш, себеп-натыйжалаш, чечме | 1 саат |
| 38 | Байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдө коюлуучу тыныш белгилер. Байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөм жана анын түгөйлөрүнүн маанилик катыштары. Байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдө коюлуучу тыныш белгилер. Байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн синонимикасы | |
| 39 | *Кеп маданияты.* Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн интонациясы. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшү. Байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн синонимикасы (маанилештиги) | 1 саат |
| 40 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 1 саат |
| 41 | *Татаал сүйлөм боюнча талдоо жүргүзүү* | 1 саат |
| | **Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлө м жана кеп маданияты (14 саат)** | |
| 42 | Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдүн синтаксистик түгөйлөрү; баш сүйлөм, багыныңкы сүйлөм. Багыныңкы сүйлөмдүн атоочтук жана чакчыл түрмөктөр менен окшоштугу, айырмасы. Баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдору. Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөргө коюлуучу тыныш белгилер | 1 саат |
| 43 | Багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү: мезгил багыныңкы сүйлөм | 1 саат |
| 44 | Орун багыныңкы сүйлөм | 1 саат |
| 45 | Шарттуу багыныңкы сүйлөм | 1 саат |

| | | |
|---|---|---|
| 46 | Карама-каршы багыныңкы сүйлөм | 1 саат |
| 47 | Сыпат, салыштырма багыныңкы сүйлөм | 1 саат |
| 48 | Себеп багыныңкы сүйлөм | 1 саат |
| 49 | Максат багыныңкы сүйлөм | 1 саат |
| 50 | Сан-өлчөм багыныңкы сүйлөм | 1 саат |
| 51 | Көп багыныңкылуу татаал сүйлөм. Көп багыныңкылуу татаал сүйлөмдөрдүн түрлөрү: бир өңчөй көп багыныңкылуу татаал сүйлөм. Бир өңчөй эмес көп багыныңкылуу татаал сүйлөм | 1 саат |
| 52 | Аралаш татаал сүйлөм, анын түзүлүшү, анда коюлуучу тыныш белгилер | 1 саат |
| 53 | *Кеп маданияты.* Стилдик максатта баш жана багыныңкы сүйлөмдөрдүн ордун өзгөртүп колдонуу. Багыныңкы сүйлөмдүн көп маанилүүлүгү. Окшош түзүлүштөгү (омонимдик) багыныңкы сүйлөмдөр (грамматикалык түзүлүштөрү бирдей, бирок синтаксистик мааниси ар башка). Баш сүйлөмдө сөз болуп жаткан нерсенин (көбүнчө сүйлөм ээсинин) маанисин чектеп көрсөтүү, ага атайын логикалык басым түшүрүп айтуу үчүн багыныңкы сүйлөмдүн баш сүйлөмдүн ортосунда колдонулушу | 1 саат |
| 54 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 1 саат |
| 55 | *Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм боюнча талдоо* | 1 саат |
| | **Тике сө з, кыйыр сө з жана кеп маданияты (4 саат)** | |
| 56 | Төл жана бөтөн сөз. Бөтөн сөздү колдонуу жолдору: тике жана кыйыр сөз. Тике сөздү кыйыр сөзгө айландыруу. Тике сөздүн цитата, диалогдо колдонулушу, алардын тыныш белгилери | 1 саат |
| 57 | *Кеп маданияты.* Төл жана бөтөн сөздүн кептин көпкөм стилине, тике сөздүн бир түрү болгон цитатанын илимий стилге мүнөздүүлүгү. Тике сөздүн төл сөздөн мурда, кийин жана анын ортосунда жайгашуусунун стилдик өзгөчөлүктөрү. Тике сөз менен кыйыр сөздөгү мазмундун берилишинин өзгөчөлүгү | 1 саат |
| 58 | *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары* | 1 саат |
| 59 | *Төл жана бөтөн сөз боюнча талдоо жүргүзүү* | 1 саат |
| | **Пунктуация (3 саат)** | |
| 60 | Жазууда тыныш белгилеринин колдонулуш мааниси жана кызматы | 1 саат |
| 61 | Тыныш белгилерди колдонуунун негизги эрежелери | 2 саат |
| | **Жыл боюнча өтүлгөн материалдарды бекемдөө жана бышыктоо (3 саат)** | |
| 62 | Сүйлөмгө мүчө боло албаган сөздөрдүн грамматикалык табияты; алардын сүйлөмдө алган ордуна карата коюлуучу тыныш белгилери; каратма жана кириндн сөздөрдүн грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү | 1 саат |
| 63 | Сүйлөмдүн обочолонгон түшүндүрмө мүчөлөрүнүн түрлөрү; алардын тыныш белгилери | 1 саат |
| 64 | Атоочтук жана чакчыл түрмөктөрдүн грамматикалык белгилери; синтаксистик кызматтары. Тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн грамматикалык түзүлүшү; байламталуу жана байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөмдө коюлуучу тыныш белгилер | 1 саат |

## 2.2. Кыргыз тили программасынын түзүлүшү, негизги мазмуну

**Программанын түзүлүшү.** Программанын структурасы дидактикалык принципке негизделип, окутуп-үйрөтүүнүн билгичтик, машыккандык ырааттуулугун сактоо менен кыргыз тилин окутуунун системалык курсу катарында төмөндөгүдөй бөлүмдөр аркылуу берилди.

1. **Ар бир класстын башталышында киришүү бөлүмү катары тил илиминин жалпы маселелерине** тиешелүү 1 сааттык көлөмдөгү темалар сунуш кылынды.
2. **Байланыштуу кеп**. Бул бөлүм бири-бирине байланыштуу болгон текст, тексттин стилдери жана тексттин түрлөрү деген негизги үч бөлүктөн турат. Алардын ар бирине тиешелүү теориялык материалдар, аларга карата практикалык жактан аткарылуучу талаптар жана ал талаптардын аткарылышына тиешелүү болгон конкреттүү материалдар берилди.
3. **Мурунку класста өтүлгөн материалдарды эске алуу жана бышыктоо**. Мында бөлүнгөн сааттын көлөмүнө жараша, мүмкүн болушунча жаңы өтүлүүчү материалдар менен байланышы жана практикалык мааниси бар деп эсептелген темалар тандалды.
4. **Ар бир класска тиешелүү системалуу курстун материалдары**. Бул бөлүмдө системалуу курста окутуп-үйрөтүүчү тармактык бөлүмдөр, ал бөлүмдөргө тиешелүү темалар, анда конкреттүү алынган класска ылайыктуу деп тандалган теориялык материалдар камтылды.
5. **Кеп маданияты.** Бул бөлүм өзүнүн мүнөзү боюнча байланыштуу кеп менен жакындыгы болгондуктан, ага түздөн-түз тиешеси бар деп эсептелген бөлүмдөргө жана темаларга берилди. Анда ошол бөлүмдүн же теманын грамматикалык, лексико-семантикалык жана стилистикалык табиятына ылайык келген кеп маданиятына тиешелүү талаптар коюлду жана сааттар бөлүндү.

Ал эми предметтер аралык байланышта ал тиешелүү болуп турган материалдан башка предметтердин тилдик каражаттары менен грамматикалык жана лексикалык белгилери, колдонуш чөйрөсү ж.б. талаптарына карата болгон байланыш-катыш мүнөзүн аныктоо талабы берилди.

Жыл аягында кайталоо үчүн материалдар көрсөтүлдү жана окуучулардын ар бир окуу жылы ичинде өтүгөн материалдар боюнча кандай билимге, машыккандыкка ээ болгондугун, ошондой эле, тилдик, кептик жана маданий компетенттүүлүктөрүн чагылдырган кыргыз тилин окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар сунуш кылынды. Мындан сырткары ар бир бөлүмдөн жана чоң темалардан кийин окуучулардын алган билимин бышыктоо жана текшерүү үчүн талдоо, үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштарын аткаруунун талаптары, чен-өлчөмдөрү көрсөтүлдү.

### 5-9-класстар үчүн кыргыз тилинин программасынын мазмуну

Кыргыз тилинин окутуу программасы байланыштуу кеп, фонетика, графика жана орфоэпия, лексика жана фразеология, сөз жасоо, морфология жана синтаксис, орфография жана пунктуация сыяктуу тилдин тармактык бөлүмдөрүнөн турат.

Тил илиминин бул бөлүмдөрү программанын негизин түзөт да, дидактикалык принципке негизделип, 5-9-класстарда системалуу курс катары өтүлөт жана өз ичинде окутуп-үйрөтүүнүн төмөнкүдөй материалдарын камтыйт.

***Тил жана коом жөнүндө жалпы маалымат.*** Бул бөлүмдөн окуучулар тилдин табияты, коомдук, социалдык мааниси, чыгышы, кыргыз адабий тили, анын диалектилер менен карым-катнашы, кыргыз тилинин түрк тилдеринин ичинен алган орду, азыркы кыргыз тили – кыргыз элинин мамлекеттик жана биримдик тили, улуттук маданияттын негизги формасы жөнүндөгү түшүнүктөрдү алышат. Бул материалдар өзүнчө темаларга бөлүнүп, ар бир класста жыл башында 1 сааттан киришүү сабагы катары окутулат.

***Байланыштуу кепти окутуунун милдеттери*:** байланыштуу кеп кыргыз тилинин теориялык материалдарын оозеки жана жазуу кебинде пайдалана билүүгө үйрөтүүчү

илимдин бир тармагы. Демек, кыргыз тилин окутууда анын практикалык негиздерин өркүндөтүү үчүн, бул маселеге өзгөчө көңүл бурулууга тийиш жана аны окутууда төмөнкүдөй милдеттер сунуш кылынат:

- окуучуларга кеп боюнча теориялык түшүнүктөргө ээ кылуу;
- окуучуларды адабий тилдин нормасында өз оюн эркин, байланыштуу айта билүүгө көнүктүрүү максатында оозеки кептик стилдик, интонациялык жана башка өзгөчөлүктөрүн билгичтик менен пайдаланууга үйрөтүү;
- текст түзүүнүн жолдорун жана ыкмаларын өздөштүрүү боюнча билгичтиктерин жана көндүмдөрүн калыптандыруу;
- текст түзүүдө анын темасын, негизги оюн аныктоого, текстке ат коюуга жана план боюнча жаза билүүгө жол көрсөтүү;
- абзац менен микротемалардын текстеги маанисин түшүнүүгө жана аларды текст түзүүдө пайдалана билүүгө жол көрсөтүү;
- текстти тигил же бул стилде түзө билүү жана ал боюнча тилдик каражаттарды туура пайдаланууга үйрөтүү, текст түзүүдө адабий тилдин нормаларын туура сактоо жөндөмдөрүн калыптандыруу;
- текст түзүүдө кептин түрлөрүн туура колдоно билүүгө багыт берүү, алардын стилдик түрлөрү менен байланышына окуучулардын көңүлүн буруу;
- текст түзүүдө сүйлөмдүн ички жана тышкы байланыштарын туура сактоого жана аны логикалык ырааттуулукта системалуу баяндоого машыктыруу;
- окуган текстти кайрадан өз сөзү, түшүнүгү боюнча эркин айта билүүгө, тиешелүү стилде текст түзүүгө үйрөтүү;
- окуучуларды иш кагаздарын аткарууга арыз, өмүр баян, отчет, иш план ж.б. жаза билүүгө машыктыруу;
- окуучуларга өздөрү түзгөн тексттерди, б.а. баяндама жана дил баяндарды, макала жана сын пикирлерди, доклад жана рефераты ж.б. кайрадан түзүүгө, оңдоого үйрөтүү;

***Кеп маданиятын окутуунун милдеттери*:** окуучулардын адабий тилдин орфоэпиялык, лексикалык, морфологиялык, синтаксистик, сөз жасоо нормаларын туура сактай алгандыгы, аларды бузбагандыгы жана орфографиялык, пунктуациялык толук сабаттуулукка ээ болгондугу менен аныкталат. Адабий тилдин нормасын өздөштүрүүдө диалектилик, говордук сөздөрдүн кепте орунсуз колдонулушуна жол бербөөгө, терминдерди жана терминдик маанидеги сөздөрдү, архаизмдерди колдонууда алардын маанилерин туура, так түшүнө билүүгө жана аларды колдонуу белгилүү бир стилдик жана башка максаттарга негизделерине үйрөтүү;

Көркөм адабияттарда, кептин сүрөттөө түрүндө сөздүн эмоционалдык, экспрессивдик жана өтмө маанилерин колдонулуш зарылдыгын, текст түзүүдө жана оозеки пикир алышууда синоним сөздөрдү ылайыгына жараша тандап, иргеп пайдалануунун стилдик ыкмаларын аныктай билүүгө машыктыруу жана ал жөнүндө билгичтигин калыптандыруу.

Кеп маданиятынын адабият сабагы менен тыгыз байланыштуулугун түшүнүү; көркөм адабияттарда тилдин көркөм каражаттарынын колдонулуш максаттарын, стилдин ар түрдүү милдеттерин аныктай алууга жана аларды талдай билүүгө көнүктүрүү.

Окуучулардын кебинин бай жана ар тараптуу болушу сөздүк жумуштарынын системалуу жүргүзүлүшү, мааниси анча так, белгилүү болбогон сөздөрдү, синонимдик катарларды, синонимдик түгөйлөрдү сөздүктөрдүн жардамы менен аныкталышы аркылуу шартталат. Демек, окуучуларды сөздүктөр менен иштөөгө үйрөтүүнүн олуттуу мааниси бар.

Программада кеп маданиятынын материалдары грамматикалык темалар менен байланыштырылып берилди. Бир катар темаларга атайын бирден сааттар ыйгарылды. Демек, бул грамматикалык материалдарды окутууда окуучулардын теориялык билим-билгичтиктерин калыптандыруу менен бирге кебинин маданиятына машыктыруу милдети да коюларын билдирет.

***Фонетика, графиканы*** өздөштүрүү аркылуу окуучулар кыргыз тилинин тыбыштык системасы, тыбыш менен тамганын өз ара карым-катнашы жөнүндө билим алышат. Тилдин тыбыштык жана маанилик жагынан ажырагыс биримдигин, фонетиканын лексика жана грамматика менен тыгыз байланышын түшүнөт; адабий тилдин орфоэпиялык, графикалык жана орфографиялык нормалары боюнча машыккандыктарга ээ болушат. Байланыштуу кепти үйрөнүшөт.

***Лексиканы, фразеологияны окутуунун милдеттери*:** окуучуларга кыргыз адабий тилинин сөздүк системасы тууралуу түшүнүк берүү; сөздүк курамдык байлыгын, ар тараптуулугун элдин турмуш-тиричилиги, салт-санаасы, үрп-адаты, дүйнөгө көз карашы менен байланышты түшүндүрүү; өз ара пикир алышууда сөздөрдү, фразеологизмдерди адабий тилдин нормаларына, пикир алышуунун ар түрдүү формаларына (оозеки жана жазуу), максатына жана ар түрдүү кырдаалдарга ылайык тандап алууну үйрөтүү: сөз байлыгын толуктоого, аны улам өркүндөтүп отурууга, түшүндүрмө сөздүктөн, синоним, антоним жана фразеологизмдерге арналган сөздүктөрдөн пайдаланууга окуучуларды машыктыруу. Оозеки, жазуу байланыштуу кебин өнүктүрөт.

***Сөз курамы, сөз жасоону окутуунун милдеттери:*** сөздүн тутумундагы маанилүү бөлүктөрүн (морфомаларды) туура аныктоону, сөз жасоодо жаңы сөз жасала тургандаган, ал аркылуу сөздү курамдын толукталып, байып отурушун, сөз жасоонун жолдорун үйрөтүү, туунду сөздөрдүн маанисин андагы сөз жасоочу каражаттардын мааниси менен байланыштырып түшүндүрүүгө, тубаса сөз менен туунду сөздүн өз ара карым-катнашын, кайсы сөз түркүмүнө тиешелүү экендигин аныктай алууга окуучуларды машыктыруу. Байланыштуу кепке үйрөтүү.

***Морфология, синтаксисти окутуунун милдеттери*:** окуучуларга кыргыз тилинин грамматикалык түзүлүшүн, андагы нормаларга үйрөтүү; оозеки жана жазуу түрүндө пикир алышууда ал нормаларды туура колдоно билүүгө машыктыруу. Оозеки, жазуу, байланыштуу кебин калыптандыруу.

***Орфографияны, пунктуацияны окутуунун милдеттери*:** кыргыз тилиндеги туура жазуунун эрежелерин үйрөтүү, ал эрежелерди туура жазууда колдонууга, башкалардын кебинин сабаттуулугун туура аныктай алууга машыктыруу; зарылдыгына жараша орфографиялык сөздүктөн пайдалана алгыдай абалга жетиштирүү.

# III. ОКУУ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУ ФОРМАЛАРЫ ЖАНА БААЛОО

## 3.1. Кыргыз тилин окутуу процессин уюштуруу формалары

Эне тилин окутууга карата коммуникативдик ишмердүүлүк мамиле интерактивдүү окутуудагы окуучулардын тынымсыз өз ара баарлашуулары, карым-катнаш жасоо менен пикир алышуулары аркылуу ишке ашырылат. Бул багытта окутуу ишин уюштуруу үчүн атайын зарыл шарттарды түзүү зарыл. Мындай учурда окуучулар өзүн-өзү, коомду жана дегеле дүйнөнү таанып билүү менен турмушка карата болгон туура көз караштары калыптанат жана предметтик, түйүндүү компетенттүүлүктөргө ээ болушат. Интерактивдик окутууда көп жактуу коммуникативдүүлүк, жагымдуу психологиялык кырдаал, окуп-үйрөнүүгө атайын ыңгайлуу педагогикалык шарттар түзүлөт.

Интерактивдүү окутууга өз алдынча иштөө, жуп менен иштөө, топ менен иштөө, талкуулар, презентациялар кирет. Интерактивдүү окутуунун артыкчылыктары:

- окуучулар өздөрүн эркин сезип,"туура эмес жооп берип алам" деген коркунучтан алыс болуп, активдүүлүктөрү артат;
- ар бир окуучу өзүнүн жөндөмүн, шыгын, билимин көрсөтүүгө далалаттанат;
- жуп менен, топ менен иштегенге машыгышат;
- мугалим менен, бири-бири менен тыгыз карым-катнашта пикир алышуу ашат;
- окуучунун сынчыл ой жүгүртүүсү калыптанат;
- тапшырманы аткарууда бири-биринин тажрыйбаларын пайдаланууга, жаңы идеяларды жаратууга шарт түзүлөт;
- мугалим фасилитатор катары багыт берип, окуучу менен достук мамиледе болот.

**Байкоо жана салыштыруу методу.** Байкоо жана салыштыруу методу окуучулардын кептик, тилдик, маданият таануучулук ошондой эле, маалыматтык жана социалдык-коммуникативдик компетентүүлүктөрүн калыптандырууга багытталат.

**Биргелешип окутуу.** Бул метод окуучуларга өз ара бири-бири менен маалымат алышып, баарлашууга, коюлган милдеттерди чечүү үчүн жамаатта, командада, топто өз ара мамилелешүүнүн ыкмаларына, өзүнүн көз карашын далилдей алуу менен талкууга катыша билүү маданиятына ээ болот. Алар кептик, социалдык-коммуникативдик жана өзүн өзү уюштуруу менен маселе чече билүүчүлүк компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга багытталган. Буга акыл чабуулу (мээге чабуул), жупта, кичи топто иштөө, мозаика, ар кыл талкуулардын түрлөрү ж.б. кирет.

Акыл чабуулу – бул кеңири колдонулган интерактивдик ыкмалардын бири. Мында темага байланыштуу ойго келген идеялардын бардыгын, сындалбастан иштелип чыгат. Акыл чабуулунда окуучулар эркин, ишкер абалда чыгармачылык менен жаңы идеяларды жарата алышат. Интеллектуалдык жактан өнүгүшөт.

**Маалыматты түшүнүп окуу көндүмүн өнүктүрүүчү методдор.**

Бул методдор текст менен иштөө үчүн жаңы ыкмаларды колдонууну көздөйт, бардык окуучуларды окуу процессине тартууга, өтүлүп жаткан темага кызыгууну жаратууга, ой жүгүртүү ишмердигин активдештирүүгө жардам берет. Аларга ИНСЕРТ, эки бөлүктүү күндөлүк, жуптарда окуу жана биргелешип корутунду чыгаруу, чаташкан логикалык чынжырчалар ж.б. кирет.

**Жазуу кебин өнүктүрүүчү методдор.** Текстти жаратуучу ар кандай жумуштар окуучуларда түшүнүүнүн терең денгээлин пайда кылат, аларда байкоо жүргүзүүгө кылдаттык менен мамиле жасоо өнүгөт, өз пикирин, жазуу ишинин өзгөчө мүнөзүн жаратууга жардам берет, өз ойлоруна, тажрыбасына урматтоо менен мамиле жасай башташат.

Аларга беш-он мүнөттүк эсселер, дил баяндын элементтери менен изложение жазуу, аргементтүү эсселер жана башкалар кирет.

**Окуучулардын илимий-изилдөөчүлүк ишмердигин өнүктүрүүчү методдор.** Эне тил сабактарында окуучуларды илимий-изилдөөчүлүк ишмердикке үйрөтүүгө төмөнкүлөрдү киргизсек болот: көйгөйдү коюу, көйгөйдү чечүүнүн жолдорун аныктоо, ишмердиктин жолдорун аныктоо, күтүлүүчү натыйжаны кыска жана так жазуу, жыйынтыктарды корсөтө билүү жана өзүн-өзү талдоо.

Педагогикалык практикада долбоор методу, документ булактарын изилдөө, илимий жактан маанилүү материалдарды издөө жана топтоо, интервью, портфолио, концепция картасы ж.б. колдонуу ийгиликти жаратып жатат.

## 3.2. Окуучулардын окуу ишмердүүлүктө рүн баалоонун критерийлери

1. **Окуучулардын оозеки жоопторун баалоонун жалпы чен-өлчөмдөрү**

Окуучу менен мугалимдин ортосундагы байланыштын эң көп колдонулган формаларынын бири – мугалимдин суроо-тапшырмаларына окуучунун оозеки жооп бериши. Жооптун тууралыгы белгилүү өлчөмдө суроо-тапшырмалардын түшүнүктүү, так берилишине байланыштуу да болот жана убакыт үнөмдөлөт.

Оозеки жоопторду баалоодо төмөнкүлөрдү эске алуу керек: окуучунун аныктаманын маңызын, тексттин кебин түшүнүүсү, алардын негизги маанисин, мазмунун айтып бериши, айтылуучу ойго карата сөздөрдү тандап, билип, ыктуу колдонушу. Сүйлөм курулуштарынын тактыгы, анын айтылыш интонацияларынын тууралыгы, берген жоопторунда өз оюнун болушу, анын далилдүүлүгү; сүйлөө кебинин лексикалык байлыгы, ой жагынан ырааттуулугу.

Оозеки жооптордо беш «5» деген баа төмөнкү учурларда коюлууга тийиш: мугалимдин суроо-тапшырмаларына толук, канааттандырарлык жооп берсе; окуу китебин, мугалимдин түшүндүрүүсүн түздөн-түз ээрчибей, өз оюн кошумчалап, кебин адабий тилдин нормасында системалуу түрдө айтып берсе, айткан теориялык түшүнүктөрүн мисалдар менен айкаштырып далилдей алса;

«4» деген баа жогорудагы тапшырмаларды аткарууда анча-мынча так эместиктер кетирилсе, ал кетирилген так эместиктерди оңдоо, ойго толуктоо иретинде берилген кошумча суроолорго толук, ойдогудай болбой, бирок жалпысынан негизги түшүнүгү бар экени билинип турса коюлат.

Мугалимдин суроосуна окуучу анча-мынча жооп берип, толук эмес түшүнүгүн көрсөтүп, теориялык маселелерди мисал менен далилдей албаса, кебинде өз оюн системалуу баяндай албай, сүйлөө кебинде эки-үч ката кетирсе «3» деген баа коюлат.

«2» деген баа окуучу материалды билбей, аныктамаларды туура айтып бере албай, маанисин бузуп, келтирген мисалы да дал келбей айтылган учурда коюлат.

Ал эми мугалимдин суроосу таптакыр жоопсуз калып, аны чечмелөөгө түшүнүгү жок болуп, аракети көрүнбөсө «1» деген баа коюлат.

**2. Окуучулардын жазуу иштерин баалоо**

Мугалим окуучулардын жазуу иштерин баалоодо төмөнкүлөрдү эске алат: айтылган сөздөрдү туура кабылдап, теориясы менен айкалыштырып, орфографиялык эрежелерге ылайык туура жаза билүүсү окуучунун ар түрдүү дилбаян, баяндама жумуштарына өзүнүн түшүнүгү ой жүгүртүүсүн системалуу түрдө жаза билүү деңгээли; жазууда орфографиялык, пунктуациялы жана стилистикалык эрежелердин сакталышы; окулган текст боюнча план түзүп, реферат, доклад жаза билүүсү, иш кагаздарын өз эрежеси, талаптары боюнча жазуусу ж.б.

**Жат жазууларга коюлуучу бирдиктүү талаптар жана баалардын чен-өлчөмдөрү**

Жат жазуу – окуучулардын орфографиялык, пунктуациялык сабаттуулугун текшерүүнүн эң негизги формаларынын бири.

Ал үчүн өтүлгөн темаларга карата текст туура тандалып, окуучулар үчүн түшүнүктүү болушу керек. жат жазуунун текстинде учураган айрым түшүнүксүз, өтүлө элек эрежелерге ылайык жазылуучу сөздөрдү мугалим доскага жазып бериши керек. бирок мындай сөздөр жалпы тексттин көлөмүнүн бештен бир бөлүгүнөн ашпоого тийиш.

Ар бир жат жазууда белгилүү максат болот. Ал өтүлгөн материалдын кандайча өздөштүрүлүп жаткандыгынан кабар берип, теориялык билимди иш жүзүндө колдоно билүүгө үйрөтүүсү керек.

**Текшерүү жат жазуусунун текстинин көлөмү:**

5-класска 90-100 сөз, 6-класска 100-110 сөз, 7-класска 110-120 сөз, 8-класска 120-150 сөз, 9-класска 150-170 сөздөн турган тексттер алынат.

*Жат жазуунун каталары төмөндөгүдөй учурларда эсептелинбейт:*

- өтүлө элек эрежелерден кетирилген каталар;
- сөздүн жазылышын билип туруп, тамгаларды байкабай (механикалык түрдө) алмаштырып же айрым тыбыштар түшүп калган учурда (мисалы: «кызмат» дегендин ордуна «кызма» деп, «түшүм» дегендин ордуна «түшм» болуп жазылса)
- орфографиялык эрежелерди такталбай эки түрдүү жазылып келе жаткан сөздөр (мисалы: «дубана» - «думана», «насыят» - «насаат»)
- жазма тамгалардын басма түрүндө жазылып калган учурлары. Бир сөз же сөздүн бир мүчөсү түшүрүлүп жазылып, же алмаштырылып калып, ошол сүйлөм ой жагынан, стилдик байланышы жагынан бузулбаса (мисалы: айылдык кишилер – айыл кишилери, атчан кишилер – атчандар – атчан адамдар ж.б.)

Баа коюуда мугалим катанын одоно же одоно эместигине карата мамиле кылат. Одоно эмес ката окуучунун сабатын текшерүүдө чечүүчү мааниге ээ болбойт. Ошондуктан андай каталардын эки-үчөөнү бир ката катары эске алуу керек. Одоно эмес каталарга төмөнкүлөрдү кошууга болот:

- сөздөрдү ташымалдоодо сөз туура ташымалданып, ташымал белгисинин коюлбай, же белгинин эки жакка тең коюлушу;
- интонацияга байланыштуу тыныш белгинин алмаштырылып коюлушу (мисалы сүйлөмдүн баш жагында сырдык сөздөн кийин үтүрдүн ордуна илеп белгисинин коюлуп калышы ж.б.);
- окуучу жазылышын билип туруп, бир сөздү бирде туура, бирде ката жазса;
- бир эле сөздөн ар кайсы жерде бирдей ката кетирсе, бир эле ката деп эсептелинет;

Жазуу жумушунун тазалык деңгээлине; оңдоолордун көп, аздыгына карата мугалимге бир бааны төмөндөтүп коюуга мүмкүндүк берилет. Айрыкча, булганыч жазылган жана үчтөн ашык оңдоосу бар иштерге «5» деген бааны ыйгарууга болбойт.

Мугалим өзгөчө көңүл бура турган орфограмма жана пиктограммалар текстте төмөндөгүдөй сандардын айланасында болууга тийиш:

5-класста 10-12 ар түрдүү орфограмма, 2-3 пунктограмма, 6-класста 14-16 ар түрдүү орфограмма, 4-5 пунктограмма, 7-класста 16-18 ар түрдүү орфограмма, 6-7 пунктограмма, 8-класста 18-20 ар түрдүү орфограмма, 10-12 пунктограмма.

Жат жазуу текстинде атайын өтүлгөн эрежелерге ылайык 5-класста 4-5, 6-7-класста 5-7, 7-9-класста 8-10, 10-11-класста 10-12 жазылышы татаал сөздөр сөзсүз түрдө аралашууга тийиш. Ошондой эле текшерүү жат жазуусунда 5-класста 2-3, 6-7-класстарда 3-4, 8-9-класстарда 4-5 татаал сүйлөмдөр болушу керек.

Жат жазууларда орфографиялык, пунктуациялык каталар, жазуунун техникалык эрежелери, иштин тазалыгы эске алынып бир гана баа коюлат. Эгерде, айрым учурларда, жат жазууга кошумча иштер тапшырма катары кошо берилсе, экөөнө эки башка баа коюу талап кылынат.

***Жат жазууга баа коюуда мугалим төмөнкүдөй чен-өлчөмдөрдү жетекчиликке алат:***

«5» деген баа катасыз жазылган, бир орфографиялык же бир пунктуациялык катадан ашпаган, үчтөн ашык оңдоолор болбогон иштерге коюлат.

«4» деген баа каталардын жалпы саны төрттөн ашпаган (эки орфографиялык, эки пунктуациялык же төрт орфографиялык, төрт пунктуациялык) жат жазууларга коюлат.

«3» деген баа төрт орфографиялык, төрт пунктуациялык же үч орфографиялык, беш пунктуациялык катасы жок туруп жети ката жиберилген иштерге коюлат.

«2» деген баа «3» коюлуучу иштин чегинен ашкан, жети орфографиялык, жети пунктуациялык; же алты орфографиялык, сегиз пунктуациялык же сегиз орфографиялык, алты пунктуациялык ката кетирген иштерге коюлат.

Сөздүк жат жазууларында: 5-класс үчүн 10-20 сөз, 6-класс үчүн 15-25 сөз, 7-класс үчун 25-30 сөз, 8-класс үчүн 20-35 сөз, 9-класс үчүн 20-40 сөздөн турган текст алуу жагы белгиленет.

Сөздүк жат жазууларда: «5» деген баа катасы жок, «4» деген баа бир эки катасы бар, «3» деген баа үч-төрт ката кетирген, «2» деген баа төрт-беш катасы бар, «1» деген баа 7ден ашык ката кетирилген иштерге коюлат.

**Кыргыз тилинен окуучулардын баяндамасын баалоо**
**Баяндаманы баалоонун чен-өлчөмдөрү**

Жазуу түрүндөгү кеңири баяндамага сөздүн белгилүү өлчөмдөгү саны сакталган байланыштуу тексттен үзүндү алынат. Текст 5-класс үчүн 100-150 сөз, 6-класс үчүн 150-200 сөз, 7-класс үчүн 200-250 сөз, 8-класс үчүн 250-350 сөз, 9-класс үчүн 350-450 сөздүн айланасында берилет.

Баяндаманы баалоодо мугалим төмөнкүлөрдү эске алууга тийиш: баяндаманын аткарылыш максатына, анын түрлөрүнө (кыска, кеңири, тандалмалуу, кошумча, тапшырма берилүү менен жазылуучу ж.б.) карата окуучунун ишти аткаруусу; окуучуну тексттин мазмунун түшүнүп кабылдоосу; ошого байланыштуу тексттеги окуянын баяндалыш системасы; окуучунун план түзө билиши, ага жооп бериши; окуучунун индивидуалдуу кеби менен тексттин кебинин ортосундагы байланышы жана андагы чыгармачылыгынын көрүнүшү: иштин грамматикалык жана стилистикалык жактан аткарылыш деңгээли, ой-туюмунун жыйынтыктуулугу.

Баяндамада эки баа коюлат. Баяндама тил сабагында болсо, эки баасы тең кыргыз тилге коюлат. Ал эми адабият сабагында жаздырылса, биринчи баа адабиятка тиешелүү болуп, экинчи баада орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулук эске алынып, кыргыз тилине таандык болот. *Биринчи бааны* коюуда төмөнкүдөй бирдиктүү талап жетекчиликке алынат:

Биринчи баа иштин мазмунунда темага жооп берүүсүнө, сөз байлыгына, сөз каражаттарын ыгы менен колдонуусуна, башкы ойду ача билүүсүнө, талапка карата текстти кеңири же кыскача баяндай алуусуна, чыгармачылык мүнөздөгү кошумча тапшырмаларды аткарыш деңгээлине коюлат. Баяндамада экинчи бааны окуучунун орфографиялык жана пунктуациялык сабатын эске алуу менен, жат жазуунун чен-өлчөмдөрү боюнча балоо зарыл.

9- классты аяктап жатканда жазуу түрүндөгү баяндамага байланыштуу тексттен үзүндү алынып, дил баяндын элементтери камтылган баяндама жаздырылат. Окуучулар берилген текстти кең ири же кыска баяндоо менен чыгармачылык тапшырманы аткаруусу зарыл. Баяндаманы жаздыруунун алдында *киришүү аңгемеси* өткөрүлөт. Анын максаты – текстти кабыл алууга даярдоо менен баяндама жазууга карата окуучулардын кызыгуусун пайда кылуу. Бул аңгемелешүүдө мугалим тексттин автору, окуя болуп өткөн тарыхый кырдаал тууралуу кыскача түшүнүк айтат. Айрым учурда тексттин темасы, идеясы, проблемалары, түшүнүксүз сөздөр, терминдер чечмеленет.

Баяндаманы жазууда ***текст эки жолу окулат***. ***Биринчи жолку окууда*** окуучулар тексттин мазмунун, негизги оюн түшүнүү менен теманы аныктап, микротемалардын ырааттуулугун эстеп калуулары керек. Окуучулар жумушчу дептерине айрымдарын жазуу менен *план түзүүгө* үлгүрүшү мүмкүн***. Он беш минут өткөндөн* кийин текст *экинчи ирет окулат*** да андан соң баяндама жазыла баштайт. Текстти экинчи жолу уккандан кийин окуучулар өздөрүнүн пландарын иреттеп, айрым даталарды, фамилияларды такташат. Планда автордун стилин чагылдырган түйүндүү сөздөр, сөз айкаштары берилет. Баяндама жазууда сөзсүз түрдө эле окуучулардын өз сөздөрү менен гана жазууну талап кылуу да зарыл эмес. Окуучунун тексттегидей эле баяндаганы оң. Татаал тексттерди угууда окуучулар үчүн кыйын деп эсептелинген айрым эпизоддорду белгилөө менен кыскача конспектилөөгө мүмкүндүк түзүлөт. Татаал деп эсептелинген аттарды, каармандардын фамилияларын, тарыхый окуялардын аталыштарын, географиялык аттарды мугалим доскага жазып коюусу зарыл. Баяндама жазууда ар кыл типтеги сөздүктөр менен пайдаланууга уруксат берилет. Текстти баяндоо менен бирге эле *дилбаяндын элементтери катышкан чыгармачылык иштер да аткарылат.* Сунуш кылынган ар кыл варианттагы тексттин ар биринин аяк жагында чыгармачылык багыттагы суроо-тапшырмалар орун алган. Алардын ичинен тандалып алынган тексттин суроо-тапшырмасын мугалим доскага жазып коёт. Чыгармачылык тапшырмаларды аткарууда окуучу текстке карата өзүнүн жекече ой жүгүртүүсүн 120-180 сөз көлөмүндө кошумчалоосу талап кылынат.

*Баяндаманы баалоодо мугалим төмөнкүлөрдү эске алууга тийиш:*

- баяндаманын аткарылыш максатына, анын түрлөрүнө карата окуучунун ишти аткаруусу;
- окуучунун тексттин мазмунун түшүнүп кабылдоосу;
- тексттеги окуянын ырааттуу баяндалыш системасы;
- окуучунун план түзө билиши, ага жооп берүүсү;
- окуучунун жекече кеби менен тексттин кебинин ортосундагы байланышы жана андагы чыгармачылыгынын көрүнүшү:
- иштин грамматикалык жана стилистикалык жактан аткарылыш деңгээли, ой-туюмунун жыйынтыктуулугу.

*Баяндаманы баалоодо* окуучулардын адабият сабагынан алган адабий-теориялык билим деңгээлдери, түшүнүктөрү, тексттин мазмунун өздөштүрө билүүсү, иштин мазмунунун темага жооп берүүсү, сөз байлыгын, сөз каражаттарын ыгы менен колдонуусу, башкы ойду ача билүүсү, талапка карата текстти кеңири же кыскача баяндай алуусу, чыгармачылык мүнөздөгү кошумча тапшырмаларды аткарыш деңгээли, орфографиялык, пунктуациялык жана грамматикалык сабаттуулуктары бааланат.

**Баяндаманы баалоонун чен-өлчөмдөрү**

| **Баасы** | **Мазмуну, сөз байлыгы жана тил каражаттары** | **Сабаттуулугу** |
|---|---|---|
| **«5»** | - тексттин мазмуну толук ачылып, окуучунун чыгармачылыгы абдан жакшы билинсе;<br>- баяндаманын мазмуну темага толук дал келсе;<br>- фактылык каталары жок болсо;<br>- берилген тексттин 75% сакталса;<br>- иштин мазмуну ырааттуу, логикалуу баяндалса;<br>- иш өзүнүн лексикалык сөз байлыгынын молдугу, сөздөрдү так, туура колдонсо; синтаксистик конструкциялардын ар түрдүүлүгү менен айырмаланса;<br>- текст көркөмдүүлүгү жана стилдик | - катасыз жазылса;<br>- бир орфографиялык же бир пунктуациялык катадан ашпаса;<br>- үчтөн ашык ондоолор болбогон иштер. |

| | | |
|---|---|---|
| | бирдиктүүлүгү жагынан айырмаланса;<br>- мазмунунан бир гана так эместик кездешсе. | |
| **«4»** | - иштин мазмуну негизинен темага дал келсе;<br>- анча мааниге ээ эмес темадан четтөө болсо;<br>- иштин мазмуну негизинен жеткиликтүү бирок айрым бир фактылык так эместиктер кездешсе;<br>- берилген тексттин 70% камтылса;<br>- ой жүгүртүүсүн айрым бир учурда ырааттуу эмес баяндаса;<br>- кептин лексикалык жана грамматикалык жактан курулушу жетишээрлик деңгээлде ар түрдүү болсо;<br>-иштин стили бирдиктүүлүгү жана көркөмдүүлүгү жагынан айырмаланса;<br>- мазмунунан 2 жана кептик жагынан 3-4 так эместиктер кездешсе. | - каталардын жалпы саны төрттөн ашпаса;<br>- эки орфографиялык, эки пунктуациялык же үч грамматикалык ката кетсе;<br>- бир орфографиялык, үч пунктуациялык же үч грамматикалык ката кетсе;<br>- төрт пунктуациялык, үч грамматикалык ката кетсе.<br>- үч грамматикалык, эки орфографиялык ката кездешсе. |
| **«3»** | - темадан өтө көп четтөөлөр болсо;<br>- иштин мазмуну негизинен жеткиликтүү бирок анда 3-4 фактылык каталар кездешсе;<br>- иштин көлөмү берилген тексттин 70%инен азын түзсө;<br>- ойду ырааттуу баяндоодон кемчиликтер кетсе;<br>- лексикалык сөз байлыгы жарды, колдонгон синтаксистик конструкциялары бир түрдүү болсо;<br>- сөздөрдү туура эмес колдонсо;<br>- иштин стили бирдиктүү эмес, кептин көркөмдүүлүгү жетишсиз болсо;<br>- иштин мазмунунан 4 так эместик жана 5 кептик кемчиликтер кетсе. | - беш-жети пунктуациялык же бир орфографиялык, төрт-жети пунктуациялык, төрт грамматикалык ката кетсе;<br>- эки орфографиялык, үч-алты пунктуациялык, төрт грамматикалык ката кетсе;<br>- үч орфографиялык, беш пунктуациялык, төрт грамматикалык ката кетсе;<br>- төрт орфографиялык, төрт пунктуациялык, төрт грамматикалык ката кетирилген иштер. |
| **«2»** | - иш берилген темага дал келбесе;<br>- көптөгөн фактылык так эместиктер кездешип, баяндаманын көлөмү берилген тексттин 50% тинен кем болсо;<br>-иштин бардык бөлүктөрүндө ойдун ыраттуулугу сакталбай, алардын ортосундагы байланыш бузулса;<br>-баяндаманын тексти планга ылайык келбесе;<br>- лексикасы өтө жарды, автордук образдуулуктар, кеп түрмөктөрү жокко эсе;<br>- сөздөр туура эмес колдонулса;<br>- иштин бөлүктөрүнүн ортосундагы байланыш жокко эсе;<br>- иш бир типтүү, кыска сүйлөмдөр менен жазылса;<br>- тексттин стилдик биримдиги бузулса;<br>- ортосунда мазмуну ачылбай калган, сүйлөм курулуштары жана сүйлөм аралык байланышы абдан начар жазылган иштерге;<br>- иштин мазмунунан 6 так эместик жана 7 кептик кемчиликтер кетирилсе. | -жетиден ашык одоно орфографиялык ката кетирилсе;<br>- сегизден ашык пунктуациялык ката кетирилсе;<br>- бештен ашык грамматикалык каталар кетирилсе<br>- «3» коюлуучу иштин чегинен ашкан иштер. |
| **«1»** | Мазмуну такыр туура эмес берилген же | Каталардын саны «2» деген |

| | | |
|---|---|---|
| | берилбей калган, кеби түшүнүксүз, ою иретсиз жазылган иштерге коюлат. | баанын нормасынан ашып, жетиден ашык орфографиялык, пунктуациялык жана грамматикалык каталар кетирилсе. |

**Тестти баалоо**

*Тесттик тапшырманы аткарууну баалоодо төмөнкүдөй өлчөгүч (шкала) колдонулат*

| **Баллдар** | **Тапшырманы аткаруу деңгээли** |
|---|---|
| **1** | “2” баллдан да аз |
| **2** | Сунушталган тапшырманын 20% аткарылган |
| **3** | Сунушталган тапшырманын 30% аткарылган |
| **4** | Сунушталган тапшырманын 40% аткарылган |
| **5** | Сунушталган тапшырманын 50% аткарылган |
| **6** | Сунушталган тапшырманын 60% аткарылган |
| **7** | Сунушталган тапшырманын 70% аткарылган |
| **8** | Сунушталган тапшырманын 80% аткарылган |
| **9** | Сунушталган тапшырманын 90% аткарылган |
| **10** | Сунушталган тапшырманын баары аткарылган |

Эскертүү: Эгер, окуучу тестти аткарбаса, анда “0” балл коюлат.

**Жыйынтык бааны чыгаруу.** Ар бир чейректин жана окуу жылынын акырында жыйынтык баа коюлат. Ал баарыга бирдей жана кыргыз тили боюнча окуучунун даярдыгынын бардык жактарын жалпылаштырылган түрдө: теориялык материалды өздөштүргөндүгүн, ыкмаларга, кептик өнүгүүлөргө ээ болгондугун, орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулугунун деңгээлин чагылдырып турат. Жыйынтык баа механикалык түрдө чыгарылбастан, окуучунун чыныгы билимдеринин фактылык көрсөткүчтөрүнүн негизинде коюлушу керек. Ал буга чейинки окуучунун күнүмдүү жетишкендиктерин эске алуу менен жыйынтыкталат. Жыйынтык бааны коюуда окуучунун кептик, орфографиялык, пунктуациялык ыкмаларга ээ болуу деңгээлине басым жасалат.Эгер, окуучу жазуу иштеринен буга чейин начар болсо, сабаттуулугу боюнча жыйынтык баа да начар болушу мүмкүн. 9- класстарда дил баян жазууда мазмунунун баасы адабият сабагына, ал эми, сабаттуулугунун баасы кыргыз тили сабагынын журналына коюлат.Дил баян, жат жазуу, баяндамаларынын баасы журналга кайсы күнү жаздырылса, ошол күнгө так коюлуусу талап кылынат.

# IV. МАТЕРИАЛДЫК-РЕСУРСТУК КАМСЫЗДОО

## 4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар

Бала көрүү, угуу, кармап көрүү, тажрыйбада колдонуп көрүү аркылуу элестерди тезирээк аңдап, ал тууралуу ойлонуп, жыйынтык чыгарат. Иллюстрациялар, диафильм, портрет, пейзаж, схемалар баланын окуу материалды түшүнүүсүнө жардам берет. Аудио жазуулар аркылуу анын жаратмандыгы өнүгүүсү мүмкүн. Тажрыйбаларды жүргүзүүсү, кармап көрүүсү, колдонуп көрүшү аркылуу окуучуда ассоциациялаш, талдоо, жөндөмү, актоо жана каралоо сыяктуу көнүмүш жана жаңы жөндөмдөрү өсөт. Окуучу өз ишинин натыйжасын көргөндө жөндөм, ушул иштин автору, жаратмандыгына байланыштуу сезимдери калыптанат жана келечекте өз ордун табууга болгон ишеничи дагы артат. Окуучулардын көнүгүү жана зээндүүлүгүн өнүктүрүүгө таасир көрсөтүүчү ресурстарды 5 түргө бөлсө болот:

1. Көрүүгө болжолдонгон - видео кассеталар, слайддар, DVD дисктер, иллюстрациялар, сүрөттөр (портрет, пейзаж, интерьер), схемалар ж.б.у.с.
2. Угууга болжолдонгон - аудио кассеталар, магнитофон тасмаларына жазылган атактуу актёрлордун үндөрүнүн коштоосунда айтылган жомоктор, ыр саптары, обондуу ырлар ж.б.у.с.
3. Жазууга болжолдонгон - тест-карточкалар, тесттер, эсселер, түрдүү стилде, түрдүү басылма жана көркөм чыгармалардан алынган тексттер, каттар, баян, диктанттар ж.б.у.с.
4. Талдоо кылууга болжолдонгон – долбоорлор, тажрыйбалар, изденүүлөр, жыйнактар, энциклопедиялар ж.б.у.с.
5. Сүйлөөгө болжолдонгон – презентациялар, сахна көрүнүштөрү, топтогу иштер, көркөм чыгармалар ж.б.у.с.

## 4.2. Шыктандыруучу окуу чө йрө сүн түзүү

Эне тили — пикир алышуунун куралы, ойдун тикеден тике чындыгы катары көп кызматты өзүнө аркалаган көрүнүш. Ал карым-катнаштын каражаты болуу менен бирге эле чындыкты чагылдыруунун жана таанып билүүнүн куралы, ошондой эле, инсандын рухий жана интеллектуалдык жактан өнүгүүсүнө да шарт түзөт. Эне тилине канчалык деӊ гээлде ээ болгондугу окуучунун башка предметтерди айрыкча экинчи тилди, чет тилдерди жана калган предметтерди өздөштүрүүдөгү ийгиликтеринен көрүнөт. Ошондой эле, аналитикалык ой жүгүртүүсүнүн өнүгүүсү да ушуга байланыштуу. Тил менен ой жүгүртүүнү бири-бирисиз элестетүү эч мүмкүн эмес. Алар өз ара жуурулушкан бир бүтүндүктү түзүп турат. Эне тили предмет катары мектепте үч аспектиде окутулат: 1) тилдин системасы; 2) орфографиялык жана пунктуациялык көндүмдөр; 3) кеп маданиятын өнүктүрүү. Эне тилин окутуунун максаты — мектеп бүтүрүүчүсү тилдик жана кептик нормаларга ылайык кептик ой жүгүртүүчүлүк ишмердүүлүккө ээ болуу менен маданий-адептик жактан да калыптануусун жөнгө салуу.

Атап айтсак: тилдик компетенттүүлүктө - мектеп окуучусун тилдик бирдиктерди алардын тилдин системасындагы функциялары жана тексттеги ролу менен байланышта түшүнүүгө; лингвистикалык бирдиктерди функциялары, маанилери жана стилдери боюнча топтоштурууга; тилдик бирдиктерди түзүлүшү, мааниси жана стили боюнча айырмалоого; кептин оозеки жана жазуу формаларынын өзгөчөлүктөрүн салыштырууга; орфографиялык жана пунктуациялык ыкмаларга ээ кылууга окутуу. Кептик компетенттүүлүктө - мектеп окуучусун коммуникативдик милдеттерди аныктоого, тилди

пикир алышуунун ар кыл кырдаалдарында оозеки жана жазуу формасында пайдаланууга, өзүнүн сөздүк байлыгын байытуу менен кептик мүмкүнчүлүктөрүн кең ейтүүгө, мисалы: карым-катнаштын максатына ылайык кептин предметин жана темасын түшүнүүгө жана белгилөөгө; тексттеги биринчи жана экинчи орундагы маалыматтарды бөлүп көрсөтүүгө, аларды чындык менен салыштырууга; адабий тилдин (стилдердин) нормаларына, пикир алышуунун максатына (кептик кырдаалдарга) ылайык текст түзүүгө; текстти ар кыл стилдик талаптарга, ар кыл эмоционалдык жагдайларга ылайыктап кайрадан түзүүгө; коммуникативдик мазмунуна ылайык тексттердин функционалдык семантикалык типтерин, кептин ар кыл жанрындагы жана стилиндеги тексттерди айырмалоого жана пайдаланууга үйрөтүлөт. Маданий компетенттүүлүктө мектеп окуучусун пикир алышууга катышуу менен социалдык-кептик, маанилик жана тарыхый-маданий контекстти эске алуу менен сүйлөшүү маданиятынын нормаларына ээ болууга, коомдо калыпка түшкөн жүрүм-турумдун эрежелерине ылайык карым-катнаштын катышуучусунун социалдык ролун өзүнө кабыл алуу менен элдин маданий мурасынын маанилүү бөлүгү, ыйык баалуулукка айланган эне тилин урматтоого жана сактоого окутуп-тарбиялоо ж.б.

**Пайдаланууга сунушталган илимий-методикалык эмгектер**


1. *Абдуллаев Э., Исаев Д*. Кыргыз орфографиясынын эрежелери. Ф.: Мектеп, 1986.
2. *Абдуллаев Э., Давлетов С., Иманов А., Турсунов А*. Кыргыз тили. Ф.: Илим, 1986.
3. *Ахматов Т., Өмүралиева С.* Кыргыз тили (фонетика, лексика). Ф.: Мектеп, 1990.
4. *Ахматов Т., Давлетов С., Сартбаев К., Иманалиев С*. Тил илимине киришүү. Фрунзе: Мектеп, 1980.
5. *Бекбоев К., Тимофеев А*. Сабактын оптималдуу вариантын даярдап өткөрүүнүн методикасы. Фрунзе: Мектеп, 1988.
6. *Головин В.Н.* Основы культуры речи. М.: Высшая школа, 1988.
7. *Давлетов С., Кудайбергенов С.* Азыркы кыргыз тили. Морфология. Фрунзе: Мектеп, 1990.
8. *Давлетов С.* 1) Расмий иштиктүү стиль жана аны мектептерде окутуу. Фрунзе: Мектеп, 1990. 2) Сөз маданияты жана ага коюлуучу талаптар. Кыргыз маданияты, 1986, 3-апрель, 10-апрель.
9. *Дыйканов К.* 1) Кыргыз тилинин тарыхынан. Фрунзе: Мектеп, 1980.
10. *Жапаров Ш*. Кыргыз диалектологиясы. Фрунзе: Мектеп, 1982.
11. *Жаманкулова К., Мусаева В*. 5-6-класстарда кыргыз тилин окутуунун айрым маселелери. Фрунзе: Мектеп, 1990.
12. *Иманалиев С.* Кыргыз тилиндеги сырдык сөздөр. Фрунзе: Мектеп, 1988.
13. *Иманов А., Сапарбаев А*. Кыргыз тили (синтаксис). Фрунзе: Мектеп, 1988.
14. *Карасаев Х.* 1) Орфографиялык сөздүк, Фрунзе: КСЭнин башкы редакциясы, 1983. 2) Орфографиялык сөздүк (окуучулар үчүн) Фрунзе: Мектеп, 1987. 3) Өздөштүрүлгөн сөздөр. Фрунзе: КСЭнин башкы редакциясы, 1986.
15. *Курманалиев В*. Кыргыз тилиндеги ат атоочтор. Фрунзе: Илим, 1980.
16. Кыргыз адабий тилинин грамматикасы. Фрунзе: Илим, 1980.
17. Кыргыз адабий тилинин стилдик өзгөчөлүктөрү. Фрунзе: Илим, 1983.
18. Кыргыз тилинин антонимдер сөздүгү. Фрунзе: Илим, 1985.
19. Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү. Фрунзе: Илим, 1980.
20. Кыргыз тилинин омонимдер сөздүгү. Фрунзе: Илим, 1986.
21. *Кожина М.Л.* Стилистика русского языка. М: Просвещение, 1983.
22. *Мукамбаев Ж*. Кыргыз тилинин диалектологиялык сөздүгү. Фрунзе: Мектеп, 1978.
23. Кыргыз тилиндеги татаал сүйлөмдөр. Фрунзе: Илим, 1981.
24. *Мусаева В*. Мектепте лексиканы окутуу (1993); Жат жазуулар жыйнагы. 5-11-кл. (2013); Баяндамалар жыйнагы (5-8-кл.) (2013); Баяндамалар жыйнагы (9-11-кл.) (2013); Байланыштуу кепти грамматикалык негизде окутуу (1998); Байланыштуу кепти, кептин стилдерин окутуу. 5-11-кл (2009); Чечендик кепти (риториканы) окутуу (2011); Кыргыз элинин чечендик кебин окутуу. Монография (2013); Чечендик кепке үйрөтүү. Монография (2013); Сүйлөшүү маданияты аркылуу чечендик кепке үйрөтүү (2013); Окуп –үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар: максаттар жана көрсөткүчтөр 5-9-кл. (2014); Кыргыз тили (Кыргыз тили таблица, чийме, схемаларда) 1-11-кл (2014); Кыргыз тилин компетенттүүлүктүн негизинде окутуу (2014); Кыргыз тилин жана адабиятын компетенттүүлүктүн негизинде окутуу. Сабактардын иштелмелери (2014).
25. *Орусбаева Б*. Кыргыз терминологиясы. Фрунзе: Мектеп, 1983.
26. *Орусбаева Б., Закиров В*. грамматикалык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү. Фрунзе: Мектеп, 1981.
27. *Мукамбаев Ж., Осмонкулов А*. Кыргыз тилинин сөздүгү. Фрунзе: Мектеп, 1978.
28. Кыргыз тилинин тыбыштык системасын окутуу. Фрунзе: Мектеп, 1986. Эне тилин окутуу тарыхынан. Фрунзе: Мектеп, 1983.

29. *Осмонова Ж.* Основы методики русского языка 4-8-классах. М: Просвещение, 1984. Обучение пунктуации в среднем школе. М: Педагогика, 1982. Оценка знания, умения навыков учащихся по русскому языку. М: Просвещение, 1986.

30. *Өмүралиев Б.* Кыргыз тилинин синтаксисин окутуу. Бишкек, Мектеп, 1992.

31. *Рысбаев С.* Дил баяндар жыйнагы, Шам, 2004, 2005; Окуучунун сүйлөө жана жазуу ишмердиги (Педагогикалык технологиялар) Б.: 2014.

32. С.Рысбаев, Б.Абдухамидова, Кыргыз тилинен жат жазуу жүргүзүүнүн жолдору жана тексттер жыйнагы, 5-11-кл., -Б., 2017

33. *Сартбаев К.К.* 1) Кыргыз тилиндеги татаал сүлөмдөрдүн синтаксиси. Фрунзе: Мектеп, 1975. 2) Тил илими. Фрунзе: Мектеп, 1975. 3) Кыргыз тилинин окутуунун методикасы. Фрунзе: Мектеп, 1978.

34. *Сартбаев К.К.* 1) Кыргыз тилиндеги татаал сүйлөмдүн синтаксиси. Фрунзе: Мектеп, 1975. 2) Тил илими. Фрунзе: Мектеп, 1975. 3) Кыргыз тилин окутуунун методикасы. Фрунзе: Мектеп, 1978. 4) Тил илиминин маселелери. Фрунзе: Мектеп, 1987. 5) Кыргыз тилинин изилдениши. Фрунзе: Мектеп, 1987.

35. *Сартбаев К.К.* Стилистиканын милдети жана изилдөө объектиси. Эл агартуу, 1983, №4.

36. *Сартбаев К.К., Үсөналив С.* Кыргыз тилинин синонимдер сөздүгү. Фрунзе: Мектеп, 1973.

37. *Сейдакматова К.* 1) Кыргыз тилинин кыргызча этимологиялык сөздүгү. Фрунзе: Илим, 1988. 2) Татаал сөздөрдүн орфографиялык сөздүгү (окуучулар үчүн). Фрунзе: Мектеп, 1985.

38. *Тойчубекова А.* Азыркы кыргыз тилиндеги чакчылдар. Фрунзе: Кыргыз ИАсынын басмасы, 1960. Кыргыз тилинин тыныш белгилери. Фрунзе: Мектеп, 1978. Кыргыз тилинин сөз айкаштары. Фрунзе: Мектеп, 1978.

39. *Усубалиев Б.* Антонимдер жана аларды окутуу. Фрунзе: Мектеп, 1987.

40. *Уметалиева Б.* Имя прилагательное в современном киргизском языке. Фрунзе: Мектеп, 1977.

41. *Үсөналиев С.* Кыргыз тилинин справочниги, Кыргыз тили 6-7-класстар, Кыргыз тилинин методикасы. 2006

.

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

# I. ЖАЛПЫ ЖОБО

## ТҮШҮНҮК КАТ

Бул программа окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн бардык мектептерде окуучулардын кыргыз адабиятынан ала турган билимдеринин мазмунун аныктаган жана окуучулардын даярдыгынын деңгээлин белгилеген нормативдик документ болуп эсептелет. Бул программаны түзүүдө билим берүү боюнча мыйзамдардын жаңы талаптары жана мектепте адабий билим берүүнүн мамлекеттик стандартынан жол-жоболору эске алынды.

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 5-9-класстары үчүн кыргыз адабиятынын программасы *(мындан ары – программа)* төмөнкү расмий документтердин негизинде түзүлдү:

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы (2003-ж.);
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты;
- Кыргыз Республикасында көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү концепциясы (2008-ж.);
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-мартындагы № 201 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында билим берүү системасынын өнүгүүсүнүн стратегиялык багыттары;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2014-жылдын 22-июлундагы № 545/1 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мектеп окуучуларын жана окуган жаштарын тарбиялоонун 2020-жылга чейинки концепциясы.

### 1.1. Предметтин Базистик окуу планда алган орду

Базистик окуу планынын мамлекеттик компонентине ылайык, жалпы орто билим берүүнүн негизги жана жогорку баскычтарында кыргыз адабияты предметине төмөндөгүдөй окуу жүктөмү аныкталган:

| **к\№** | **Класстары** | **Жума бою** | **Жыл бою** |
|---|---|---|---|
| **1.** | 5-класс | 2 сааттан | 68 саат |
| **2.** | 6-класс | 2 сааттан | 68 саат |
| **3.** | 7-класс | 3 сааттан | 102 саат |
| **4.** | 8-класс | 2 сааттан | 68 саат |
| **5.** | 9-класс | 3 сааттан | 102 саат |

### 1.2. Кыргыз адабияты предметинин максаты, милдеттери

Адабият искусствонун бир түрү катары ички табияты менен өтөгөн функциясы жана окутуп тарбиялоодогу мектептин милдеттери адабият сабагынын максатын аныктайт.

Адабий билим берүүнүн жалпы максаты – мектеп окуучусун өз улутунун жана дүйнөлүк көркөм адабияттын мыкты казыналары менен тааныштыруу. Алардын дүйнөнү кабылдоодогу эстетикалык табитин ойготуп, өнүктүрүп, атуулдук, адеп-ахлактык позициясын бекемдөө.

Адабиятты окутуунун **максаттары**:

- сабаттуу окурманды тарбиялоо жана мектеп окуучусунун адабий чыгармаларды окуу маданиятын өстүрүү;
- көркөм адабият жөнүндө сөз искусствосу катары түшүнүктөрүн калыптандыруу;
- натыйжалуу окурмандык чыгармачылыкка кызыктыруу, түрткү берүү.

Адабиятты окутуунун **милдеттери**:

- окуучуларды кыргыз жана дүйнөлүк көркөм адабияттын мыкты казыналары менен тааныштыруу;
- Алардын дүйнөнү кабылдоодогу эстетикалык табитин ойготуп, өнүктүрүп, атуулдук, адеп-ахлактык позициясын бекемдөө;
- Мектеп окуучусунун окурмандык өнүгүүсүн камсыздоо.

Окуучулардын көркөм нарктарды кабылдоосун жана сөз өнөрүн мыкты өздөштүрүүсүн камсыз кылуу; инсандын эмоционалдык маданиятын өнүктүрүп, анын дүйнөгө, жашоого, искусствого болгон мамиле-жообун, социалдык түшүнүгүн калыптандыруу; адамда көркөм чыгармачылык табитти, жөндөмдү өнүктүрүү, анын чыгармачылык ой чабытын, образдуу ой жүгүртүүсүн, эстетикалык туюм-сезим жана анын келечек жашоо турмушунда зарыл болгон жана башка түшүнүк, көз караштарын өстүрүү; окуучунун көркөм чыгарманы кабыл алуусундагы эмоционалдык баалуулук мамилелерин, интеллектуалдык кайрымдуулугун жана рефлексин тарбиялоо, анын бийик эстетикалык табитин жана керектөөсүн калыптандыруу; окуучунун адабий речин өстүрүп, эркин жана сабаттуу сүйлөй жана жаза алышын, көркөм лексикасынын жана ой жүгүртүүсүнүн бай болушун камсыз кылуу.

## 1.3. Кыргыз адабияты предмети боюнча базалык билим берүүнүн компетенттүүлүктөрү

Компетенттүүлүк – бул адистин интеллектуалдык, психологиялык, моралдык жана ишмердик (функционалдык) абалы, ошол аркылуу анын канчалык билим алгандыгы, көндүмдөргө ээ болгондугу, тажрыйба топтогондугу, башкалардын ишмердүүлүгүн өзүнө сиңиргендиги, маалыматтар менен куралдангандыгы жана аларын кандайча колдоно алары аныкталат.

Компетенттүүлүк – бул натыйжалуу жыйынтыктарга жетишүү үчүн ыңгайлуу жүрүш-туруш модели, алгоритм, кыймыл-аракеттерди ишке ашыруунун жолдору.

**Окурмандык компетенттүүлүк** – адабий чыгарманы эстетикалык өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүк, искусствонун башка түрлөрүнүн катарында адабияттын өзгөчөлүгү жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу, образдуу сөздүн көркөм көп маанилүүлүгүн, ассоциативдүүлүгүн, көрүү жана угуу дааналыгын ачуу аркылуу образдык сөздү түшүнүү жана инсандык деңгээлде өздөштүрүү; теориялык –адабий түшүнүктөр жөнүндө үйрөнүүчү предмет катары эмес, көркөм чыгарманы түшүнө билүүгө жардамдашкан курал, каражат катары түшүнүктү өнүктүрүү.

**Баалуулук – дүйнө таанымдык компетенттүүлүк –** адабиятта чагылдырылган адеп-ахлактык баалуулуктарды жана дүйнө таанымы категорияларды түшүнүү, ушул баалуулуктарга өзүнүн мамилесин аныктоо жана негиздөө, гуманисттик адеп-ахлактык позицияларга бек туруу;

**Адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк –** ар түрдүү типтеги дил баяндарды жана түрдүү жанрдагы жана формадагы адабий чыгармачыл иштерди жазууга жөндөмдүүлүк.

Предметтик компетенттүүлүктөр предмет боюнча билим берүүнүн натыйжаларынын тизмегинде көрсөтүлгөн жана динамикада берилген.

Окутуунун убактысы өткөн сайын:

• компетенттүүлүктүн окуучу өздөштүргөн элементтеринин саны жана сапаты артат;
• компетенттүүлүк тийиштүү болгон объект өзгөрөт жана кеңейет;
• компетенттүүлүктөр өз ара жуурулушат, өз ара аракеттенишет.

Түйүндүү компетенттүүлүктөрдү – орчундуу компетенттүүлүктөр деп да атасак болот, анткени алар предметке багытталган, конкреттүү жана айкыныраак компетенттүүлүктөргө негиз боло алышат. Түйүндүү компетенттүүлүктөр ишмердүүлүктүн бардык жаатына тиешелүү мүнөздө деп божомолдосок болот: маалыматтык, социо-катнаштык, өзүн-өзү уюштуруучулук жана көйгөйлөрдү чечүү.

Предметтик компетенттүүлүктөр болсо окуучулардын чыныгы муктаждыктарынан, зарылчылыктарынан аныкталат да, маалыматтык, социо-катнаштык, өз ишмердигин уюштурууга жана маселе чечүүгө байланышкан орчундуу билгиликтерин калыптандырууга шарт түзөт.

1-схема: Түйүндүү компетенттүүлүктөрдүн предметтик компетенттүүлүктөрдө көрсөтүлүшү.




Предметтик компетенттүүлүк бардык билим берүү баскычтары аркылуу өткөн негиз катары каралат жана предметти бүтүндөй көзөп өтөт. Ал «конкреттүүсүрөттөөгө жана конкреттүү окуу предметинин алкагында калыптандыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ» (А.В. Хуторской). Биз предметтик компетенттүүлүк дегенде окуучулардын адабият предметинин тарамында түрдүү билимдерди, билгиликтерди жана көндүмдөрдү колдонуу жөндөмдүүлүгүн жана кийинки билим алуусунда да практика жүзүндө ушул билимдерин колдонуп кете алуусун түшүнөбүз. Окуучунун окуу ишмердүүлүгүнүн сапатын аныктоодо предметтик компетенттүүлүк алдыңкы катардагы жетекчи компетенттүүлүк болуп эсептелет. Предметтик компетенттүүлүк окуу жана практикалык ишмердүүлүктө ар дайым иш жүзүнө ашырылып турганда гана ийгиликтүү калыптандырылат. Педагог окуу тексттерине жана адабий тексттерине керектүү иш-аракеттери менен кайсы мазмунга максимум көңүл буруу керектигин баамдап түшүнгөндө гана окуучунун компетенттүүлүгү жогорку деңгээлде калыптанат.

# II. ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНУ

## 2.1. Программадагы бөлүмдөрдү окутууда сааттардын катышы таблица менен

**V КЛАСС**
**(жыл бою 68 саат)**

| № | ТЕМАЛАРЫ | сааты |
|---|---|---|
| | **I чейрек (18 саат)** | |
| 1. | Киришүү. | 1 |
| | **ЭЛДИК ЖОМОКТОР** | |
| 1 | «Алтын куш» | 1 |
| 2 | «Акыл Карачач» | 1 |
| 3 | «Акылдуу дыйкан», | 1 |
| 4 | «Өнөрлүү бала» | 1 |
| | **ЭЛДИК ДИДАКТИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДАН** | |
| 1 | Макал-ылакаптар | 2 |
| 2 | Табышмактар | 1 |
| 3 | Жаңылмачтар | 1 |
| 4 | Апыртмалар | 1 |
| | **ЭЛДИК ЭПИКАЛЫК МУРАСТАН** | |
| 1 | «Манастын бала чагы» («Манас» эпосунан үзүндү) | 2 |
| | **АДАБИЙ ЖОМОКТОР** | |
| 1 | «Жетим менен сыйкырчы» | 1 |
| 2 | Класстан тышкаркы окуу | 2 |
| 3 | Жазуу жумуштары | 2 |
| 4 | Чейректик кайталоо | 1 |
| | **II чейрек (14 саат)** | |
| 1 | “Жетим менен сыйкырчы” | 1 |
| 2 | Ч.Айтматов. «Бугу эне» («Ак кеме» повестинен үзүндү). | 3 |
| 3 | Т.Үмөталиев. «Күч бирдикте». | 1 |
| 4 | Ж.Садыков. «Эненин жүрөгү». | 1 |
| 5 | С.Рысбаев. «Балык балдар же көл жээгиндеги түнкү кум сепилдер». | 2 |
| | **КЫРГЫЗ ФАНТАСТИКАСЫНЫН ТАРЫХЫНАН** | |
| 1 | К.Эсенкожоев. «Үчүнчү шар». | 1 |
| 2 | Класстан тышкаркы окуу. | 2 |
| 3 | Жазуу жумуштары | 2 |
| 4 | Чейректик кайталоо | 1 |
| | **III чейрек (18 саат)** | |
| 1 | К.Эсенкожоев. “Үчүнчү шар”. | 1 |
| | **ҮРКҮН ТЕМАСЫ** | |
| 1 | Ы.Шайбеков. «Кайран эл». | 1 |
| 2 | К.Баялинов. «Ажар» повести. | 2 |
| 3 | С.Өмүрбаев. «Телегей» (романдан тандалган үзүндүлөр) | 2 |
| | **УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШ ТЕМАСЫНАН** | |
| 1 | А.Осмонов. «Неге кечигет», «Бүкөн» | 2 |
| 2 | С.Жусуев. «Алакан». | 1 |
| 3 | Ч.Айтматов. «Атадан калган туяк» | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 4 | **ЖАРАТЫЛЫШ ЖАНА АДАМ**<br>«Карагул ботом» (элдик чыгарма). | 1 |
| 5 | А.Токомбаев. «Ай нурунда кышкы түн», «Жайкы таңда». | 1 |
| 6 | Класстан тышкаркы окуу. | 2 |
| 7 | Жазуу жумуштары | 2 |
| 8 | Чейректик кайталоо | 1 |
| | **IV чейрек (18 саат)** | |
| 1 | А.Осмонов. «Ата Журт», «Кыргыз тоолору» | 1 |
| 2 | Р.Шүкүрбеков. «Тоо эчки» | 1 |
| 3 | М.Алыбаев. «Ала-Тоо», «Соң-Көл», «Тянь-Шань» | 1 |
| 4 | С.Эралиев «Жамгыр», «Булут» | 1 |
| | **ЭЛ АКЫНДАРЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫНАН** | |
| 1 | Тоголок Молдо. «Телибай Тентек» | 2 |
| 2 | Барпы Алыкулов. «Жакшы кыз», «Өзү каар, тили заар кыз», «Болоор жигит», «Болбос жигит», «Эр жигитке сын». | 2 |
| | **ОРУС КЛАССИКАЛЫК АДАБИЯТЫНЫН** | |
| 1 | А.С.Пушкин. «Балык жана балыкчы тууралуу жомок» | 3 |
| 2 | Класстан тышкаркы окуу. | 2 |
| 3 | Жазуу жумуштары | 2 |
| 4 | Чейректик жана жылдык кайталоо | 3 |
| | Жалпы*:*<br>*Чыгармаларды үйрөнүү үчүн* | 46 |
| | *Класстан тышкаркы окуу* | 8 |
| | *Жазуу жумуштары үчүн* | 8 |
| | *Чейректик жана жылдык кайталоо үчүн* | 6 |

**VI КЛАСС**
**(жыл бою 68 саат)**

| № | ТЕМАЛАРЫ | сааты |
|---|---|---|
| | **I чейрек (18 саат)** | |
| 1 | Киришүү | 1 |
| | **ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТЫН КАЗЫНАСЫНАН** | |
| 1 | Эмгек ырлары: «Оп майда», «Бекбекей», «Шырылдаң» | 2 |
| 2 | Каада-салт ырлары: «Алдей-алдей, бөбөгүм», «Акыйнек», «Жарамазан» | 2 |
| 3 | Арман ырлары: «Койчунун арманы» | 1 |
| 4 | Кошоктор: «Дыйкандын аялынын кошогу», «Гүл ойрон» | 2 |
| 5 | Тамсилдер: «Алкы жаман карышкыр», «Арстандын күчүн асыраган Мышык», «Иттин доолдай тиктирем дегени» (Тоголок Молдо иштеп чыккан). | 2 |
| | **ЭЛДИК ЭПОСТОРДОН** | |
| 1 | «Эр Төштүк» | 3 |
| 2 | Класстан тышкаркы окуу. | 2 |
| 3 | Жазуу жумуштары | 2 |
| 4 | Чейректик кайталоо | 1 |
| | **II чейрек (14 саат)** | |
| 1 | «Эр Төштүк» | 1 |
| 2 | «Каныкейдин Тайторуну чапканы» («Манас» эпосунан үзүндү). | 2 |
| 3 | А.Чоробаев. «Тайлак баатыр». | 3 |

| | | |
|---|---|---|
| | **ЭЛ АКЫНДАРЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫНАН** | |
| 1 | Токтогул Сатылганов. «Жеңижокту жоктоо». | 1 |
| 2 | Жеңижок Өтө уулу. «Айтамын санат тобуна». | 1 |
| 3 | Барпы. «Балдарга насыят» | 1 |
| 4 | Класстан тышкаркы окуу. | 2 |
| 5 | Жазуу жумуштары | 2 |
| 6 | Чейректик кайталоо | 1 |
| | **III чейрек (18 саат)** | |
| 1 | Барпы. «Балдарга насыят» | 1 |
| | **АКЫН-ЖАЗУУЧУЛАР КАЙРА ИШТЕП ЧЫККАН ЧЫГАРМАЛАРДАН** | |
| 1 | А.Осмонов. «Толубай сынчы» | 2 |
| 2 | Ж.Бөкөнбаев. «Чептен эрдин күчү бек» | 2 |
| | **КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ӨТКӨН ТУРМУШУНАН** | |
| 1 | А.Токомбаев. «Күүнүн сыры», «Акылмандын жообу» | 4 |
| 2 | М.Элебаев. «Бороондуу күнү» | 1 |
| 3 | Ч.Айтматов. «Биринчи мугалим» | 3 |
| 4 | Класстан тышкаркы окуу. | 2 |
| 5 | Жазуу жумуштары | 2 |
| 6 | Чейректик кайталоо | 1 |
| | **IV чейрек (18 саат)** | |
| 1 | Ч.Айтматов. «Биринчи мугалим» | 1 |
| 2 | М.Абылкасымова. «Эстелик сүйлөйт» | 2 |
| 3 | Б.Жакиев. «Атанын тагдыры» | 4 |
| | **ЖАРАТЫЛЫШ, ЖАН-ЖАНЫБАРЛАР ЖӨНҮНДӨ** | |
| 1 | Т.Сыдыкбеков. «Көк серек» | 2 |
| | **АДЕП-АХЛАК ТЕМАСЫНАН** | |
| 1 | Ж.Мавлянов «Нан» | 2 |
| 2 | Класстан тышкаркы окуу. | 2 |
| 3 | Жазуу жумуштары. | 2 |
| 4 | Чейректик жана жылдык кайталоо. | 3 |
| | Жалпы*:*<br>*Чыгармаларды үйрөнүү үчүн* | 46 |
| | *Жазуу жумуштары үчүн* | 8 |
| | *Класстан тышкаркы окуу* | 8 |
| | *Чейректик жана жылдык кайталоо үчүн* | 6 |

**VII КЛАСС**
**(жыл бою 102 саат)**

| № | ТЕМАЛАРЫ | сааты |
|---|---|---|
| | **I чейрек (27 саат)** | |
| 1 | Киришүү. | 1 |
| | **ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТЫН КАЗЫНАСЫНАН** | |
| 1 | «Кожожаш» | 4 |
| | «Эр Табылды» | 4 |
| | **ЭЛ АКЫНДАРЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫНАН** | |
| | Молдо Кылыч. «Чүй баяны» | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| | Токтогул. «Санат, насыят ырларынан» | 1 |
| | Барпы. «Ак кымкаптан тон албайм», «Сүйлөш үчүн тил керек», «Ала-Тоо көркүө келбейт эл болбосо» | 2 |
| | Айтыш. Жеңижок менен Эсенамандын айтышы | 2 |
| | Калык Акы уулу. «Баскан жол» (тандалган үзүндүлөр). | 3 |
| | Коргол Досу уулу. «Токтогулдун баласынын өлгөнүн угузганы» | 1 |
| | **КЫРГЫЗ ПРОФЕССИОНАЛ АДАБИЯТЫНАН** | |
| | А. Токомбаев. «Жараланган жүрөк» | 1 |
| | Класстан тышкаркы окуу | 2 |
| | Жазуу жумуштары | 3 |
| | Чейректик кайталоо | 1 |
| | **II чейрек (21 саат)** | |
| | А. Токомбаев. «Жараланган жүрөк» | 2 |
| | Н.Байтемиров. «Тарых эстелиги» (романдан тандалган үзүндүлөр). | 3 |
| | Т. Сыдыкбеков. «Акылман куудул» | 3 |
| | Ч.Айтматов. «Бетме-бет» | 3 |
| | Ч.Айтматов. «Эрте келген турналар» | 3 |
| | Ч.Айтматов «Балалыгым» | 1 |
| | Класстан тышкаркы окуу | 2 |
| | Жазуу жумуштары | 3 |
| | Чейректик кайталоо | 1 |
| | **III чейрек (27 саат)** | |
| | Ч.Айтматов «Балалыгым» | 2 |
| | А.Осмонов. «Маляр», «Буудай сапыруу», «ФЗОдогу иниме», «Жумушчу», «Ысык-Көлдө төрт мезгил», «Кайыңды», «Оорулуу акын» | 3 |
| | Ж.Сыдыков. «Манастын уулу Семетей» | 3 |
| | Т.Касымбеков. «Адам болгум келет» | 3 |
| | Т.Кожомбердиев. «Апа», «Эне жана коломто» | 2 |
| | Ж.Мамытов. «Буурул түндүн жомогу» | 2 |
| | А.Жакыпбеков. «Айкашка» | 3 |
| | О.Султанов. «Кош, Ысык-Көл», «Бокс», «Алтай… Алтай», «Жоокер» | 2 |
| | М.Байжиев «Бир тоголок самын» | 1 |
| | Класстан тышкаркы окуу | 2 |
| | Жазуу жумуштары | 3 |
| | Чейректик жана жылдык кайталоо | 1 |
| | **IV чейрек (27 саат)** | |
| | М.Байжиев «Бир тоголок самын» | 1 |
| | М.Тойбаев. «Жоронун жоруктары» | 3 |
| | М.Гапаров. «Байчечек» | 2 |
| | А.Өмүрканов «Чолпонбай» | 2 |
| | Э.Ибраев. «Ойгон, кыргыз», «Улут болсом, тилим менен улутмун» | 3 |
| | А.Стамов. «Үч мээрим» | 3 |
| | С.Раев. «Эмне дейм, сизге эжеке» | 2 |
| | **ОРУС АДАБИЯТЫНАН** | |
| | А.П.Чехов. «Хамелеон», «Чиновниктин өлүмү» | 3 |
| | Класстан тышкаркы окуу | 2 |
| | Жазуу жумуштары | 3 |
| | Чейректик жана жылдык кайталоо | 3 |

| | | |
|---|---|---|
| | Жалпы*:*<br>*Чыгармаларды үйрөнүү үчүн* | 76 |
| | *Жазуу жумуштары үчүн* | 12 |
| | *Класстан тышкаркы окуу* | 8 |
| | *Чейректик жана жылдык кайталоо үчүн* | 6 |

**VIII КЛАСС**
**(жыл бою 68 саат)**

| **№** | **ТЕМАЛАРЫ** | **сааты** |
|---|---|---|
| | **I чейрек (18 саат)** | |
| | **КЫРГЫЗ ЭЛИНИН БАЙЫРКЫ ЖАЗМА ЭСТЕЛИКТЕРИ ЖАНА ООЗЕКИ КӨРКӨМ МУРАСЫ** | |
| 1 | Орхон-Эне-Сай жазма эстеликтери жөнүндө жалпы маалымат. Күл Тегиндин эстелигиндеги ташка чегилген жазуулар. | 1 |
| | **КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ООЗЕКИ КӨРКӨМ КАЗЫНАСЫ** | |
| 1 | Жалпы обзор. | 1 |
| 2 | «Манас» (мугалим жана окуучулар бириктирилген варианттан, же Сагымбайдын же Саякбайдын варианты өздөрү тандап алат). | 10 |
| | “Семетей” | 3 |
| 4 | Класстан тышкаркы окуу. | 1 |
| 5 | Жазуу жумуштары | 1 |
| 6 | Чейректик кайталоо | 1 |
| | **II чейрек (14 саат)** | |
| 7 | “Семетей” | 7 |
| 8 | «Сейтек» | 4 |
| 9 | Класстан тышкаркы окуу. | 1 |
| 10 | Жазуу жумуштары | 1 |
| 11 | Чейректик кайталоо | 1 |
| | **III чейрек (18 саат)** | |
| 12 | “Сейтек” | 1 |
| 13 | «Курманбек» эпосу | 3 |
| | **ТҮРК ЭЛДЕРИНИН ОРТОК МУРАСТАРЫНАН** | |
| 1 | Жусуп Баласагын «Кут алчу билим» (тандалган үзүндүлөр). | 3 |
| 2 | Махмуд Кашкары. «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы» (сөздүктөгү элдик ырлар, макал-ылакаптар) | 2 |
| | **УЛАМЫШКА АЙЛАНГАН АКЫЛМАН ИНСАНДАРДЫН МУРАСТАРЫНАН** | |
| 1 | Асан Кайгы, Токтогул, Кетбука. | 1 |
| | **XIX — XX КЫЛЫМДАГЫ ЭЛ ЫРЧЫЛАРЫНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ** | |
| 1 | Жалпы обзор. | 1 |
| 2 | Калыгул Бай уулу. «Калыгулдун сөзү», «Санат, насыят» терме ырлары», «Акыр заман» | 2 |
| 3 | Арстанбек Буйлаш уулу. «Тар заман» | 2 |
| 4 | Класстан тышкаркы окуу. | 1 |
| 5 | Жазуу жумуштары | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| 6 | Чейректик кайталоо | 1 |
| | **IV чейрек (18 саат)** | |
| 7 | Токтогул Сатылгановдун ырлары: «Кош, апаке», «Айланган тоонун бүркүтү», «Энсеген элим, аманбы», «Жаштарга», «Эшмамбет менен учурашуу», «Гүлдөп ал», «Дүнүйө», «Алымкан», «Өмүр», «Карылык», «Өлүм алдында ырдаганы» | 4 |
| 8 | Жеңижок (Өтө Көкө уулу). «Балалык», «Жалгыз тал менен сүйлөшүү», «Аккан суу», «Үй-бүлө», «Ак куржун толо ыр калды» | 3 |
| 9 | Барпы Алыкулов. Ырлары: «Ынтымак», «Айт, айт десе», «Күн», «Шамал», «Дүнүйө», «Көз», «Кулмырза менен Аксаткын». Сүйүү лирикалары: «Мөлмөлүм», «Мырзайым», «Буракжан», «Гөзал кыз» | 3 |
| | **ЧЫГЫШ КЛАССИКАСЫНАН** | |
| 1 | Ш.Руставели. «Жолборс терисин жамынган баатыр» | 3 |
| 2 | Класстан тышкаркы окуу. | 1 |
| 3 | Жазуу жумуштары | 1 |
| 4 | Чейректик жана жылдык кайталоо | 3 |
| | Жалпы*:*<br>*Чыгармаларды үйрөнүү үчүн* | 54 |
| | *Жазуу жумуштары үчүн* | 4 |
| | *Класстан тышкаркы окуу* | 4 |
| | *Чейректик жана жылдык кайталоо үчүн* | 6 |

## IX КЛАСС
### (жыл бою 102 саат)

| № | ТЕМАЛАРЫ | саатЫ |
|---|---|---|
| | **I чейрек (27 саат)** | |
| | **СОВЕТТИК МЕЗГИЛДЕГИ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ** | |
| | К.Тыныстанов. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Ала-Тоо», «Кышкы түндө», «Манас күмбөзү», «Ысык-Көл», «Жайлоо», «Жаз» | 5 |
| | С.Карачев. Өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Эрксиз күндөрдө» | 2 |
| | А.Токомбаев. Өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Мезгил учат» повести | 4 |
| | К.Жантөшев. Өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Каныбек» романы (тандалган үзүндүлөр). | 4 |
| | М.Элебаев. Өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Кыйын кезең» повести. | 3 |
| | Ж.Турусбеков. Өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Ажал ордуна» драмасы, «Энем», поэмасы. | 3 |
| | Класстан тышкаркы окуу. | 2 |
| | Жазуу жумуштары | 3 |
| | Чейректик кайталоо. | 1 |
| | **II чейрек (21 саат)** | |
| | Ж.Турусбеков. Өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Ажал ордуна» драмасы, «Энем», поэмасы. | 2 |
| | Ж.Бөкөнбаев. Өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Ажал менен Ар-Намыс» поэмасы | 3 |
| | К.Маликов, А.Куттубаев. Өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалымат. | 3 |

| | | |
|---|---|---|
| | «Жаңыл Мырза» драмасы | |
| | А.Осмонов. Өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалымат. Лирикалары: «Бөбөккө», «Адамзат», «Тирүүлүк», «Коштошуу», «Мен тансам…», «Өзүмдү өзүм», «Мен кыргыздын акыны», «Музыка», «Пушкинге», «Шотага». Поэмалары: «Ким болду экен?», «Эшимкандын тереги», «Өлүп тирилгендер» | 7 |
| | Класстан тышкаркы окуу. | 2 |
| | Жазуу жумуштары | 3 |
| | Чейректик кайталоо | 1 |
| | **III чейрек (27 саат)** | |
| | Ч.Айтматов. Өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Саманчынын жолу», «Ак кеме» повесттери | 8 |
| | Т.Адышева. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Кылы үзүлгөн комузум» (повесттен үзүндү). | 3 |
| | К.Осмоналиев. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Бүркүтчү» (аңгемеден үзүндү). | 3 |
| | К.Каимов. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Анарбайдын көпүрөсү» | 2 |
| | А.Саспаев. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Татым туз», «Сарала ит» | 4 |
| | Б.Сарногоев. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Бүркүттүн өлүмү» | 1 |
| | Класстан тышкаркы окуу. | 2 |
| 14 | Жазуу жумуштары | 3 |
| 15 | Чейректик жана жылдык кайталоо | 1 |
| | **IV чейрек (27 саат)** | |
| | Ө.Даникеев. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Кыздын сыры» повести | 3 |
| | Ш.Садыбакасов. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Ак боз ат» драмасы | 3 |
| | К.Жусубалиев. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Кожожаш мерген» (повесттен үзүндү) | 3 |
| | К.Акматов. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Эки сап өмүр» | 2 |
| | **ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК МЕЗГИЛИНДЕГИ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ** | |
| | А.Жакшылыков. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Кара Молдо» | 2 |
| | А.Рыскулов. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Атакенин ак болот» романы | 3 |
| | Э.Эрматов. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Саймалуу таш» ыр түрмөгү | 2 |
| | Адабият теориясы боюнча V-IX класстарда алган билимдерди кайталоо жана жыйынтыктоо. | 1 |
| 16 | Класстан тышкаркы окуу. | 2 |
| 20 | Жазуу жумуштары | 3 |
| 22 | Чейректик жана жылдык кайталоо | 3 |
| | Жалпы*:* *Чыгармаларды үйрөнүү үчүн* | 76 |

| | | |
|---|---|---|
| | | |
| | *Жазуу жумуштары үчүн* | 12 |
| | *Класстан тышкыркы окуу* | 8 |
| | *Чейректик жана жылдык кайталоо үчүн* | 6 |

## 2.2. Окуу предметтин негизги мазмуну

**V (68 СААТ)**

**Киришүү (1 саат)**

Китеп жана адам. Рухий маданияттын жогорку көрсөткүчүнүн бир белгиси – китепкөйлүк. Ыйманга, адеп-ахлакка үйрөтүүдө көркөм чыгарманын мааниси. Адабият сабагы – мектепте үйрөнүлүүчү сабактардын орчундууларынын бири. Бул сабактын предмети жана милдети. Адабият – сөз өнөрү. Сөз өнөрү катары адабияттын искусствонун башка түрлөрүнөн (музыка, театр, кино, сүрөт ж.б.) өзгөчөлүктөрү.

**Элдик жомоктор**

**«Алтын куш», «Акыл Карачач», «Акылдуу дыйкан», «Өнөрлүү бала» (4 саат)**

«Алтын куш» – кереметтүү, фантастикалык окуяларга бай, курч сюжеттүү жомок. Жомоктогу гуманисттик пафос. Адамдын бардык кыйынчылыктарды жеңиши жана ага жардам берген жаныбарлар. Достук жана кастык. Айбанаттарды коргоо тууралуу бүгүнкү актуалдуу маселе менен үндөштүгү.

«Акыл Карачач» – жомогунда акылмандыктын, «караңгыда жол тапкан, капилеттен сөз тапкан» чечендиктин, сөз тапкычтыктын даңазаланышы. Эл ишениминин чагылдырылышы. Кыргыз элинин кыздарга мамилесинин жомокто көрсөтүлүшү.

«Акылдуу дыйкан» – жөнөкөй, эмгекчи, эч кимге билинбеген карапайым адамдын акылмандыгын, тапкычтыгын, билермандыгын баяндаган чыгарма. Хан ордосу жана талаадагы дыйкан. Адам акылынын, адилеттиктин баарынан бийик коюлушу.

«Өнөрлүү бала» жомогундагы бай жана кедей темасы. Хан жана анын кызы. Баланын ар кандай тапшырмаларды аткаруудагы аракети, акылмандыгы, тапкычтыгы. Өнөр үйрөнүүгө үгүттөөчүлүк – жомоктун башкы максаты. Жомоктун негизинде жазуу жумуштарын жүргүзүү.

*Адабият теориясынан. Жомок жөнүндө түшүнүк.*

**Элдик дидактикалык чыгармалардан**

**Макал-ылакаптар (2 саат)**

Макал-ылакаптар – элдин кылымдардан берки топтогон тажрыйбасынын кыска жана нуска чагылышы. Жаштарды тарбиялоодогу макал-ылакаптардын ролу. Макал-ылакаптардын чыгыш себептери, макал менен ылакаптын айырмасы. Кыргыз макал-ылакаптарынын тематикалык байлыгы, ыймандык сабактары. Макал-ылакаптар – элдик акылмандыктын күбөсү. Макалдардын жана ылакаптардын тилдик өзгөчөлүгү.

*Адабият теориясынан. Макалдар жана ылакаптар жөнүндө түшүнүк.*

**Табышмактар (1 саат)**

Эл турмушу жана табышмактар. Табышмактардын мазмунунун ар түрдүүлүгү, алардагы акылмандыктын, байкагычтыктын, чыгармачылык фантазиянын күчү. Табышмак жана жандырмак, алардын ортосундагы байланыш.

*Адабият теориясынан. Табышмак жөнүндө түшүнүк.*

**Жаңылмачтар (1 саат)**

Тилдин жатыктыгын, тапкычтыкты, ойлоо-туюу сезимдерин, кеп чеберчилигин калыптоодо жаңылмачтардын ролу. Жаңылмачтардын тили жана курулуш каражаттары.

*Адабият теориясынан. Жаңылмач жөнүндө түшүнүк.*

**Апыртмалар (1 саат)**

Адабий жанр катарында апыртмалардын милдети жана айтылыш чеберчилиги. Фантастикалуулук менен реалдуулуктун, комикалуулуктун катышы. Элдик апырмачылар.

*Адабият теориясынан. Апыртма – адабий жанр катарында.*

**Элдик эпикалык мурастан**

**«Манастын бала чагы» («Манас» эпосунан үзүндү) (2 саат)**

«Манас» эпосу жөнүндө кыскача маалымат. Бала Манас – Алтайга сүрүлүп барган кыргыздардын медер туткан жаш баатыры. Бала Манастын алп күч кубаты, баатырдык келбети, тайманбастыгы, курчтугу. Болочок баатырдын эпикалык каарманга мүнөздүү белгилери. Анын тышкы эл душмандары менен алгачкы таймашуулары. Жаш Манас – азап тартып, бүлүнгөн элдин келечектеги коргоочусу катары көрүнө баштады. Манастын келбетин, иш-аракетин мүнөздөөдө колдонулган тилдик каражаттар.

*Адабият теориясынан. Салыштыруу жөнүндө түшүнүк.*

**Адабий жомоктор**

**А.Токомбаев. «Жетим менен сыйкырчы» (2 саат)**

Жомокто кара ниеттик менен адилеттиктин ортосундагы күрөштүн көрсөтүлүшү. Кереметтүү окуялар жана жомоктук мотивдер. Баланын күрөшү жана анын жеңиши.

**Ч.Айтматов. «Бугу эне» («Ак кеме» повестинен үзүндү) (3 саат)**

Элдик уламыштын жазуучу тарабынан иштелип чыгышы. Мекен темасы, ыйман, адеп-ахлак жана экологиялык проблемалар. Жакшылык жана жамандык, адилдик жана адилетсиздик. Уламыштын сабагы жана бүгүнкү күн. Уламыштын тилдик бөтөнчөлүгү, жазуучунун сүрөттөө чеберчилиги.

*Адабият теориясынан. Диалог жөнүндө түшүнүк.*

**Т.Үмөталиев. «Күч бирдикте» (1 саат)**

Жомоктун ынтымакка, биримдикке, бакытка, максатка жетүүнүн, турмуштук кыйынчылыктарды жеңүүнүн бекем негизи катары туюнтулушу. Абышканын турмуштук жагдайлары, анын акылдуулугу. Жомоктун тарбиялык маани-мазмуну.

**Ж.Садыков. «Эненин жүрөгү» (1 саат)**

Уламыштын нравалык теманы көтөрүп чыгышы. Гуманизм маселеси, улуттук колорит жана эненин образындагы көп түрдүүлүк. Уламыштын тарбиялык, таалим берүүчүлүк мааниси.

**С.Рысбаев. «Балык балдар же көл жээгиндеги түнкү кум сепилдер» (2 саат)**

Жомокто көл түбүндө калган байыркы кыргыздын алтын шаары, эл ынтымагы, улуттук биримдик идеяларынан балык балдар менен бүгүнкү балдардын жолугушусу аркылуу берилиши. Жомоктун сюжетинин курулушу, андагы драматизм, бүгүнкү күндүн адамдарына айтылган насаат.

*Адабият теориясынан. Адабий жомок жөнүндө түшүнүк.*

**Кыргыз фантастикасынын тарыхынан**

**К.Эсенкожоев. «Үчүнчү шар» (2 саат)**

Улуу Ата мекендик согуш алдындагы илим менен техниканын деңгээли. Асмандын табышмактуулугу жана аны ачуу үчүн аракеттер. Каармандын кызыгууларын берүүдөгү жазуучунун чеберчилиги. Фантастикалуулук жана реалдуулук.

**Кошумча окуу үчүн:** Б.Сартов «Роботтун туулган күнү» (фантастикалык аңгеме).

*Адабият теориясынан. Илимий-фантастикалык чыгарма.*

**Үркүн темасы**

**Ы.Шайбеков. «Кайран эл» (1 саат)**

1916-жылдагы тарых окуясы жана анын көркөм чыгармада көрсөтүлүшү. Үркүндөгү калктын абалы. Эл башына түшкөн оор күндөрдү чагылдырууда акындын чеберчилиги.

**К.Баялинов. «Ажар» повести (2 саат)**

«Ажар» повестинде Кытай жерине качып барган кыргыз кыздарынын типтүү турмушунун реалдуу көрсөтүлүшү. Чыгармадагы күрөш идеясы. Трагедиялуулук.

Драмалуулук. Повесттеги эмоционалдуулук. Ажар – башкы каарман, анын образын ачуудагы жазуучу колдонгон каражаттар. Кыргыз адабиятындагы «Ажар» повестинин орду жана таасири.

**Кошумча окуу үчүн:** А.Токтомушев. «Какшаалдан кат»

*Адабият теориясынан. Көркөм чыгармадагы пролог жана эпилог.*

**С.Өмүрбаев. «Телегей» (романдан тандалган үзүндүлөр) (2 саат)**

Телегейдин тагдыры – кыйын күндөрдөгү кыргыз аялынын тагдыры. Каармандын образын ачуудагы жазуучунун устаттыгы. Чыгарманын документалдык мүнөзү. Романдын адеп-ахлактык сабактары.

*Адабият теориясынан. Көркөм чыгарманын тили жөнүндө түшүнүк.*

**Улуу Ата Мекендик согуш темасынан**

**А.Осмонов. «Неге кечигет», «Бүкөн» (2 саат)**

Ырларда адам тагдырындагы согуштун терс таасиринин көрсөтүлүшү. Образдуулук жана поэтикалуулук аркылуу тынчтык кандай керек экендигинин айтылышы. Метафоралуулук ойду берүүнүн бир жолу катары. Бүкөндүн образы.

**С.Жусуев. «Алакан» (1 саат)**

Согуш эстелигинин – алакандын көркөм сүрөтү. Ырдын поэтикалык күчү. Салыштыруулар. Образдуулук.

**Ч.Айтматов. «Атадан калган туяк» (2 саат)**

Аңгемеде согушта курман болгон атасынын эрдигине баласынын сыймыктануу сезиминин ойгонушу жана ага таасир эткен окуялар. Балалык баёо романтика жана трагедиялуулук. Каармандын ички санаркоолорунун, ой толгоолорунун, мүнөзүнүн чеберчилик менен ачылышы. Ч.Айтматовдун калемине таандык чыгарманын көркөмдүк артыкчылыктары.

*Адабият теориясынан. Аңгеме жөнүндө түшүнүк.*

**Жаратылыш жана адам**

**«Карагул ботом» (элдик чыгарма) (1 саат)**

Чыгармадагы трагедия жана ага алып келген себеп-шарттар. Легенданын бүгүнкү күн үчүн мааниси. Адам жана табият жөнүндөгү ой. Ырдын муңдуулугу, стили.

**А.Токомбаев. «Ай нурунда кышкы түн», «Жайкы таңда» (1 саат)**

Табият көркү жана адам, кыргыз жеринин сулуулугу. Акындын жаратылышты сүрөттөө үчүн тандаган образдуу каражаттары.

*Адабият теориясынан. Көркөм чыгармадагы пейзаж.*

**А.Осмонов. «Ата Журт», «Кыргыз тоолору» (1 саат)**

«Ата Журттун» көркөмдүк, идеялык мааниси. Кыргыз тоолору – акындын сүрөттөө предмети. Тоолордун образын тартууда колдонулган көркөм каражаттар.

*Адабият теориясынан. Салыштыруу жөнүндө түшүнүктү тереңдетүү.*

**Р.Шүкүрбеков. «Тоо эчки» (1 саат)**

Ырдагы тоо эчкинин күйүтү-күйгөнү. Кыянаттыктын айыпталышы. Чыгарманын гуманизми, көркөмдүгү.

**М.Алыбаев. «Ала-Тоо», «Соң-Көл», «Тянь-Шань» (1 саат).**

Ырлардагы кыргыз жеринин поэтикалык элеси. Акындын туулган жерге болгон сүйүүсүнүн тереңдиги. Ырлардын көркөмдүгү.

**С.Эралиев «Жамгыр», «Булут» (1 саат)**

Лирикалык ырлардагы пейзаждык сүрөттөөлөр. Табият көрүнүшүн тартууда акын колдонгон салыштыруулар, эпитеттер. Сүрөттөөнүн жөнөкөйлүгү, экспрессивдүүлүгү. Акындын ойлорунун таамайлыгы, тактыгы, элестүүлүгү. С.Эралиевдин акындык чеберчилиги, сөз менен иштөө маданияты.

*Адабият теориясынан. Ыргак (ритм) жөнүндө түшүнүк.*

**Эл акындарынын чыгармаларынан**

**Тоголок Молдо. «Телибай Тентек» (2 саат)**

Телибай Тентек – ылакапка айланган каарман. Чыгармадагы тарбиялык, таалим берүүлүк идея. Каармандын ар кыл сапаттарын ачуудагы акындын тапкычтыгы, тилинин жатыктыгы жана таамайлыгы.

**Барпы Алыкулов. «Жакшы кыз», «Өзү каар, тили заар кыз», «Болоор жигит», «Болбос жигит», «Эр жигитке сын» (2 саат)**

Жакшы адам жана жаман адам жөнүндөгү элдик түшүнүктөр Барпынын чыгармачылыгында. Жакшылыкты жана жамандыкты көрсөтүүдө акын колдонгон каражаттар. Ыйман жана жаштар. Бүгүнкү күн жана Барпынын ырларынын тарбиялык мааниси.

*Адабият теориясынан. Санат-насыят, үлгү ырлары*

**Орус классикалык адабиятынан**

**А.С.Пушкин. «Балык жана балыкчы тууралуу жомок» (3 саат)**

Жомоктогу ач көздүктүн, көрө албастыктын, дүйнөкорлуктун ашкерелениши. Бар дүйнөгө ыраазы болбоо, канаттанбоо – ыймандык катастрофанын башталышы. Жомоктун нравалык сабагы, бүгүнкү күндүн проблемалары менен байланышы.

## ЖАТТООГО БЕРИЛҮҮЧҮ ЧЫГАРМАЛАР

Макал-ылакаптар, табышмактар, жаңылмачтар, апыртмалар (мугалимдин жана окуучунун тандоосу боюнча).

«Манастын бала чагы» (үзүндү).

Ч.Айтматов «Бугу-Эне» (үзүндү).

Ы.Шайбеков «Кайран эл» (үзүндү).

А.Осмонов «Неге кечигет», «Бүкөн», «Кыргыз тоолору».

С.Жусуев «Алакан».

«Карагул ботом» (үзүндү).

А.Токомбаев «Ай нурунда кышкы түн», «Жайкы таңда».

М.Алыбаев «Ала-Тоого», «Соң-Көл», «Тянь-Шань».

А.С.Пушкин «Балык жана балыкчы тууралуу жомок» (үзүндү).

## V КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮНӨ КОЮЛУУЧУ НЕГИЗГИ ТАЛАПТАР

***Окуучулар төмөндөгүдөй компетенттүүлүктөргө ээ болуусу керек:***

- элдик оозеки адабиятын жазма адабияттан өзгөчөлүгүн билүү;
- чыгарманын тегин, түрүн, жанрын ажыратуу;
- көркөм чыгарманы элестетип, ошол элесин оозеки айтып бере алуу;
- үйрөнүлүп жаткан чыгарманын каарманын мүнөздөй алуу;
- ар башка каармандардын бирдей кырдаалда, жагдайда жасаган иш-аракеттерин салыштыра жана баа бере билүү;
- чыгарманын текстинен автордун каармандарга түздөн-түз берген баасын таба билүү;
- көркөм чыгармаларды көрктүү окуу;
- сюжеттүү чыгарманын жөнөкөй жана татаал планын түзүү;
- көлөмү чакан прозалык чыгарманын планын, мазмунун кеңири, тандалмалуу же кыскартылган түрүндө оозеки жана жазуу жүзүндө айтып, жазып бере алуу (изложение);
- өз алдынча окулган адабий чыгарма жөнүндө айтып берүү (өз мамилесин билдирүү менен);
- программада жатка үйрөнүүгө сунуш кылынган тексттерди билүү;

- окуу хрестоматиясынын жана башка китептердин маалымат берүүчү аппараттарынан пайдалануу.

## СААТТАРДЫН ЖАЛПЫ БӨЛҮШТҮРҮЛҮШҮ

*Чыгармаларды окуп үйрөнүү үчүн – **46 саат***
*Класстан тышкаркы окуу үчүн – **8 саат***
*Дил баян үчүн – **8 саат***
*Чейректик кайталоолор үчүн – **4 саат***
*Жыйынтыктоочу кайталоо – **2 саат***
*Баары – **68 саат***

## VI класс (68 саат)

**Киришүү (1 саат)**

Көркөм адабияттын башкы предмети – адам жана анын көп кырдуу турмушу. Илимдин жана көркөм өнөрдүн башка түрлөрүнөн адабияттын айырмасы. Тил – жазуучунун негизги куралы.

### Элдик оозеки чыгармачылыктын казынасынан

**Эмгек ырлары: «Оп майда», «Бекбекей», «Шырылдаң» (2 саат)**

Эмгек ырларында эл турмушунун жана элдин социалдык абалынын чагылдырылышы. Элдин көз карашы, үрп-адаты, үмүт-тилеги – эмгек ырларында. Коомдук турмушта эмгек ырларынын жаралыш себептери жана ролу.

*Адабият теориясынан. Эмгек ырлары.*

**Каада-салт ырлары: «Алдей-алдей, бөбөгүм», «Акыйнек», «Жарамазан» (2 саат).**

Каада-салт ырларында элдин үрп-адатынын, салт-санаасынын, турмуштук түшүнүгүнүн, көз карашынын көрсөтүлүшү. Ырасымга байланыштуу окуяга карата чыгарылган жана ырдалган ырлардын мазмунундагы жана формасындагы өзгөчөлүктөр. Ырлардын аткарылыш бөтөнчөлүктөрү, этнопедагогикалык идеялар жана эл турмушундагы мааниси.

*Адабият теориясынан. Каада-салт ырлары.*

**Арман ырлары: «Койчунун арманы» (1 саат).**

Арман ырларынын жанрдык өзгөчөлүктөрү. Армандардын жаралышынын тарыхый, социалдык негиздери. Лирикалык каармандын көңүл жагдайынын армандарда көркөм чагылдырылышы. Армандагы кор болгон адамдын образы жана анын үмүт-тилеги.

*Адабият теориясынан. Арман ырлары жөнүндө түшүнүк.*

**Кошоктор: «Дыйкандын аялынын кошогу», «Гүл ойрон» (2 саат).**

Кошок – элдик салт ырлардын бир формасы. Кошокчунун айтуучулук чеберчилиги. Кошоктогу кайгы-муң. Кошоктун стилдик өзгөчөлүктөрү жана Тоголок Молдонун бул жанрдагы чыгармачылык табылгалары.

*Адабият теориясынан. Кошок – элдик оозеки чыгармачылыктын бир жанры.*

**Тамсилдер: «Алкы жаман карышкыр», «Арстандын күчүн асыраган Мышык», «Иттин доолдай тиктирем дегени» (Тоголок Молдо иштеп чыккан) (2 саат).**

Элдик тамсилдердеги негизги идеянын – ач көздүктүн, наадандыктын, кенебестиктин, жалкоолуктун, жатып ичерликтин мыскылданышы. Тамсилдердеги аллегориянын ролу, таалим- тарбия берүүчү мүнөзү.

*Адабият теориясынан. Тамсил жөнүндө түшүнүк.*

### Элдик эпостордон

**«Эр Төштүк» (4 саат)**

Эпостун кыргыз маданиятында ээлеген орду. Чыгарманын негизги мазмуну: Төштүктүн теги, бир туугандары: Элемандын Желмогуз кемпирге жолугушу; жер үстүндөгү жана жер астындагы окуялар. Адилеттүүлүк менен кыянаттыктын күрөшү, адилеттүүлүктүн салтанат курушу. Маамыттар жана жер астындагы башка жандыктар менен Төштүктүн достугу. Эпостогу терс сапаттарды алып жүргөн каармандардын – Желмогуз кемпирдин, Көк Дөөнүн, ажыдаардын сүрөттөлүшү жана аларды мүнөздөөдө пайдаланылган көркөм сөз каражаттары. Төштүк – элдин сүйүктүү баатыры. Эпостогу фантазиянын, гиперболанын күчү, архаикалык, мифологиялык каражаттар.

*Адабият теориясынан. Гипербола жана литота жөнүндө түшүнүк.*

**«Каныкейдин Тайторуну чапканы» («Манас» эпосунан үзүндү) (2 саат).** Аялзатынын айкөлдүгүнүн, акылмандыгынын, назиктигинин берилиши, каармандын психологиялык абалынын ачылышы, жаныбар менен адам тагдырынын параллель коюлушу. Манасчынын окуяны өөрчүтүп баруу чеберчилиги. Үзүндүнүн тилдик каражаттары.

**А.Чоробаев. «Тайлак баатыр» (3 саат).**

Уламыш жана чындык. Жеке адам жана доор. Адамдагы баатырдык, айкөлдүк сапаттардын ачылышы. Мезгилдин алкагында эл үчүн күрөшүүчү инсанды көрсөтүүдө акындын тандаган көркөм ыкмалары. Тайлак – кыргыз элинин улуу уулу.

**Эл акындарынын чыгармаларынан**

**Токтогул Сатылганов. «Жеңижокту жоктоо» (1 саат).**

Акындык өнөрдүн, адамдык сапаттын даңазаланышы. Көркөм сөз ээси жана ага баа берүү. Акындын Жеңижок жөнүндө айткандарынын реалдуулугу жана таасирдүүлүгү.

**Жеңижок Өтө уулу. «Айтамын санат тобуна» (1 саат).**

Турмуш, өмүр, жашоо, бул дүйнө, тигил дүйнө, жакшылык, жамандык сыяктуу түшүнүктөр – Жеңижоктун чечмелөөсүндө. Акындын ой-жүгүртүүлөрүнүн кеңдиги, көркөм табылгаларынын омоктуулугу, төкмөлүк өнөрдүн мүмкүнчүлүктөрүнүн ачылышы.

*Адабият теориясынан. Аллитерация жана ассонанс.*

**Барпы. «Балдарга насыят» (2 саат).**

Насыят ырындагы дидактикалык маани. Жакшылык жана жамандык, оң-тескерилик, тууралык жана каталык – бири-бирине карама-каршы түшүнүктөр. Барпынын педагогикалык ойлорунун бүгүнкү күндөгү актуалдуулугу.

*Адабият теориясынан. Санат-насыят ырлары жөнүндө түшүнүктү тереңдетүү.*

**Акын-жазуучулар кайра иштеп чыккан чыгармалардан**

**А.Осмонов. «Толубай сынчы» (2 саат).**

Толубай сынчы жана Азиз хан – бул эки контрасттуу каарманга карата автордук мамиленин чыгарманын көркөм системасы аркылуу көрүнүшү. Бийлик өкүлдөрүнүн, жалган хандардын ашкерелениши жана алардан бийик, таза турган карапайым адамдардын көздөн далдоо жашашы. Чындык үчүн күрөш. Сынчылык өнөрдүн даңазаланышы, өнөр адамы жана ага хандык мамиле. Тулпардын сынын берүүдөгү акындын кылдаттыгы. Поэманын кыскалыгы жана сүрөттөөлөрүнүн образдуулугу. Элдик уламыштын жогорку көркөмдүктө кайрадан иштелип чыгышы А.Осмоновдун акындык күчүнүн күбөсү катары.

*Адабият теориясынан. Кейиптештирүү жана метафора.*

**Ж.Бөкөнбаев. «Чептен эрдин күчү бек» (2 саат).**

Поэманын патриоттук пафосу. Баланын эрдиги, эненин мүнөзүндөгү балага жана Меکенге болгон мамилелер. Карыянын акылман бүтүмү жана чыгарманын тарбиялык мааниси.

*Адабият теориясынан. Адабий жомок.*

**Кыргыз элинин өткөн турмушунан**

**А.Токомбаев. «Күүнүн сыры», «Акылмандын жообу» (4 саат).**

Аңгемелерде сүрөттөлгөн доордун жалпы сүрөтү. Каармандардын тунуктук, чындык, адилеттик үчүн күрөшү. Чыгармалардын сюжеттик-композициялык курулушу, көркөмдүк жана адеп-ахлактык сабактары.

*Адабият теориясынан. Көркөм чыгарманын тили жөнүндөгү түшүнүктү тереңдетүү.*

**М.Элебаев. «Бороондуу күнү» (1 саат).**

Аңгеменин сюжети – кыргыз калкынын революциянын алдындагы оор турмушун сүрөттөөгө арналышы. Боз үйдүн көрүнүшүн, анын ичиндеги адамдарды чагылдыруудагы сүрөткердин устаттыгы. Жолоочунун ички психологиялык абалы жана анын байкагычтыгы. Аңгемедеги деталдардын мааниси. Кыскалык, тактык.

*Адабият теориясынан. Аңгеме жөнүндө түшүнүктү тереңдетүү.*

**Ч.Айтматов. «Биринчи мугалим» (4 саат).**

Революциянын алгачкы жылдарындагы агартуу ишинин кыйынчылыктары. Эски менен жаңынын карама-каршылыгы. Дүйшөндүн жаңы турмуш, жаңы мектеп үчүн болгон каармандык күрөшү, анын бийик идеялуулугу жана революцияга берилгендиги. Алтынайдын тагдырына Дүйшөндүн ойногон ролу. Повесттеги символдор. Чыгармадагы ретроспекция жана повесттин композициясынын идеялык мазмунду ачуудагы ролу.

*Адабият теориясынан. Сюжет жана композиция.*

**М.Абылкасымова. «Эстелик сүйлөйт» (2 саат).**

Поэманын шарттуу-символикалык мүнөзү. Эстелик жана анын сөзүнүн маани-маңызы. Чыгарманын таалим-тарбия берүүчүлүгү жана публицистикалуулугу.

*Адабият теориясынан. Поэма жөнүндө түшүнүк.*

**Б.Жакиев. «Атанын тагдыры» (4 саат)**

Драмадагы чагылдырылган окуялар. Согуштун жаш балага тийгизген таасири. Үй-бүлө темасы. Чоң ата – ата – бала – үчөөнүн биримдиги. Адамгерчилик жана карасанатайлык. Согуш тууралуу аңгемелешүү.

*Адабият теориясынан. Драма жөнүндө түшүнүк.*

Чыгармадагы сүрөттөлгөн турмуш окуялары. Каармандын аракети. Турмуштук кырдаал-шарттар жана алардын каармандын мүнөзүнүн калыптанышына, сюжеттин өзгөрүшүнө тийгизген таасири.

**Жаратылыш, жан-жаныбарлар жөнүндө**

**Т.Сыдыкбеков. «Көк серек» (2 саат).**

Карышкырлардын турмушу жана анын адамдардын күнүмдүк тиричилиги менен көркөм параллелде көрсөтүлүшү. Сүрөткердин карышкырлардын жашоо образын, тиричилигин көрсөтүүдөгү натуралисттик байкоолору жана философиялык жыйынтыктары. Деталдар менен иштөөдөгү Т.Сыдыкбековдун чеберчилиги. Жан багуу, жашоо үчүн күрөш, бул күрөштөгү жеңиштер жана жеңилиштер. Бөрүлөрдүн табияттын бир мүчөсү катары көрсөтүлүшү. Адамдын гумандуулугу. Чыгармадагы шарттуулук ыкмасы, жаныбарлардын ой жүгүртүүлөрү, кыялдануулары. Аңгеменин тили.

**Адеп-ахлак темасынан**

**Ж.Мавлянов «Нан» (2 саат)**

Аңгеменин идеялык-тематикалык багытынын ыймандык маселеге көбүрөөк бурулушу. Адамдардын адептик тарбияланышын көрсөөтүүдө нандын символикалык мааниси. Образдардын ачылышы жана теманы берүүдө жазуучунун колдонгон каражаты.

**ЖАТТООГО БЕРИЛҮҮЧҮ ЧЫГАРМАЛАР**

«Оп майда».
«Бекбекей».
«Шырылдаң».
«Алдей-алдей бөбөгүм».
«Эр Төштүк» (үзүндү).

«Каныкейдин Тайторуну чапканы» (үзүндү).
Токтогул Сатылганов «Жеңижокту жоктоо» (үзүндү).
Жеңижок Өтө уулу «Айтамын санат тобуна» (үзүндү).
Барпы «Балдарга насыят» (үзүндү).
А.Осмонов «Толубай сынчы» (үзүндү).
Ж.Бөкөнбаев «Чептен эрдин күчү бек» (үзүндү).
Ч.Айтматов «Биринчи мугалим» (үзүндү).
М.Абылкасымова «Эстелик сүйлөйт» (үзүндү).

## VI КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮНӨ КОЮЛУУЧУ НЕГИЗГИ ТАЛАПТАР

***Окуучулар төмөндөгүдөй компетенттүүлүктөргө ээ болуусу керек:***

- көркөм чыгармалардагы окуяларды жана сүрөттөөлөрдү көз алдыга элестетип, кайра айтып бере алуу;
- элдик оозеки чыгармачылыктын казынасынан үйрөнгөн чыгармаларды кайсыл текке, түргө, жанрга жата тургандыгын, фольклордук чыгарма менен жазма адабияттын айырмасы эмнеде экендигин так ажырата билүүгө жетишүү;
- үйрөнүлүп жаткан чыгарманын башкы каарманынын жүрүм-турумунун, ички толгонууларынын негизинде аны толук мүнөздөй алуу;
- башкы каармандын жүрүм-турумун, жорук-жосундарын бири-бирине салыштырып баа бере билүү (мугалимдин жетекчилиги жана жамааттаашып аракеттенүү менен);
- троп жана анын түрлөрүн аныктай алуу;
- каармандарга берилген автордук көз карашты, бааны таба билүү;
- адабий чыгарманы тек, түр, жанрга карай көркөм окууга жетишүү;
- эпикалык чыгарманын бүт бөлүмү же үзүндүсү боюнча план түзө алуу;
- көлөмү чакан чыгарманы кеңири, кыска, тандалмалуу түрдө оозеки же жазма формада айтып, жазып бере алуу;
- үйрөнүлүп жаткан чыгарманын тегерегинде суроолорго так, кеңири жооп бере алуу;
- окуп-үйрөнүлүп жаткан чыгарманын айланасында турмуштук ой жүгүртө билүү;
- окулган адабий чыгарма жөнүндө өз алдынча (жеке мамилесин билдирүү менен) аңгеме куруп бере алуу;
- хрестоматиянын жана адабий китептердин маалымат берүүчү аппараттарынан пайдалана билүү;
- жаттоого берилген чыгармалардын тексттерин шыдыр, жатка айтуу;
- «Манас» айта билүү.

## СААТТАРДЫН ЖАЛПЫ БӨЛҮШТҮРҮЛҮШҮ

*Чыгармаларды окуп үйрөнүү үчүн – **46 саат***
*Класстан тышкаркы окуу үчүн – **8 саат***
*Дил баян үчүн – **8 саат***
*Чейректик кайталоолор үчүн – **4 саат***
*Жыйынтыктоочу кайталоо – **2 саат***
*Баары – **68 саат***

## VII класс (102 саат)

**Киришүү (1 саат).**

Турмуштун көп түрдүүлүгү, анын адабиятта көркөм чагылдыруунун формалары. Образдуулук – көркөм сөз өнөрүнүн башкы касиети.

*Адабият теориясынан. Образ жана образдуулук. Көркөм образ.*

**Элдик оозеки чыгармачылыктын казынасынан**

**«Кожожаш» (4 саат).**

Эпосто байыркы кыргыздардын турмуш-тиричилигинин жана жашоо, ой жүгүртүү образынын чагылышы. Адам менен жаратылыштын өз ара мамилеси. Кожожаш менен Сур эчкинин образдары. Мергенчилик – өткөн доордо турмуштук зарылчылыктан келип чыккан кесип. Кайберендердин жапа чегиши. Адамдын табият менен күрөшү, андагы жеңиши жана жеңилиши. Байыркы кыргыз мифиндеги анимисттик, тотемдик түшүнүктөр, философиялык, экологиялык подтекст. Бүгүнкү күн жана «Кожожаштын» проблематикасы. Эпосто жер-суунун, жаратылыштын поэтикалык картинасынын көркөм берилиши.

*Адабият теориясынан. Миф жөнүндө түшүнүк.*

**«Эр Табылды» (4 саат).**

Чыгарманын жаралуу мезгили, патриоттук пафосу. Мекенди сүйүү, жолдоштук, достук идеяларынын даңкталышы. Өз элине чыккынчылык кылган Кудайназар менен Чалкалмактын образдары. Табылдынын жана анын жигиттеринин мүнөздөлүшү. Уруш эпизоддору, андагы алдыңкы планга чыккан кол башчылар. Элдиярдын, Карлыгачтын эл-жерге берилгендиги. Сырткы жана ички душмандарга каршы күрөштө баатырлардын эл менен биримдиги. Эпостун тилдик байлыгы.

*Адабият теориясынан. Эпос жөнүндө түшүнүк.*

**Эл акындарынын чыгармаларынан**

**Молдо Кылыч. «Чүй баяны» (2 саат).**

«Чүй баяны» – кыргыз жеринин бир бөлүгү Кең Чүй жөнүндө, анын жан-жаныбарлары тууралуу акындын байкоолору. Молдо Кылычтын гуманизми. Поэманын бүгүнкү экологиялык маселелер менен үндөштүгү. Илгери Чүйдүн фаунасынын жана флорасынын байлыгы.

**Токтогул. «Санат, насыят ырларынан» (1 саат).**

Санат, насыят ырларындагы таалим-тарбиялык маани. Акындын жакшы-жаман көрүнүштөр тууралуу турмуштук корутундулары. Ырларда акындык бай тажрыйбанын жыйынтыкталышы. Көркөм салыштыруулар, параллелизм, аллитерация, анафора.

**Кошумча окуу үчүн:** Алымкул Үсөнбай уулу. «Токтогул менен биринчи жолугушуу»

**Барпы. «Ак кымкаптан тон албайм», «Сүйлөш үчүн тил керек», «Ала-Тоо көрккө келбейт эл болбосо» (2 саат).**

Барпынын философиялык оюнун кенендиги, ыймандуулук маселелери, ырчылык өнөрдөгү атуулдук кредосу. Акындык табылгалары, сөз күчү. Ыр курулуш өзгөчөлүктөрү.

*Адабият теориясынан. Санат-насаат, терме, үлгү ырлары.*

**Айтыш. Жеңижок менен Эсенамандын айтышы (2 саат).**

Айтыш – акындык өнөрдү сыноонун эң башкы критерийи. Жеңижок менен Эсенамандын айтышуусунун өзөгүн түзгөн тема. Акындардын кыраакылыгы, сөз тапкычтыгы, айтыш процессиндеги психологиялык абалы.

**Калык Акы уулу. «Баскан жол» (тандалган үзүндүлөр, 3 саат).**

«Баскан жол» – автобиографиялык чыгарма. Мемуарда көрсөтүлгөн тарыхый чындыктын татаалдыгы. Коом жана адам тагдыры. Жашоо, эркиндик үчүн күрөш. Акындын сүрөткерлик баянынын таасирдүүлүгү. Белгилүү тарыхый инсандардын образынын ачылышы. Өткөн күндөр, эл шайырлары жөнүндө маалымат алууда Калык Акы уулунун эскерме китебинин мааниси.

*Адабият теориясынан. Мемуардык чыгарма жөнүндө түшүнүк.*

**Коргол Досу уулу. «Токтогулдун баласынын өлгөнүн угузганы» (1 саат).**

Ырдын тарыхый негизи. Угузуу салты жана анын ырда жогорку көркөмдүктө берилиши. Окуяны жеткирүү үчүн акындын колдонгон синонимдик айкаштары. Сөз күчү жана кабыл алуу. Ырдын көркөм кудурети.

*Адабият теориясынан. Угузуу ырлары. Айтыш жана анын түрлөрү.*

**Кыргыз профессионал адабиятынан**

**А. Токомбаев. «Жараланган жүрөк» (3 саат).**

Октябрь төңкөрүшүнүн алдындагы адам тагдырларынын оор күнгө кабылышы. Бектургандын кыйын-кысталыш күндөрү, революциядан кийинки кыргыз чыгармачыл интеллигенциясынын калыптануу процессинин көркөм чечмелениши. Чыгармадагы муундар байланышы, жаштар, сүйүү темасы.

**Н.Байтемиров. «Тарых эстелиги» (романдан тандалган үзүндүлөр, 3 саат).**

Уркия Салиева – тарыхый инсан жана романдын каарманы. Чыгармадагы идея үчүн күрөш. Түштүк Кыргызстандагы колхоз курулушу үчүн таптык кагылыштар жана андагы жеке адамдын ролу. Тарых жана тагдыр темасы.

**Кошумча окуу үчүн:** Ш.Бейшеналиев «Кычан»

*Адабият теориясынан. Тарыхый чыгарма.*

**Т. Сыдыкбеков. «Акылман куудул» (3).**

Повесттин үзүндүлөрүндө Куйручуктун куудулдугунун ар кыл окуяларда көрсөтүлүшү. Каармандын башкы сапаттары - чынчылдыгы, тапкычтыгы, бей-бечара, карыптарга көз салгандыгы, ач көздүктү, эки жүздүүлүктү ашкереленише. Элдик салт-санаанын, үрп-адаттын көрсөтүлүшү. Тарыхый белгилүү адамдардын образдары. Куйручуктун окуяларын көрсөтүүдөгү жазуучунун анын куудуулдук окуяларын колдонушу жана элдик тилден кеңири пайдаланышы.

**Ч.Айтматов. «Бетме-бет» (3 саат).**

«Бетме-бет» повести Ата Мекендик согуш учурундагы татаал тагдырлар жөнүндөгү чыгарма. Ысмайылдын, Сейденин образдары, алардын көркөмдүк касиети. Чыгарманын адеп-ахлактык мазмуну.

**Ч.Айтматов. «Эрте келген турналар» (3 саат).**

«Эрте келген турналар» повестинде элет балдарынын түйшүгү жана эрдиги. Султанмурат - балалык тазалыкты, ак ниеттүүлүктү, аруулукту, идеалга берилгендикти, эмгекчилдикти жана чынчылдыкты алып жүргөн каарман. Башкарма Тыналиевдин атуулдук-ыймандык үлгүсү. Символдук образдар. Сүйүү темасы. Аксайдагы кош айдоо. Султанмурат жана качкындар. Финалдагы кармаш, анын этикалык маани-маңызы. Элдик таалим-тарбия салттарын чагылдыруу жана алардын функциясы. Чыгарманын көркөмдүк жүзү.

*Адабият теориясынан. Көркөм чыгарманын сюжети жана композициясы.*

**Ч.Айтматов «Балалыгым» (3 саат)**

Жазуучунун балалыгындагы кызыктуу, көп кырдуу жана татаал окуялар. Бала чактагы адамга таасир эткен жагдайлар. Ата, эне, эл-жер темасы. Согуш учурунун көркөм летописи. Чыгарманын мемуардык, документалдык негизи. Оор жана кайгылуу балалык. Каармандардын өз ара сүйлөшүүлөрү жана автордун аңгемеси боюнча талдоолор.

**А.Осмонов. «Маляр», «Буудай сапыруу», «ФЗОдогу иниме», «Жумушчу», «Ысык-Көлдө төрт мезгил», «Кайыңды», «Оорулуу акын» (3 саат).**

Акындын ырларында эмгек процессинин чагылдырылышы, жумушчунун, малярдын, дыйкандын образы. Эмгектин баарынан бийик нерсе катары коюлушу.

Алыкулдун кыргыз жаратылышы, Атажурт темасындагы ырларында Адам менен табияттын гармониясынын көрсөтүлүшү, табият көркүн тартуудагы сүрөткердик табылгалары, поэтикалык каражаттарынын молдугу. Акындын тууган жерге болгон кусалыгы, сагынычы.

«Оорулуу акын» ырында өзүнүн личностунун поэзиясында чагылышы. Лирикалык каармандын ойлорунун конкреттүүлүгү, образдуулугу, акындын атуулдук эрдиги.

*Адабият теориясынан. Лирика. Лирикалык каарман.*

**Ж.Сыдыков. «Манастын уулу Семетей» (3 саат).**

Элдик эпостун драмалык формага келтирилиши. Драмадагы патриотизм, Мекенди эңсөө, эне – бала, ата – бала, душмандар менен күрөш, өч алуу, баатырдык, сулуулук, уздук, салт-санаа маселелери. Образдарды ачуудагы эпикалуулук жана драматизм. Драмадагы конфликттер жана анын кыймылдаткычтары. Каармандардын мүнөзүн ачуудагы кырдаалдар жана кагылыштар. Эпостун тили жана драманын тили: окшоштуктар жана айырмачылыктар.

*Адабият теориясынан. Драма жөнүндө түшүнүктү тереңдетүү. Драмалык диалог.*

**Т.Касымбеков. «Адам болгум келет» (3 саат).**

Повесттин темасы жана проблематикасы: башкы каармандын ыйман издөөсү, рухий дүйнөсүнүн калыптанышы. Чыгармадагы романтикалык сүрөттөөлөр. Эмгекчилдик, эл-жерге ак ниет кызмат кылуу адамдын атуулдук – адептик сапатынын башкы критерийи катары. Повесттин негизги идеясынын көркөм образдар системасы аркылуу табигый ачылышы. Чыгарманын тили.

**Т.Кожомбердиев. «Апа», «Эне жана коломто» (2 саат)**

Турар Кожомбердиев – чебер лирик. Ыр саптарынын ыргактуулугу, ойлорунун ачыктыгы, кайрууларынын тактыгы. Акындын образ ачуу чеберчилиги, табият көрүнүштөрүн тартуу аракети. Поэтикалык дүйнөнүн байлыгы. Эненин образы. Эне-бала мамилеси. Эненин улуулугу. Ырлардагы стилистикалык көп боектуулук, көркөм сөз каражаттарынын байлыгы жана метафоралуулугу. Ырлардагы экспрессивдүүлүк жана эмоционалдуулук.

*Адабият теориясынан. Образдуулук жана көркөм образ.*

**Ж.Мамытов. «Буурул түндүн жомогу» (2 саат)**

Жомок-поэмада сүрөттөлгөн мезгил. Акындын түзгөн образдарынын табийгылыгы, жугумдуулугу. Конфликттер жана аларды жараткан кырдаал-шарттар. Ыймандык кагылыштар. Жомоктун таасирдүүлүгү.

**А.Жакыпбеков. «Айкашка» (3 саат)**

Аңгемедеги ат жана адам байланышы. «Ат – адамдын канаты» экендиги. Муундар аралык карым-катыш. Образдардын ачылышы чеберчилиги. Жылкыны сүрөттөөдөгү жазуучунун колдонгон көркөм сөз каражаттары.

**О.Султанов. «Кош, Ысык-Көл», «Бокс», «Алтай… Алтай», «Жоокер» (2 саат).**

Ырлардагы граждандуулук, философиялуулук, эмоционалдуулук, граждандык пафос. Акындык сезимталдуулук. Атажуртка, Адамга мамиле. Акындын чеберчилиги.

**М.Байжиев «Бир тоголок самын» (2 саат)**

Согуш учурундагы эл турмушу. Адамдардын мүнөзү. Араккорлук жана алдамчылык. Балалыктагы алгачкы тунук сезимдер. Зайранын тагдыры жана үй-бүлөсү. Чыгармадагы адамдардын сырткы портреттери жана алардын сүйлөгөн кебинин индивидуалдуулугу. Кеп – адам мүнөзүн аныктоо каражаты.

**М.Тойбаев. «Жоронун жоруктары» (3 саат).**

Пьесадагы каармандардын күлкүлүү окуялары. Автордун адам мүнөздөрүн ачып берүү чеберчилиги. Коом жана адам проблемасы. Комикалуулук – турмушту чагылдыруунун бир формасы катары.

*Адабият теориясынан. Комедия.*

**М.Гапаров. «Байчечек» (2 саат).**

Азыркы адамдын руханий жакырдануусу, айыл-кыштак жана шаар карама-каршылыгы. Образдын ачылышы. Жазуучунун стилдик бөтөнчөлүгү.

**А.Өмүрканов «Чолпонбай» (2 саат).**

Эрдик жана мекенчилдик, жигиттик, кусалык темалары. Баатырдык. Тарыхый каарман жана анын көркөм образы.

**Кошумча окуу үчүн:** К.Жантөшев «Чолпонбай».

**Э.Ибраев. «Ойгон, кыргыз», «Улут болсом, тилим менен улутмун» (3 саат).**

Акындын поэмаларындагы атуулдук-патриоттук, мекенчилдик. Лирикалык каармандын күчтүү сезимдери, заман көйгөйү. Чыгармалардын жарандык пафосу, эмоциялуулугу, көркөмдүк ажары.

*Адабият теориясынан. Публицистикалык поэма.*

**А.Стамов. «Үч мээрим» (3 саат).**

Жомоктун стилдеги повесттин идеялык мааниси, адамдардын ыймандуулукка, кайрымдуулукка, тазалыкка чакырылышы. Реалисттик жана фантастикалык башталмалардын айкалышы. Чыгарманын этикалык жана эстетикалык сабактары.

**С.Раев. «Эмне дейм, сизге эжеке» (2 саат).**

Азыркы күндүн курч проблемасы – ата-эне, бала жана мугалим байланышы. Жазуучунун социалдык көйгөйлөрдү көтөрүү чеберчилиги. Аңгемедеги диалогдор. Каармандардын мүнөздөрү, жүрүш-турушу, өз ара мамилелери. Чыгарманын тили.

**Орус адабиятынан**

**А.П.Чехов. «Хамелеон», «Чиновниктин өлүмү» (3 саат).**

Аңгемелерде орус турмушунун реалдуу картиналарынын чебер жана көркөм сүрөттөлүшү. Адамдардын типтери. Деталдардын көркөм образ ачуудагы мааниси. Чеховдун каармандары жана бүгүнкү күн.

*Адабият теориясынан. Сатира жана юмор.*

**ЖАТТООГО БЕРИЛҮҮЧҮ ЧЫГАРМАЛАР:**

«Кожожаш» (үзүндү).
«Эр Табылды» (үзүндү).
Токтогулдун санат, насыят ырларынан үзүндүлөр.
Ч.Айтматов «Эрте келген турналар» (үзүндү).
А.Осмоновдун ырларынан үзүндүлөр.
Ж.Садыков «Манастын уулу Семетей» (үзүндү).
Т.Кожомбердиев «Апа».
Ж.Мамытов «Буурул түндүн жомогу» (үзүндү).
О.Султановдун ырларынан тандоо боюнча.
Э.Ибраевдин ырларынан тандоо боюнча.

## VII КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮНӨ КОЮЛУУЧУ НЕГИЗГИ ТАЛАПТАР

***Окуучулар төмөндөгүдөй компетенттүүлүктөргө ээ болуусу керек:***

- көркөм чыгарманын эпизоддорун көз алдыга элестетип, оозеки жана жазуу түрүндө айтып бере алуу;
- мугалимдин жетекчилиги менен чыгарманын темасын, идеясын, мазмунун жана формасын аныктай алуу;
- өздөштүрүлүп жаткан чыгармаларга автордун мамилесин аныктоо жана өз мамилесин билдирип, аны далилдей билүү;
- үйрөнүлүп жаткан чыгарманын сүрөттөө каражаттарын, портретин, пейзаждын, интерьердин ролун көрсөтө алуу;
- чыгарманын тек, түр, жанр боюнча кайсыларга таандык экендигин аныктоо;
- көркөм чыгарманы үн кубултуп, көркөм окуй билүү;
- оозеки жана жазуу жүзүндө билдирүүчү өз оюнун планын түзө билүү;
- прозалык чыгарманын үзүндүсүн толук талдап же кыска айтып бере алуу (изложение жаза билүү);
- өздөштүрүлүп жаткан чыгарма боюнча берилген суроолорго кеңири жооп берүү, ой жүгүртүү дилбаянын жаза билүү;

- өз алдынча окуган адабий чыгармага оозеки, жазуу жүзүндө пикирин айта алуу (чыгарманын каармандарына жана андагы окуяларга өз мамилесин мотивдештирүү менен);
- жаттоого берилген тексттерди көрктүү, үн кубултуп, жатка айта алуу;
- пьесаларды ролдоштуруп аткарууга жетише билүү;
- хрестоматиянын, окуган китептеринин маалымат берүүчү аппараттарынан пайдалана билүү.

### СААТТАРДЫН ЖАЛПЫ БӨЛҮШТҮРҮЛҮШҮ

*Чыгармаларды окуп үйрөнүү үчүн – **76 саат***
*Класстан тышкаркы окуу үчүн – **8 саат***
*Дил баян үчүн – **12 саат***
*Чейректик кайталоолор үчүн – **4 саат***
*Жыйынтыктоочу кайталоо – **2 саат***
*Баары – **102 саат***

## СИСТЕМАЛЫК КУРСТУН ЭЛЕМЕНТТЕРИН ИЧИНЕ КАМТЫГАН АДАБИЯТТЫК ОКУУ (VIII-IX класстар)

### VIII класс (68 саат)

**Кыргыз элинин байыркы жазма эстеликтери жана оозеки көркөм мурасы**

**Орхон-Эне-Сай жазма эстеликтери жөнүндө жалпы маалымат. Күл Тегиндин эстелигиндеги ташка чегилген жазуулар (1 саат).**

Байыркы доор жана кыргыз эли. Орхон-Эне-Сай жазуулары – кыргыз элинин байыркы маданиятынын күзгүсү. Таш бетине жазылган сырлардын ачылыш тарыхы. Тексттердин маани-мазмуну. Орхон-Эне-Сай тексттеринин өзгөчөлүктөрү, тилдик жактан азыркы кыргыз тили менен алака-катышы.

Күл Тегиндин урматына коюлган таш бетиндеги жазуунун тарыхый жана маданий жактан мааниси. Кичи, чоң жазуулардын мазмуну. Күл Тегиндин жазуусу – кыргыз адабиятынын байыркы башаты.

**Кыргыз элинин оозеки көркөм казнасы**

**Жалпы обзор (1 саат).**

Оозеки чыгармачылык гүлдөгөн доордун мүнөзү. Калк турмушу - кыргыз оозеки чыгармачылыгында. Оозеки чыгармачылык - кыргыз элинин мактанычы. Улуттук фольклор байлыгы шарттаган жагдайлар. Кыргыз оозеки чыгармачылыгын өнүктүрүүдөгү элдик, жеке таланттардын ролу. Фольклордун жанрдык көп түрдүүлүгү. Оозеки чыгармаларда жакшылык менен жамандык, коркоктук менен баатырдык, акылмандык менен наадандык сыяктуу түшүнүктөрдүн берилиши. Адам, адилеттүүлүк, күрөш, эркиндик темасы кыргыз эл оозеки чыгармачылыгында. Эпикалык тек жана анын бай мурастары. Улуу жана кенже эпостор, легендалар, уламыштар. Дидактикалык таалимчил чыгармалар (макал-лакаптар, табышмактар, жаңылмачтар) жана алардын турмуштагы ролу. Лирикалык жанр: той ырлары, бешик ырлары, салт ырлары, кошоктор, армандар, керээз, коштошуу, учурашуу ырлары ж.б., алардагы идея. Элдик оозеки чыгармачылыктын жалпы өзгөчөлүктөрү, анын жазма адабият менен байланышы. Жаштарды тарбиялоодогу эл чыгармаларынын маанисн. Кыргыз фольклорунун изилдениши, жыйналышы жана бүгүнкү проблемалары.

Адабият теориясынан. Фольклор.

**«Манас» (мугалим жана окуучулар бириктирилген варианттан, же Сагымбайдын же Саякбайдын варианты өздөрү тандап алат) (13 саат).**

«Манас» бөлүмүнүн негизги окуялары: кыргыздар көргөн азап-тозоктор; окуянын өткөн жери; Жакып жана анын баласыздыгы; Манастын төрөлүшү; Баатырдын бала чагы; Алтайдан Алатоого келүү; Алмамбеттин окуясы; Баатырдын үйлөнүшү; Көзкамандар окуясы; Көкөтөйдүн ашы; Чоң казат: Кичи казат; Манастын өлүмү (кайып болушу).

«Манас» эпосунун темасы жана идеясы. Образдар системасы. Эпостогу мифтик, нравалык, философиялык түшүнүктөр. «Манас» кыргыз элинин энциклопедиясы катарында. Тарых жана «Манас». Эпостун поэтикасы. «Манас» жана азыркы учур.

**«Семетей» (10 саат).**

«Семетей» - «Манас» трилогиясынын экинчи бөлүмү. Эпостун негизги окуялары: Семетейдин бала чагы, анын бөтөн жерде, бөлөк элде чоноюшу; эл-жери жөнүндө Семетейдин угушу; Семетейдин Таласка келиши; Чынкожо, Толтой менен согуш; Семетейдин Айчүрөккө үйлөнүшү; Конурбай менен Семетейдин урушу; баатырдын кайып болушу.

**«Сейтек» ( 5 саат)**

«Манас» трилогиясынын үчүнчү бөлүмү - «Сейтек». Бул бөлүмдүн негизги окуялары: Күлчоро менен Айчүрөктүн туткунга түшүшү; баатырдын төрөлүшү жана бала чагы; Кыяздын өлүмү, Семетейдин кайра элге кошулушу. Ички душмандар менен күрөш, үй-бүлө темасы. Чыгарманын идеясы. «Сейтектеги» аялдар темасы. Образдар системасы. Эпостун көркөм сөз каражаттары. «Сейтектин» жалпы трилогияны жыйынтыктоочу мааниси.

Адабият теориясынан. Баатырдык эпос.

**«Курманбек» эпосу (3 саат).**

«Курманбек» эпосунун чагылдырган доору. Калмак баскынчыларга каршы патриоттук күрөш, эл жерди коргоо идеясы. Курманбек баатырдын мекенчилдиги, адеп-ахлагы, Курманбек менен Аккандын достугу. Канышайдын, Тейитбектин образдары, Телтору тулпардын ролу.

Кошумча окуу үчүн: К.Жантөшев «Курманбек» драмасы жана «Жаныш-Байыш» эпосу.

**Түрк элдеринин орток мурастарынан**

**Жусуп Баласагын «Кут алчу билим» (тандалган үзүндүлөр 4 саат).**

Жусуп Баласагын жана ал жашаган мезгил. Өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө жалпы маалымат. «Кут алчу билим» дастанынын жазылуу тарыхы жана анын бизге жетүү жолу.

Чыгарманын түрк маданиятындагы мааниси. «Кут алчу билимдин» идеясы, темасы. Дастанда адеп-ахлак ойдун берилиши, философиялык көз караштар. «Кут алчу билимдин» көркөмдүк касиети. Ыр түзүлүшүндөгү өзгөчөлүктөр.

*Адабият теориясынан. Дидактикалык чыгарма. Бейт.*

**Махмуд Кашкары. «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы» (сөздүктөгү элдик ырлар, макал-ылакаптар) (2 саат).**

Махмуд Кашкары – түрк элинин адабий-маданий дүйнөсүндөгү көрүнүктүү инсан. Өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө жалпы маалымат. Анын эмгегинин жазылышы, жарыяланышы. «Түрк сөздөрүнүн жыйнагынын» тарыхый-этнографиялык, лингвистикалык баалуулугу. «Жыйнактын» тексттериндеги фольклордук, адабий чыгармалар, алардын идея-темалары. «Түрк сөздөрүнүн жыйнагындагы» элдик ырлардын, макал-ылакаптардын тарбиялык мааниси.

**Уламышка айланган акылман инсандардын мурастарынан**

**Асан Кайгы, Токтогул, Кетбука. (1 саат).**

Асан Кайгы, Токтогул, Кетбука - аты уламышка айланган акындар. Ырчылардын чыгармачылык бөтөнчөлүктөрү.

Эл турмушу жана Асан Кайгынын чыгармачылыгы. Асан Кайгынын философиялык кредосу - боорукердик, жандуу- жансыздарды аёо. Адам жана жаратылыш. Бүгүнкү күндөгү экологиялык проблемалар жана Асан Кайгынын чыгармачылыгы. Токтогул, Кетбука жашаган доор жана ошол доордогу тарыхый чындыктын көркөм чагылдырылышы.

**XIX — XX кылымдагы эл ырчыларынын чыгармачылыгы**

**Жалпы обзор (1 саат).**

XIX кылымдагы кыргыз тарыхы: Кокон хандыгы, уруулук чабышуулар, элдин аң-сезимине таасир эткен башка жагдайлар, падышалык колонизаторлордун келе башташы. Ырчылардын чыгармачылыгында эл турмушунун көркөм чагылдырылышы. Жаңы нерселердин кабыл алынышындагы ар түрдүү көз караштар. Орустун келишин поэтикалык кабыл алуунун бөтөнчөлүктөрү. Зилзала жана Үркүн тематикаларынын көркөм иштелиши. Ырчылардын чыгармачылыгында устаттык жана шакирттик.

Октябрь төнкөрүшүнөн кийинки чыгармаларды айтууда жана аларды кагаз бетине түшүрүүдө эл ырчыларынын сиңирген эмгеги.

Акындардын жалпылыгы жана бөтөнчөлүктөрү. Төкмөлүк өнөрдүн бүгүнкү абалы.

**Калыгул Бай уулу. «Калыгулдун сөзү», «Санат, насыят» терме ырлары», «Акыр заман» (2 саат).**

Өмүрү жана чыгармачылыгы. Акын жашаган мезгил жана андагы Калыгулдун позициясы. Калыгулдун олуячылыгы, акыр заман жөнүндө түшүнүгү. Санат-насыят, терме ырларындагы дидактикалык маани, адамдарды жакшылыкка, ыймандуулукка үндөө. Акындын ырларындагы көркөм сөз каражаттарынын колдонулушу.

**Арстанбек Буйлаш уулу. «Тар заман» (2 саат).**

Өмүрү жана чыгармачылыгы. «Тар заман» Арстанбектин заман, мезгил, элдин эртеңи жөнүндө кабатырлануу менен ой жүгүрткөн чыгармасы. Ырдын мааниси жана идеясы. «Тар замандын» көркөмдүк бөтөнчөлүгү.

**Токтогул Сатылгановдун ырлары: «Кош, апаке», «Айланган тоонун бүркүтү», «Энсеген элим, аманбы», «Жаштарга», «Эшмамбет менен учурашуу», «Гүлдөп ал», «Дүнүйө», «Алымкан», «Өмүр», «Карылык», «Өлүм алдында ырдаганы» (4 саат).**

Өмүрү жана чыгармачылыгы. Токтогул - акын жана композитор, акындардын устаты. Акындын бала чагы, алгачкы айтыштары, Сибирге айдалышы. Токтогулдун жеке тагдыры - анын ырларында. Туткун ырларындагы социалдык-саясый мотивдер, адилетсиздикке каршы нааразылыктын берилиши.

«Эңсеген элим, аманбы» деген ыры - тууган жерге, элге карата кусалыктын, сагынычтын көрүнүшү. «Алымкан», **«Эш**мамбет менен **учурашуу»** ырларында акындын личностунун, тагдырынын көркөм чагылдырылыш.

Токтогулдун философиялык ырларындагы карылык, жаштык, дүйнө, байлык, бийлик, өлүм, өмүр жөнүндөгү акындык толгонуулар. Гуманисттик, жалпы адамзаттык ойлор.

«Кедейкан» - Токтогулдун айтуусунда. Дастандагы бийлик жана адам мамилеси.

Токтогулдун чыгармачылыгындагы акындык чеберчилик.

**Адабият теориясынан. Философиялык лирика.**

**Жеңижок** (Өтө **Көкө уулу). «Балалык», «Жалгыз тал менен сүйлөшүү», «Аккан суу», «Үй-бүлө», «Ак куржун толо ыр калды» (3 саат).**

Өмүрү жана чыгармачылык жолу. Жеңижоктун акын катары калыптанышы жана ага таасир эткен жагдай-шарттар. Ырларындагы философиялык ойлор, ой жүгүртүүлөрүнүн масштабдуулугу, гуманизм идеясы, акындык жана адамгерчилик милдет тууралуу айткандары. Ыр жаратуу чеберчилиги.

*Адабият теориясынан. Ассонанс жана аллитерация.*

**Барпы Алыкулов. Ырлары: «Ынтымак», «Айт, айт десе», «Күн», «Шамал», «Дүнүйө», «Көз», «Кулмырза менен Аксаткын». Сүйүү лирикалары: «Мөлмөлүм», «Мырзайым», «Буракжан», «Гөзал кыз» (3 саат).**

Өмүрү жана чыгармачылык жолу. Барпынын акын катары калыптанышы. Дүйнө кубулуштары: аалам, адам, күн, шамал жөнүндө акындын ой жүгүртүүлөрү.

Акындын арзуу ырларындагы аялзатынын сулуулугунунун, назиктигинин таамай сүрөттөлүшү. Барпынын ыр курaштыруу чеберчилиги, тилиндеги диалектилик байлык, ичкилик кыргыздарына байланыштуу өзгөчөлүктөр.

*Адабият теориясынан. Сүйүү ырлары.*

**Чыгыш классикасынан**

**Ш.Руставели. «Жолборс терисин жамынган баатыр» (3 саат).**

Шота Руставели жашаган мезгил жана поэманын жазылуу тарыхы, кыргыз тилине которулушу. Поэмадагы патриотизм, гуманизм, сүйүү, достук идеяларынын даңазаланышы. Образдар системасы, алардын бири-бири менен байланышы. Поэманы которуудагы А.Осмоновдун чеберчилиги.

**ЖАТТООГО БЕРИЛҮҮЧҮ ЧЫГАРМАЛАР**:

«Манас» (үзүндү).

«Семетей» (үзүндү).

«Сейтек» (үзүндү).

Жусуп Баласагын «Кут алчу билим» (үзүндү)

Асан Кайгынын, Кет буканынын ырларынан үзүндү

Калыгулдун санат, насыят ырларынан үзүндүлөр.

Арстанбектин ырларынан үзүндүлөр.

Токтогул Сатылганов: «Кош, апаке», «Айланган тоонун бүркүтү», «Эңсеген элим, аманбы», «Жаштарга», «Гүлдөп ал», «Дүнүйө», «Алымкан», «Өмүр».

Жеңижок (Өтө Көкө уулу): «Балалык», «Жалгыз тал менен сүйлөшүү», «Аккан суу», «Үй-бүлө», «Ак куржун толо ыр калды» (тандоо менен үзүндүлөр).

Барпы Алыкулов: «Ынтымак», «Айт, айт десе», «Күн», «Шамал», «Дүнүйө».

## VIII КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮНӨ КОЮЛУУЧУ НЕГИЗГИ ТАЛАПТАР

***Окуучулар төмөндөгүдөй компетенттүүлүктөргө ээ болуусу керек:***

- программалык материалдардын негизинде сунуш кылынган акын-жазуучунун өмүр баянынын урунтуу учурларын;
- үйрөнүлгөн чыгармалардын каармандарынын, окуяларынын өз ара байланышын;
- үйрөнүлгөн чыгармалардын негизги идеялык-ыймандык проблемаларын;
- жаратылган чыгарманын коомдук-тарыхый шарт-кырдаал менен байланышын;
- эпикалык, лирикалык, драмалык чыгармалардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн;
- элдик оозеки чыгармачылыктын жана эл ырчыларынын сүрөткердик бөтөнчөлүктөрүн;
- жазма адабият менен оозеки адабияттын айырмачылыктарын;
- баатырдык эпос, төкмөлүк, айтыш жана анын түрлөрүн, лирикалык ырлардын жанрларын, троп жана анын көрүнүштөрүн, көркөмдүк функциясын аныктоо;
- көркөм сүрөттөөнү, окуяны, чыгармадагы кырдаалды көз алдыга элестетип оозеки айтып бере билүү;
- мугалимдин жетекчилиги астында өздөштүрүлүп жаткан чыгармалардын идеялык-нравалык проблематикасын, сүрөттөлгөн турмушка автордун мамилесин ачып көрсөтүү;

- сюжеттин элементтеринин, композициянын, тил каражаттарынын идеялык-көркөмдүк ролун аныктоо;
- чыгарма, анын каармандары жөнүндө пикирин далилдөө;
- үйрөнүлгөн чыгарма боюнча дилбаян жаза алуу (каармандарга жекече, салыштырмалуу, топтоштуруп чогуу мүнөздөмө берүү);
- «Манас» айта алуу, акындардын ар бирине тиешелүү төкмөчүлүк өзгөчөлүктөрүн аңдоо;
- коомдук-саясий, адабий сын, адабият таануу макалалары, китептери боюнча конспект, план, тезис, реферат жаза билүү;
- көрктүү окуй билүүгө жетишүү талап кылынат.

**СААТТАРДЫН ЖАЛПЫ БӨЛҮШТҮРҮЛҮШҮ**

*Чыгармаларды окуп үйрөнүү үчүн – **58 саат.***
*Жазуу жумуштары үчүн – **4 саат.***
*Класстан тышкары окулган чыгармаларды талкуулоо үчүн – **4 саат.***
*Кайталоо үчүн – **2 саат.***
*Баары – **68 саат.***

## IX КЛАСС (102 саат)

### СОВЕТТИК МЕЗГИЛДЕГИ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

**К.Тыныстанов. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Ала-Тоо», «Кышкы түндө», «Манас күмбөзү», «Ысык-Көл», «Жайлоо», «Жаз» (5 саат)**

«Ала-Тоо» ырында Эне жана Мекен темасынын үндөш чечмелениши, сагынуу, кусалык идеялары, перзенттик мээримдин төгүлүшү.

«Кышкы түндө» – кыз тагдырын чагылдырган лирика. Табият жана адам тагдырынын параллель каралышы. Ырдагы каармандын образын тартууга аракеттер.

«Манас күмбөзү» – элибиздин өткөн турмушун чагылдырган чыгарма. Акындын ыр куруу чеберчилиги.

Пейзаждык ырлардагы жергебиздин көркөм полотнолору. Адам жана анын жаратылышты сактоо үчүн күрөшү. Табият – эне катары.

Касымдын ырларынын жалпы мүнөздөмөсү жана акындын тагдыры, кыргыз жазма адабиятынын калыптанышындагы ролу.

**С.Карачев. Өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Эрксиз күндөрдө» (2 саат).**

Жазуучунун «Эрксиз күндөрдө» повестинин жазылыш, жаралыш тарыхы, өз мезгилиндеги мааниси. Каармандардын таптык-социалдык жактан жиктелүүсүнөн келип чыккан образдар системасы. Өткөн турмуш элесин берүүдөгү сүрөткердин аракеттери. Адам мүнөздөрү, психологиялык жактан каармандардын ички дүйнөсүн ачуу. Турмуш материалы жана анын жазуучу тарабынан көркөм электен өтүшү. 20-жылдардын жалпы колорити жана бүгүнкү күн менен повесттин байланышы.

**А.Токомбаев. Өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Мезгил учат» повести (4 саат).**

«Мезгил учат» – алгачкы кыргыз интеллегенттеринин калыптанышы жөнүндөгү чыгарма. Повесттин биографиялык негизги прототиби. Жетимчилик турмуштун, биринчи кыргыз окуу жайларынын сүрөттөлүшү. Инсандын, сүрөтчүнүн жетилиши. Шык, талант жөнүндө ойлор. Достук темасы. Повесттеги документалдуулук жана көркөм фантазия.

*Адабият теориясынан. Адабий каарман жана анын прототиби.*

*Кошумча окуу үчүн. А.Токомбаев. «Өз көзүм менен»*

**К.Жантөшев. Өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Каныбек» романы (тандалган үзүндүлөр 4 саат).**

«Каныбек» романы: Доор жана каармандар сюжетинин өнүгүшүнүн өзгөчөлүгү, жазуучунун баяндоо стили. Борбордук каарман Каныбектин образы.

*Адабият теориясынан. Чыгарманын стили жөнүндө түшүнүк.*

**М.Элебаев. Өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Кыйын кезең» повести (3 саат).**

Жаңы мезгилдин адамы, төңкөрүштөн кийинки элет турмушундагы өзгөрүүлөр. «Кыйын кезең» повестинде башкы каарман Кабылдын ички дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөргө таасир эткен социалдык жагдайлар, орус-кыргыз мамилеси, революциянын алып келген оң-терс жактары. Чыгармадагы реалисттик сүрөттөөлөр жана деталдардын ролу.

**Ж.Турусбеков. Өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Ажал ордуна» драмасы, «Энем», поэмасы (5 саат).**

«Ажал ордуна» драмасынын сюжети, идеялык мазмуну, доор карама-каршылыгынын чагылышы, конфликтери жана каармандары.

«Энем» – автобиографиялык, лирикалык поэма. Поэмадагы эне менен баланын – эски менен жаңынын диалогу. Өз мезгилинин атмосферасын, муундар байланышын, таанууну таануу мыйзамын түшүндүрүү. Чыгармадагы эки образ – эне жана бала, алардын рухий жакындыгы жана алыстыгы. Поэманын стили, кыргыз адабиятындагы жаңычылдыгы.

*Адабият теориясынан. Поэма, драмалык конфликт жөнүндө түшүнүк.*

*Кошумча окуу үчүн Ж.Турусбеков «Кыргыздар».*

**Ж.Бөкөнбаев. Өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Ажал менен Ар-Намыс» поэмасы (3 саат).**

Адилеттиктин, жеңиштин символу Ар-Намыс жана кара күчтүн, баскынчылыктын, акыр келип жеңилүүнүн символу Ажалдын ортосундагы айыгышкан күрөш. Поэмадагы шарттуулук, романтика жана алардын реалдуулук менен карым-катышы. Жапардын майдандагы тайманбастыгы, баатырдыгы, адамгерчилиги. Акындын образы. Поэмадагы патриоттук бийик идея. Акындын ыр куру чеберчилиги.

*Адабият теориясынан. Символ жана шарттуулук.*

*Кошумча окуу үчүн. Ж.Бөкөнбаев. «Өңүмдө көргөн түш».*

**К.Маликов, А.Куттубаев. Өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Жаңыл Мырза» драмасы (3 саат).**

Элдик поэманын сюжетине кайрылуу. Уруулук мамилелер үстөмдүк кылган доордо баатыр кыздын карама-каршылыктуу, драмалуу тагдырын, эли-жеринин азаттыгы үчүн, жеке аялдык намысы, зоболосу үчүн каармандык менен күрөшүүсүн көркөм чагылдыруу. Жаңыл менен Түлкү, алардын махабаты, шарт-жагдайга мамилеси, трагедиялуу тагдырлары. Катаал кара күчтөрдүн үстүнөн болгон элдин жеңишин даңазалоо, бийик патриотизмге ширелген дух, өткөн доордун жалпы колорити. Чыгарманын чыңалган драматизминин булагы – адилеттүүлүк менен кара өзгөйлүктүн тирешүүсү. Драманын сахнадагы өмүрү.

*Кошумча окуу үчүн. «Жаңыл Мырза» эпосу.*

**А.Осмонов. Өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалымат. Лирикалары: «Бөбөккө», «Адамзат», «Тирүүлүк», «Коштошуу», «Мен тансам…», «Өзүмдү өзүм», «Мен кыргыздын акыны», «Музыка», «Пушкинге», «Шотага». Поэмалары: «Ким болду экен?», «Эшимкандын тереги», «Өлүп тирилгендер» (7 саат).**

Алыкул Осмоновдун кыргыз поэзиясындагы жаңычылыгы. Лирикаларындагы лирикалык образдын ачылышы, акындык ички толгонуулар, предметтүүлүк. Ырлардагы көркөм боёктор. Акындын Атажурт, адамдык жана акындык парз-милдет жөнүндөгү ырларындагы гуманисттик ойлор, граждандуулук, патриоттуулук, психологизм. Философиялык лирикаларындагы ойлорунун тереңдиги, акындык жүзүнүн тазалыгы,

табигыйлыгы, өмүр жана өлүм карама-каршылыктарынын терең иштелиши, кайраттуулугу, оптимисттик духу.

«Ким болду экен?» поэмасындагы патриоттуулукту даңктоо. Сүйүү сезиминин Бактыбек жана Сонун кыз аркылуу берилиши.

«Эшимкандын терегиндеги» уламыш менен реалдуулуктун карым-катышта өнүгүп барышы. Эшимкан жана теректин символикалуу образы.

«Өлүп тирилгендер» поэмасы – адам ыйманы жөнүндө чыгарма. Поэмадагы жеңиштин шарапаты, согуш адам ыйманын да сынап көрүүнүн каражаты. Чыгармадагы каармандар.

А.Осмоновдун поэзиясы – кыргыз адабиятынын жаңы баскычка көтөрүлүшү.

*Адабият теориясынан. Адабияттагы салт жана жаңычылык.*

*Адабий сын. С.Жигитовдун «Акындын эки өмүрү» китеби, К.Асаналиев «Алыкулдун ак боз ат» макаласы.*

*Кошумча окуу үчүн. А.Осмонов «Мен өтпөдүм», «Менин күнүм», «Билбейм кандай…».*

**Ч.Айтматов. Өмүрү, чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Саманчынын жолу», «Ак кеме» повесттери (8 саат).**

Повестте согуш жана инсан темасынынын глобалдуу масштабда чечмелениши. Жер Эне менен Толгонайдын диалогу бүтүндөй чыгарманын көркөм структурасы экендиги, диалогдук форманын эффективдүүлүгү. Повесттеги трагедиялуулук. Адамдын бийик гуманизмин, жеңилбестигин, майтарылбас эркти, улуулукту, айкөлдүктү даңазалоо. Бир үй-бүлөнүн тагдыры аркылуу согуш трагедиясын чагылдыруу. Толгонай эне – эмоционалдуу, реалдуу образ, типтүү каарман. Жоокер уулдардын образы. Тыл жана майдан байланышы.

«Саманчынын жолу» повестинин кыргыз адабиятындагы орду.

«Ак кеме» повестинин айланасындагы талаш-тартыштар. Чыгарманынын жазылыш тарых-таржымалы. Байыркы мифтик-тотемдик аң-сезим жана анын бүгүнкү күндөгү абалы. Момундун педагогикасы. Орозкул жана орозкулчулук. Адамдын абийири, экология проблемалары.

*Адабият теориясынан. Көркөм шарттуулук жөнүндө түшүнүктү тереңдетүү.*

*Кошумча окуу үчүн. Ч.Айтматов. «Манас-Атанын ак кар, көк музу».*

**Т.Адышева. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Кылы үзүлгөн комузум» (повесттен үзүндү, 3 саат).**

Эскерүүлөрдөгү адамдардын образы. Адам темасын ачуудагы автордун салмактуу ойлору жана адамга берген баасы. Жоомарттын акындык жана адамдык сапаттары.

*Адабият теориясынан. Мемуардык чыгарма.*

**К.Осмоналиев. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Бүркүтчү» (аңгемеден үзүндү, 3 саат).**

Аңгеменин үзүндүсүндө кыргыз элинин аңчылык салттарынын көрсөтүлүшү. Бүркүттөр жана бүркүтчүлөр. Мергенчилик кылуу ыкмалары. Аң уулоо ышкысы. Жан-жаныбарлар жана аларды кармоо эрежелери. Бүркүт жана бала. Жазуучунун тилиндеги көөнө лексика, мергенчиликке байланыштуу сөздөр. Автордун аңгемени кызыктуу алып баруу чеберчилиги.

**К.Каимов. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Анарбайдын көпүрөсү» (2 саат).**

Аңгеменин күчү – социалдык жана ыймандык аспектинин жуурулушуп, бирин-бири толуктап келиши. Эл турмушунун, калк ынтымагынын, салт-ырасымдын көркөм чечмелениши. Карапайым адамдын образынын ачылышы. Көпүрө – символ. Аңгемедеги ыйман-ынсап проблемасы жана бүгүнкү күн.

*Кошумча окуу үчүн. К.Каимов. «Кыш ыргактары».*

**А.Саспаев. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Татым туз», «Сарала ит» (4 саат).**

Жазуучунун аңгемелериндеги турмуш көрүнүштөрүн ачып берүү ыктары: реалдуулук, майда деталдарды колдонуу, адамдын ички турмушуна, каармандардын психологиясына умтулуу. Аңгемелердеги көп түрдүүлүк: лирикалуулук, драмалуулук, трагедиялуулук, комикалуулук. Образ ачууда деталдардын мааниси. Символдук көрүнүштөр. Аңгемелердеги кыскалык.

*Адабият теориясынан. Аңгеме жөнүндө түшүнүктү тереңдетүү.*

**Б.Сарногоев. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Бүркүттүн өлүмү» (1 саат)**

Эне менен баланын сүйүүсүн бүркүттөр аркылуу берүү. Бүркүттүн жашоо үчүн, жан багуу үчүн күрөшү. Бүркүтчө өлүм. Ырдын нравалык, экологиялык тарбия берүү күчү.

**Ө.Даникеев. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Кыздын сыры» повести (3 саат).**

Повесттин идеялык-тематикалык багыты. Жаңы замандын жаштары, алардын жашоо образы, ой жүгүртүүлөрү, көз караштары. Өндүрүштүк жана ыймандык проблемалар. Чыгарманын композициялык курулушу. Повесттеги лиризм, пейзаждык сүрөттөөлөрдүн каармандын бейнесин ачуудагы ролу.

*Адабият теориясынан. Повесть жөнүндө түшүнүктү тереңдетүү.*

*Кошумча окуу үчүн. Ө.Даникеев. «Көкөй кести».*

**Ш.Садыбакасов. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Ак боз ат» драмасы (3 саат).**

Драмадагы көрсөтүлгөн турмуштун көп кырдуулугу, ага тарыхый окуялардын жана элдик уламыштын негиз кылынышы. Жоокерчилик замандын каары, адамдардын жашоо образы, психологиясы. Сырткы жана ички душмандар менен күрөш – драманын башкы конфликти. Ыймандуулук проблемасы жана анын айланасындагы талаштар. Бийлик үчүн күрөш. Аялдын образы. Ат – адамдын канаты. Драманын тил байлыгы, каармандардын диалогдук речи.

«Ак боз аттын» сахнадагы тарыхы.

**К.Жусубалиев. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Кожожаш мерген» (повесттен үзүндү, 3 саат)**

Чыгармадагы тумандын символикалык образы. Табият жана адам. Жашоо үчүн, жан багуу үчүн күрөш. Сур эчкинин жана Кожожаштын бейнелеринин ачылышы. Жазуучунун жекече тили жана стили.

**К.Акматов. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Эки сап өмүр» (2 саат)**

Жазуучунун чыгармасындагы жаш адамдын образы. Турмуштук окуяларды деталдар аркылуу сүрөттөө. Ички жан дүйнөнү, каармандардын психологиясын ачып берүү чеберчилиги.

**Эгемендүүлүк мезгилиндеги кыргыз адабияты**

**А.Жакшылыков. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Кара Молдо» (2 саат)**

Акындын улуу комузчунун образы сүрөттөө өзгөчөлүгү. Комуз жана комузчу. Тарыхый инсандын адабиятта чагылышы. Поэтикалык речтин кыскалыгы, таамайлыгы, образдуулугу.

**А.Рыскулов. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Атакенин ак болот» романы (3 саат).**

Роман чагылдырган доор. Чыгармада сүрөттөлгөн мекен эркиндиги үчүн патриоттук күрөш. Романдын сюжети жана каармандары, көркөмдүгү. Атакенин образы.

*Адабият теориясынан. Роман жөнүндө түшүнүктү тереңдетүү.*

***Кошумча окуу үчүн**. А.Стамов «Хан Тейиш».*

**Э.Эрматов. Өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу маалымат. «Саймалуу таш» ыр түрмөгү (2 саат).**

Ырдын мазмуну, идеялары, көркөмдүк кооздугу, граждандуулугу, философиялуулугу, Саймалуу таштын поэтикалык даңазасы.

**Адабият теориясы боюнча V-IX класстарда алган билимдерди кайталоо жана жыйынтыктоо (1 саат).**

## IX КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮНӨ КОЮЛУУЧУ НЕГИЗГИ ТАЛАПТАР

***Окуучулар төмөндөгүдөй компетенттүүлүктөргө ээ болуусу керек:***

Окуучулар:

- чыгармалар жаралган тарыхый мезгилдин мүнөзүн сыпаттай алууну;
- акын, жазуучулардын кыскача чыгармачылык портретин оозеки жана жазуу түрүндө баяндай алууну;
- адабий-теориялык түшүнүктөрдү билүүнү жана аларды колдонуп, чыгармаларды талдай алууну;
- чыгарманын сюжетин жана композициясын талдай билүүнү;
- көркөм форманын жана мазмундун биримдигин талдап түшүнүүнү;
- көркөм чыгармага аннотация, рецензия жаза алууну;
- жазуучунун кыскача өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө ар кандай мүнөздөгү дилбаян, изложение жаза билүүнү;
- адабий чыгарма жөнүндө далилдүү реферат, доклад жаза билүүнү;
- көркөм чыгарманы тарыхый контекстте талдай алууну;
- үн кубултуп көркөм окууну
- билүүгө жана ошондой көндүмдөргө ээ болууга тийиш.

## СААТТАРДЫН ЖАЛПЫ БӨЛҮШТҮРҮЛҮШҮ

*Чыгармаларды окуп үйрөнүү үчүн – **76 саат***
*Класстан тышкаркы окуу үчүн – **8 саат***
*Дил баян үчүн – **12 саат***
*Чейректик кайталоолор үчүн – **4 саат***
*Жыйынтыктоочу кайталоо – **2 саат***
*Баары – **102 саат***

## КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ОКУУГА СУНУШ КЫЛЫНГАН ЧЫГАРМАЛАР

### V класс

Кыргыз эл жомокторунан (мугалимдин тандоосу боюнча).
Орус эл жомокторунан (мугалимдин тандоосу боюнча).
Казак эл жомокторунан (мугалимдин тандоосу боюнча).
Өзбек эл жомокторунан (мугалимдин тандоосу боюнча).
«Селкинчек».
А.Үсөнбаев «Жолборс минген киши».
К.Жантөшев «Акылман бала».
Ж.Мукамбаев «Ак булак».
Бир тууган Гриммдер «Баатыр тигүүчү».
Г.Х.Андерсен «Кар ханышасы».
К.Баялинов «Мурат».
А.Токомбаев «Акай мерген».

Т.Сыдыкбеков «Сагынбадымбы».
К.Эсенкожоев «Саякатчы бала», «Тоо теке атканда».
Б.Сартов «Айга саякат».
Ш.Бейшеналиев «Мүйүздүү козу».
И.С.Тургенев «Муму».
Н.Думбадзе «Мен күндү көрүп турам».
Антуан де Сент-Экзюпери «Кичинекей ханзаада».
Сетон-Томпсон «Кутеней – тоонун кулжасы».
Каныбек Жунушовдун ырлары.
С.Рысбаев «Акыркы марал».

**VI класс**

«Жаңыл Мырза».
А.С.Пушкин «Хандын өлгөн кызы жана жети баатыр жөнүндө жомок».
А.Үсөнбаев «Жунусбай мерген».
А.Осмонов «Карагул».
Т.Үмөталиев «Алп кара куш».
Ж.Мукамбаев «Менин жомокторум».
И.С.Крылов «Күкүк менен Короз», «Итканага түшкөн карышкыр».
И.С.Тургенев «Бежин шалбаасы».
Ж.Садыков «Таабалды - Пудовкин».
М.Ауэзов «Бүркүтчү».
Т.Касымбеков «Жетим».
Жеңижок «Жер соорусу Аксы экен».
Т.Кожомбердиев «Эне жана от».
А.Кадыров. Табышмактар жана жаңылмачтар («Туулган күн» жыйнагынан).
Г.Троепольский «Кара кулак, куу машке».
Н.Носов «Билбесбектин жоруктары».
Ж.Верн «Он беш жашар капитан».
Р.Джованьоди «Спартак».
Дж.Лондон «Секроментонун жээгинде».
М.Абакиров «Нарбаш».
К.Бектенов «Жарадар көгүчкөн».

**VII класс**

«Олжобай менен Кишимжан».
М.Байжиев «Байыркы жомок».
А.Жакыпбеков «Айдагы жезкемпир».
Т.Касымбеков «Туулган жер».
Ш.Абдыраманов «Жашыл аалам».
В.Распутин «Эжейим».
М.Сервантес «Дон Кихот».
Н.Байтемиров «Акыркы ок».
К.Жантөшев «Эки жаш».
Ч.Айтматов «Чыңгызхандын ак булуту».
Т.Үмөталиев «Айсулуу».
О.Султанов «Чарчоонун жүзүнчү ыры».
Р.Рыскулов «Космостук манифест».
К.Акматов «Тамсилдер».
М.Элебаев «Зарлык».
М.Алыбаев «Китеп жана Эркинбек», «Бардыгын билүүчү короз».

## VIII класс

«Жаныш-Байыш».
«Карач, Көкүл».
Молдо Кылыч «Жинди суу», «Кыз-жигит».
Эсенаман «Аккан суу».
Коргол «Барпы акынга ырдаганы», «Жеңижокко ырдаганы».
Калык «1916-жыл».
А.Жутакеев «Кайран эл».
Ч.Айтматов «Асма көпүрө», «Түнкү сугат».
А.Токтомушев «Ак мөөр».
Т.Абдумомунов «Карагул ботом».
Ө.Даникеев «Көкөй кести».
К.Акматов «Мезгил».
Ж.Абдыкалыков «Ак толкундар».
К.Жусупов «Атажурт».
Ш.Бейшеналиев «Болот калем».
К.Каимов «Ийри жыландар».
М.Гапаров «Эки ирет гүлдөөчү алмалар».
Ш.Үмөталиев «Турмуш ашуусу».
Н.С.Лесков «Сологой».
А.П.Чехов «Каштанка».
Дж.Лондон «Ак азуу».
З.Сооронбаева «Чоочун киши».
А.Жакыпбек «Теңири Манас».
Ш.Дүйшеевдин ырлары.
А.Муратов «Күн эжей»

## IX класс

К. Тыныстанов «Академия кечелери».
А. Токомбаев «Аңгемелер».
К. Баялинов «Курман жылга».
А.Токтомушев «Алтын тоо».
М. Элебаев «Малай артели».
А. Осмонов «Махабат» пьесасы, «Түп суусу», «Каркыра», «Ракмандын илими», «Жоготтум» лирикалары.
С. Эралиев «Жаңыл Мырзанын керээзи».
С. Жусуев «Курманжан датка».
Т. Абдумомунов «Ашырбай».
С. Өмүрбаев «Бороондуу күндөр».
Э.Ибраев «Жан дүйнө жаңырыктары»
А. Стамов «Жоортул», «Нөшөрдөн кийин».
М. Гапаров «Наташа Ростованын биринчи балы».
К. Жусубалиев «Улакчы», «Муздак дубалдар».
И. Мансуров «Ак Бугу».
Т. Байзаков «Паризат».
Т. Адышова «Кылы үзүлгөн комузум».
С. Тургунбаев «Эки аска» (поэма).
К. Жусупов «Карагайчылар».
Ө. Даникеев «Ата жыты».
К. Каимов «Омор агай».
Ж. Мавлянов «Турмуш».

О. Султанов «Сен жөнүндө поэма».
Ж. Садыков «Калча».
А. Жакшылыков «Мээрим».
К. Осмоналиев «Көчмөндөр кагылышы».
Б. Өмүралиев «Тагдырдын өгөй балдары».
М. Тойбаев «Жаңы келин».
М. Горький «Бала чак», «Коновалов».
К. Жантөшев «Каныбек» драмасы.
Муса Жалилдин, Назым Хикметтин ырлары (мугалимдин тандоосу боюнча).
М. Абылкасымова «Быйыл жаздын гүлдөрү көп».
К. Бобулов «Түштүк кызы», «Махабат ырлары».
Э.Турсунов «Ата Журт» романы.
К.Акматов «Архат».
А.Саспаев «Кайнене».
К.Жусупов «Боз үй кереметти».
Ж.Мамытовдун ырлары.
М.Байжиев «Бир тоголок самын»

# III. ОКУУ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУ ФОРМАЛАРЫ ЖАНА БААЛОО

## 3.1. Кыргыз адабиятын окутуу процессин уюштуруу формалары

Адабиятты окутуу методикасында методдор тууралуу түшүнүктөр ар дайым эволюциялык аракетте болуп, улам жаңы ойлор менен толукталып келгендиги маалым.

**Эвристикалык (жарым-жартылай изилдөө) методу** – текстти бир топ терең талдоого жол ачып, адабияттануунун материалдарын пайдаланат, б.а., адабий чыгарманы илимий-теориялык жактан таанып билүүгө жол ачылат. Проблеманы чечүүнүн ар кандай жолдору изделет. Булар көбүнчө эвристикалык аңгемелешүү аркылуу ишке ашат. Бул методду жарым-жартылай изденүүчүлүк деп да аташат. Тапкычтыкты, активдүүлүктү өнүктүрүүчү окутуунун методу катары мугалим менен окуучунун чыгармачылык иш аракетинде тапшырмаларды табуу жолун тездетет.

Эвристикалык методго төмөнкүдөй ыкмалар мүнөздүү:

1. Суроолордун логикалык жактан так коюлушу жана ошонун негизинде окуучулардын кандайдыр бир көрүнүштөрдү байкоолордон анализдөөгө, жеке мүнөздөгү жыйынтыктардан жалпылоолорго өтүшү.

2. Көркөм чыгарманын текстти, же сын макала, иллюстрациялык материалдар боюнча жалпы класс, же бир топ, же жеке берилген суроолордон турган тапшырмалардын системасын ылайыктуу жайгаштыруу.

3. Мугалим тарабынан проблеманын коюлушу же аны окуучулардын улантышы, диспут өткөрүү.

Методикалык ыкмалары – өз алдынча билим алууга шарт түзүүчү, текст боюнча тапшырмалардын ырааттуулугун жайгара билүүчү, проблема

чыгара алуучу суроолордун логикалык системасын таба алуу.

Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрү – көркөм чыгармалардан материалдарды ылгай алуу; текстти анализдөөнүн элементтери менен айтып берүү; эпизодду анализдөө; образ-каармандарды анализдөө; дилбаянга, докладга ж.б. иштерге план түзүү; проблеманы көтөрө билүү.

**Изилдөөчүлүк методу** – кыргыз адабияты предметине чыгармаларды өз алдынча талдоо жүргүзүүчү ишмердүүлүк. Мында окуучулар жеке жана топтук изилдөө жүргүзүү менен чыгарманын идеялык-эстетикалык кунарын ачып билип, турмуш жана өз жашоосу менен салыштырып, көркөм табитин көтөрөт. Бул жагынан ал эвристикалык методго жакын болгону менен мында эвристикалык методдон үйрөнгөн чыгармаларды талдоо жана аларга баа берүү инструментарийлерин анадан ары иштетип, бир топ татаал проблемаларды окуучулар өз алдынча чече баштайт.

Методикалык ыкмалары – изилдөөчүлүк милдет тагылган проблемалык суроолорду коюу.

Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрү – көркөм чыгарманын бөлүктөрүн же бүт баарын өз алдынча талдоо, салыштыруу, баа берүү. Мугалим окуучуларга багыт жана кеңеш гана берет да, өзү пассивдүү байкоочу катары сыртта турат, изилдөөнү жана иликтөөнү окуучу же окуучулар тобу жүргүзөт. Мында ар кандай эссе, дилбаян, доклад жазууга, адабияттаануу, эстетика багытындагы эмгектерди пайдаланууга өзгөчө көңүл бурулат да, окуучулардын ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө шарт түзүлөт.

**Репродуктивдүү методдо** окуучулар билимди даяр түрдө алат, мисалы, алар мугалимдин лекциясынан, баяндоосунан, окуулуктардан, окуу колдонмолорунан, адабияттаануу багытындагы китептерден предметке байланыштуу маалыматтарды алат. Бирок бул ошол материалдарды ошол бойдон «мээсине көчүрүп алат» дегендик эмес, механикалык кабылдоодон аң-сезимдүү кабыл алууга өтөт дегендик. Даяр материалды

бала өз даярдыгына жараша иштеп чыгып, жалпылап, жыйынтыктап, мурда алган билими менен толуктап турат.

Методикалык ыкмалар – мугалимдин баяндоосу; мугалимдин лекциясы; обзордук лекциялар; окуу китеби жана окуу куралдары боюнча тапшырмаларды берүү.

Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрү – мугалимдин лекциясынын планын түзүү жана конспектилөө; план коюу; окулган материалдарды конспектилөө жана тезис жазуу; синхрондук таблицаларды аткаруу; мугалимдин лекциясы, окуу китеби, окуу колдонмолору боюнча оозеки жоопторду даярдоо; тема же проблема боюнча жалпылоочу багыттагы дилбаяндарды, докладдарды даярдоо.

**Долбоорлоо методу.** Соңку кылымда азыркы педагогикада долбоорлоо (проект) методу деген түшүнүк пайда болду. Долбоорлоо методу окуучулардын жамаатташып иштөөсүнө жана алардын чыгармачылык активдүүлүгүн, ой жүгүртүүсүн, тапкычтыгын өстүрүүгө багытталган ишмердүүлүк. Мугалим менен окуучу кызматташып, ар кандай илимий билимдердин табылгаларын пайдаланып жаңы нерселерди издеп, аларды долдоорлойт. Методдо бала билген билимди дагы байытып, дагы өркүндөтүп гана калбай, аны иш жүзүндө колдоно баштайт.

Биринчи этап – уюштуруу этабында топтор жана алардын кызыгуу чөйрөсү аныкталат.

Экинчи этап – болочок долбоорду тандоо жана башкы идеяларын талкуулоо этабы болот да, анда долбоорду эмне үчүн түзөбүз жана андан кандай натыйжаларды алабыз дегендей максат-милдеттер белгиленет, тема дагы так аныкталып, план түзүлөт.

Кийинки – долбоордун курамын аныктоо, топторго милдеттерди бөлүштүрүү жана керектүү материалдарды тандоо этабында жалпы жөнөкөй план жазылат (ал кийин кеңири багытта түзүлүүгө тийиш), тема боюнча топтун жана окуучулардын кызыгууларына жараша тарыхый, археологиялык, крайтаануу, искусство чыгармалары, иллюстрациялар тандалат.

## 3.2. Окуучулардын окуу ишмердүүлүктөрүн баалоонун критерийлери

Баалоо окуучулардын окуу жетишкендиктеринин предметтик стандарттын мазмунуна дал келишин аныктоо максатында жүргүзүлөт. Инсанга багытталган окутуунун практикасында окуучулардын окуу жетишкендиктерин текшерүүнүн төмөнкү стратегиялары көбүрөөк жайылтылган: 1) окуучунун баштапкы жана аякталыштагы жыйынтыктарынын дал келиши, б.а. окуучунун жеке өсүшүнүн динамикасы; 2) окуучу жасаган иштин критерийлер менен дал келиши.

Төмөнкүлөр бааланат:

- сабак учурундагы окуучулардын иши;
- окуучулардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасы;
- портфолионун чыгармачылык презентациясы.

Тапшырмаларды топторго бөлүштүрүү төмөндөгүлөрдү эске алуу менен өткөрүлөт:

- берилген тапшырмаларды чечүүнүн ар түрдүү деңгээлдегитатаалдыгын;
- окуучулардын тапшырмаларды чечүүнүн ар түрдүү деңгээлдеги өз алдынчалыгын.

**1-топтогу тапшырмалар** – текст боюнча жалпы багыт алуу, ачык берилген маалыматты колдонуу (тексттеги маалыматтын негизги темасын жана идеясын түшүнүү, тексттеги айтылгандар боюнча жалпы түшүнүк).

**2-топтогу тапшырмалар** – текстти терең түшүнүү, маалыматты интерпретациялоо жана өзгөртүп түзүү, анализдөө, текстте ачык эмес берилген маалыматты жалпылоо жана интерпретациялоо, текстте түз айтылбаган байланыштарды орнотуу, бир топ татаал жыйынтыктарды жана баалоочу ойлорду айтуу.

**3-топтогу тапшырмалар** – маалыматты окуу-практикалык тапшырмаларда колдонуу жана өз тексттерин түзүү, карама-каршы жана талаш маалыматты табуу, алынган маалымдоо боюнча баалоочу пикирин жана өз көз карашын айтуу.

Төмөнкү таблицада предметтик стандарттардын жетишкендиктерин таап көрсөтүүгө багытталган тапшырмалардын түрлөрүнүн варианты жана бул же тигил тапшырмалар үчүн баанын оордугун болжолдуу бөлүштүрүү сунушталган.

| № | Окуучулардын компетенттүүлүгүн баалоочу тапшырмалардын түрлөрү | Баанын оордугун болжолдуу бөлүштүрүү | Тапшырмалар-дын топтор менен дал келиши |
|---|---|---|---|
| 1 | Айтып берүүнүн түрлөрү | 10% | 1 |
| 2 | Окуучулардын текстке карата суроо берүүсү. Суроолорго жооп берүүсү | 10% | 1,2 |
| 3 | Жазуу иштери (иштердин мазмунуна багыт алуу, окуучулардын рефлексиясынын негизинде кыргыз тили сабактары менен байланыш):<br>Эркин эссе.<br>Аргументтештирилген эссе.<br>Түрдүү жанрларда дил баян (жомок, тамсил, ыр, аңгеме). | 20% | 2,3 |
| 4 | Көркөм окуу.<br>Сахналаштыруу.<br>Иллюстрациялоо. | 20% | 3 |
| 5 | Чыгармачылык долбоор.<br>Комплекстүү долбоор (сүрөт колдонуу менен чоң эмес изилдөө, музыка, информатика). | 20% | 3 |
| 6 | Портфолиону чыгармачыл презентациялоо | 20% | 3 |

Иштердин саны жана баалардын оордугу боюнча бөлүштүрүү класстан-класска компетенттүүлүгүнүн өсүү динамикасын эске алуу менен ишке ашырылат.

Класстарга бөлүштүрүүгө ылайык баалоо үчүн жалпы багыт болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- жумуштун көлөмү
- кабыл алуу менен түшүнүүнүн терендиги
- өз алдынчалыктын деңгээли (демилгелөө, тандоо, интерпретациялоо)
- чыгармачылык ыкма
- айтканын аргументтештирүүсү

Окуучулардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасын баалоо критерийлери ар бир тапшырмага жана иштин түрлөрүнө карата түзүлөт.

**Предметти өздөштүрүүнүн деңгээли**

Предметти өздөштүрүүнүн денгээлдерин бөлүштүрүү үчүн негиз адабий чыгарманы кабыл алуу сапатына багытталган. Окуучулардын адабий чыгарманы кабыл алуусунун сапаты окурмандын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын анализдөөнүн негизинде түзүлөт. Кабыл алуунун сапаты деп окурмандын каармандар жана чыгарманын автору менен кошо башынан кечирүү, эмоциялардын динамикасын көрүү, жазуучу жараткан турмуш картинасын элестетүүнү кайра түзүү, каармандардын кылган жоруктарынын түп натыйжасы, мотивдери тууралуу ой жүгүртүү, чыгарманын каармандарын баалоо,

автордун позициясын аныктоо, чыгарманын идеясын өздөштүрүү, б.а. автор койгон көйгөйдү өз жан дүйнөсүнөн баалап, сындоо жөндөмдүүлүгүн түшүнөбүз. Чыгарманы толук түрдө кабыл алуу окуучунун адабий өнүгүүсүнүн жогорку денгээли жөнүндө кабарлайт.

Окуучунун окурмандык сезимдеринин активдүүлүгүн, кайра жаратуучу жана чыгармачыл элестетүүсүн, көз алдыга элестетүүсүнүн конкреттүүлүгүн

жана көркөм жалпылоого сиңүү деңгээлин, окуунун, окурмандык баасынын жана ориентир алуусунун үстөмдүк кылуучу мотиивдерин эске алып, окуучунун кабыл алуусунун үч деңгээлин бөлүп көрсөтүүгө болот:

- сюжеттүү окуялуу (төмөн) деңгээл
- образдуу-аналитикалык (орто) деңгээл
- идеялык-эстетикалык (жогорку) деңгээл

**Баалоонун негизги принциптери:**

Окуучуларды баалоодо мугалим – обьективдүүлүк, негиздүүлүк, системалуулук, бирдиктүү талап, ар тараптуулук, жекелик мүнөздөгү принциптерди жетекчиликке алышы зарыл.

**Обьективдүү** баа субьективдүү жана жаңылыш ойду жокко чыгарат. Обьективдүүлүк көп фактордон көз каранды. Алардын ичинен эң маанилүүсү окуунун максатынын диагноздуулугу, баанын мазмуну менен обьектти тандоонун негизделиши, талдоо, жыйынтыктарды баалоо методдору менен камсыздалышы. Обьективдүүлүк төмөнкүлөрдөн турат:

- билим берүү системасынын көсөткүчтөрү менен критерийлерин аныктайт;
- илимий негизделген баалоо каражаттарынын мазмуну (суроолор менен тапшырмалар, тесттер, анкета, сурамжылоо);
- ар түрдүү баалоо процедураларынын (байкоо, өлчөө, анкета алуу, суроо-жооп) туура келүүчүлүгү;
- талапка жооп берген критерийлер аркылуу системадагы компоненттердин абалын баалоо.

Өзгөчө белгилеп кетүүчү нерсе баанын чындыгынын обьективдүүлүгү баалоону аткаруучу мугалимдерден, баа каражаттарынан жана методдордон көз карандысыздыгы.

**Негиздүүлүк.** Коюлган баа сөзсүз аргументи менен болушу керек. Ошол эле учурда, аргумент мазмундуу мүнөздөлүп жана мазмун формасы менен окуучунун аткарган ишине, баанын критерийлеринин талабына жооп берүүсү керек. Бааны негиздөөдө мугалим окуу материалынын көлөмүн, деңгээлин жана берилген тапшырманын аткарылган сапатына көңүл буруусу керек. Мугалим бааны аргументтегенде төмөндөгүлөрдү бөлүп көрсөтүшү керек:

- окуучунун анализ бере билүү билгичтиги;
- себеп-натыйжалык байланыштын орнотулушу;
- ой-жүгүртүүнү маалымдоосу;
- өзүнүн көз карашын далилдөөсү;
- ар кандай шартта алган билимин колдоно билүүсү;
- окуу материалын жалпылоо менен негизгисин белгилеп көрсөтө билүүсү.

**Системалуулук принциби** билим берүү процессинин баштапкы этабынан акырына чейин баа ишмердүүлүгү аткарылат. Системалуу баалоого билим берүү системасынын бардык компоненттери дуушар болот. Контролдоо менен баалоону системаны туруктуу текшерген жыштыкта өткөрүү керек. Баалоонун

системалуулук принциби комплекстүү ыкма аркылуу аткарылып, ар кандай формалар, методдор жана баа каражаттары тыгыз байланышта бирдиктүү максатта башкарылат.

**Бирдиктүү талап.** Көпчүлүк учурларда кээ бирокуучуларга жеңил суроолор берилсе, кээ бирөөлөргө узак жоопту талап кылган тапшырмалар берилет. Ал эми

окуучулардын билими бирдей балл менен бааланат. Бардык окуучуларга бирдей талап коюлушу керек. Баалоодо бирдиктүү программалык талаптар коюлушу керек, билимди баалоодо бирдей критерий болууга тийиш. Окуучулар кандай билимди кандай көлөмдө өздөштүрүшү керек экендигин билүүсү керек.

**Ар тараптуулук принциби.** Баалоо окуучулардын ээ болгон билимдерин аныктоону, жана ошондой эле билгичтик менен көндүмдөрдү калыптандыруунун даражасын аныктоону шарттайт, алар ар тараптуулук принцибинин мазмунун түзүшөт. Мугалим ар тараптуу өнүгүү принцибин жетекчиликке алуу менен төмөндөгүлөрдү эске алуусу керек:

- өздөштүрүлгөн материал боюнча билимдин көлөмүн (окуу обьектилери жана билимдин элементтери, түшүнүк, мыйзамдар, идеялар ж.б.);
- өздөштүрүлгөн билимдин деңгээли, билимди текшерүү, стандарттык эмес шартта билимди колдонуу;
- билимдин сапаты (толуктугу, бекемдиги, терeңдиги, ийилчектиги ж.б.).

**Жекелик принциби.** Баа жекелик мүнөздү да алып жүрөт. Оозеки же фронталдык суроо-жоопто, дил баян жазганда же жат жазуу жазганда, экзамен же зачетто дайыма өзгөчөлөнгөн билими билинип турат. Ошондуктан, баалоо процесси ар бир окуучунун билиминин деңгээлин билгенден кийин жүргүзүлүүгө тийиш. Жекелик принциби төмөндөгүлөрдү аныктоону талап кылат:

- окуу материалы боюнча окуучу эмнелерди билет;
- окуучунун билим деңгээли кандай;
- окутуу процессинде окуучу эмнени үйрөнө алган жок;
- жетишпегенин себеби кайсы;
- билими боюнча жетишпегендигин жоюу үчүн эмне кылуу керек.

Ошондуктан, бул принциптин маңызы ар бир окуучунун өгөчөлүгүн жакындан билүү болуп саналат.

# IV. МАТЕРИАЛДЫК-РЕСУРСТУК КАМСЫЗДОО

## 4.1. Ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар

Бала көрүү, угуу, кармап көрүү, тажрыйбада колдонуп көрүү аркылуу элестерди тезирээк аңдап, ал тууралуу ойлонуп, жыйынтык чыгарат. Иллюстрациялар, диафильм, портрет, пейзаж, схемалар баланын окуу материалды түшүнүүсүнө жардам берет. Аудио жазуулар аркылуу анын жаратмандыгы өнүгүүсү мүмкүн. Тажрыйбаларды жүргүзүүсү, кармап көрүүсү, колдонуп көрүшү аркылуу окуучуда ассоциациялаш, талдоо, жөндөмү, актоо жана каралоо сыяктуу көнүмүш жана жаңы жөндөмдөрү өсөт. Окуучу өз ишинин натыйжасын көргөндө жөндөм, ушул иштин автору, жаратмандыгына байланыштуу сезимдери калыптанат жана келечекте өз ордун табууга болгон ишеничи дагы артат. Окуучулардын көнүгүү жана зээндүүлүгүн өнүктүрүүгө таасир көрсөтүүчү ресурстарды 5 түргө бөлсө болот:

1. Көрүүгө болжолдонгон – видеокассеталар, слайддар, DVD дисктер, иллюстрациялар, сүрөттөр (портрет, пейзаж, интерьер, экстерьер), схемалар ж.б.у.с.
2. Угууга болжолдонгон – аудиокассеталар, уялдук телефондордогу мукамдар (музыкалар), магнитофон тасмаларына жазылган атактуу актёрлордун үндөрүнүн коштоосунда айтылган жомоктор, ыр саптары, обондуу ырлар ж.б.у.с.
3. Жазууга болжолдонгон – тест-карточкалар, тесттер, эсселер, түрдүү стилде, түрдүү басылма жана көркөм чыгармалардан алынган тексттер, каттар, баян, диктанттар ж.б.у.с.
4. Талдоо кылууга болжолдонгон – долбоорлор, тажрыйбалар, изденүүлөр, жыйнактар, энциклопедиялар ж.б.у.с.
5. Сүйлөөгө болжолдонгон – презентациялар, сахна көрүнүштөрү, топтогу иштер, көркөм чыгармалар ж.б.у.с.

## 4.2. Шыктандыруучу окуу чөйрөсүн түзүү

Шыктандыруу – окуу ишмердигинин маанилүү структуралык компоненти, ал окуучу үчүн иштелип чыккан ички шыктануу анын калыптангандыгынын негизги критерийи болуп саналат.

Шыктандыруу баланын бардык эле окуу предметтеринин материалдарын эмес, бала өзүнө зарыл болгон материалды өздөштүрүүсүнө түрткү берет.

Чыгармаларды окутуп-үйрөтүүдө алардын мазмунун жеткирүү, талдоо, баалоо окуучуну канааттандыргандай болуп, кийинки жаңы окуу ишмердүүлүктөрдүн калыптанышына таяныч билим катары кызмат кылгандай болуусу керек.

**Кыргыз адабиятын окуп үйрөнүүдө ички шыктандырууну калыптандыруунун жолдору:**

- чыгармалардын түп нускалары менен тааныштыруу;
- чыгармалар боюнча тартылган фильмдерди көрсөтүү, аудио жазууларды угузуу, иллюстрациялар менен иштөө;
- проблемалык кырдаалдарды түзүү;
- стандарттык эмес ыкмаларды колдонуу аркылуу чыгармачылыкты жана логикалык ой жүгүртүүлөрүн өнүктүрүү;
- чыгармачылыкка кызыктыруунун элементтери менен иштөө: эсселер, дил баяндар, аңгемелер, ырлар ж.б.

- кооптонууну, эригүүнү жаратпастан, таанып-билүүгө шарт түзүлүшү керек; кайтарым байланыш өз убагында болушу керек;
- окуучулардын жакшы жактарын белгилөө керек. негативдүү кайтарым байланыш өтө конкреттүү болуп, окуучуга эмес, иштин мүчүлүш жактарына багытталууга тийиш;
- кемчиликтер элдин көзүнчө айтылбоого, кемсинткен сөздөр колдонулбоого тийиш.

Кыргыз адабияты сабактарында белгиленген компетенттүүлүктөрдү калыптандырууда натыйжалуу окуу технологиясы жетектөөчү технология болуп эсептелет**.** Технология текст менен иштөөнүн үч этабын киргизет, бул этаптар окурмандык ишмердүүлүктүн структурасынын өзгөчөлүгүнө негизделген.

**I этап. Текстти окууга чейинки иш.**

**Актуалдаштыруу. Антиципация** (алдын ала кубануу, окула турган текстти божомолдоо). Тексттин маанилик, тематикалык, эмоционалдык багытын аныктоо, чыгарманын аталышына, автордун атына, орчундуу сөздөргө карап, тексттен мурунку келген иллюстрация менен таанышып, окурмандык тажрыйбага таянып, окула элек чыгарманын каармандарын бөлүп көрсөтүү.

Сабактын максаттарын коюуда окуучунун ишке жалпы даярдыгын (окутуучу, кызыктыруучу, эмоционалдык, психологиялык) эске алуу.

**II этап. Текстти окуу учурундагы иш. Окуу процесси.**

**-** Текстти алгачкы окуу. Мазмуну боюнча жалпысынан маектешүү. Алгачкы кабыл алууну аныктоо, алгачкы таасирленүүнү белгилөө. *Текстти кайрадан окуп чыгуу.* Шашпай “ойлонуп” кайталап окуу.

**-** Текстти анализдөө.Текстти кабыл алуу менен анын анализдөөнүн арасындагы ажырымды жеңүү.

**III этап. Текстти окугандан кийинки иш. Кийинки окуу.**

- **Интерпретациялоо. Текст боюнча концептуалдуу (маанилик) маек**.Тексттин негизги идеясын жана анын башкы маанилеринин кошулушун аныктоо.Ойлонуу, өздөштүргөндөрүн текшерүү, окуганы боюнча сүйлөшүү.

- Чыгарманы баалоо. Окуганын практикалык ишмердүүлүктө колдонуу. Окуучулардын адабий чыгармачылыгы.

## МУГАЛИМДЕРГЕ СУНУШ КЫЛЫНГАН АДАБИЯТТАР:


1. Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү [Текст] Түзгөндөр: Шериев Ж., Муратов А. – Ф.: 1987
2. Акматалиев, А. Кыргыз адабияты: тарых жана мезгил [Текст] А.Акматалиев. – Б.: 2010. – 940 б.
3. Алимбеков А. Мектеп окуучусунун этномаданий компетенциялары // Шоокум. – 2012. - №2. – 26-б.
4. Алымов, Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун методикасы. Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китеби [Текст] Б.Алымов. – Ф.: «Мектеп», 1981. – 219 б.
5. Алымов, Б. Кыргыз совет адабиятын окутуу методикасы. II китеп [Текст] Б.Алымов. – Ф.: «Мектеп», 1991. – 310 б.
6. Алымов, Б. Кыргыз совет адабиятын окутуунун айрым маселелери [Текст] Б.Алымов. – Ф.: «Мектеп», 1976. – 286 б.
7. Артыкбаев К. ХХ кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы [Текст] / К.Артыкбаев. – Б.:ТАС, 2004.
8. Байгазиев С. «Манасты» мектептерде жана жогорку окуу жайларында окутуу: абалы, проблемалары, милдеттери // Кутбилим, 2011, 21-июнь
9. Байгазиев С., Рысбаев С. Педагогикалык тажрыйба: изденүүлөр жана табылгалар. – Б.: Мектеп, 1992.
10. Батаканова, С. Мектепте көркөм чыгармаларды талдоонун илимий-педагогикалык негиздери. Монография [Текст] С.Батаканова. – Б.: 2010. – 286 б.
11. Бекбоев, И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын териялык жана практикалык маселелери [Текст] И.Б.Бекбоев.– Б.: Педагогика века, 2004. – 384 б.
12. Бекбоев, И.Б. Педагогикалык процесс: эски көрүнүштөр жана жаңыча көз караштар [Текст] / И.Б.Бекбоев. – Бишкек, 2005.
13. Измайлов, А.Э. Народная педагогика: Педагогические воззрения народов Средней Азии и Казакстана [Текст] / А.Э.Измайлов. – М.:1991. – 400 с.
14. Иманалиев, К. Кыргыз адабиятын окутуу методикасынын орчундуу маселелери [Текст] К.Иманалиев. – Ф.: «Мектеп», 1984. – 176 б.
15. Иманалиев, К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы [Текст] К.Иманалиев. – Ф.: «Мектеп», 1976. – 250 б.
16. Иманалиев, К. Кыргыз мектептеринде адабиятты окутуунун жолдору: 9-10-класстар үчүн [Текст] / К.Иманалиев. – Ф.: «Мектеп», 1966
17. Ишекеев, Н. Кыргыз адабиятын мектептерде окутуунун тарыхы [Текст] / Н. Ишекеев −Б.: 1994. − 387 б.
18. Ишекеев, Н. Кыргыз адабиятынын окуу китептери: өткөнү, бүгүнкүсү жана келечеги [Текст] Н.Ишекеев. – Б.: 2011 – 216 б.
19. Култаева Ү.Б Окуучулардын адабий чыгармачылыгын өнүктүрүү методикасы [Текст] / Ү.Б.Култаева. – Б.: 2006. – 92 б.
20. Култаева Ү.Б. Кыргыз тарыхый романдарынын жанрдык өзгөчөлүгү [Текст] / Ү.Б.Култаева. – Б.: Айат, 2007. – 240 б.
21. Кыргыз адабияты: энциклопедия [Текст] // Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору. Башкы редактор: Ү.Асанов, жооптуу редактор: А.Акматалиев – Б.: 2004. – 408 б.
22. Кыргыз адабиятынын тарыхы: 7 томдук. 1-т. [Текст] / А.Акматалиевдин жалпы редакциялоосунда. — Б.: Шам, 2004. — 215-216-б.
23. Кыргыз педагогикасы: энциклопедиялык окуу куралы [Текст]: Башкы редактор Ү.Асанов, жооптуу редактор И.Бекбоев. – Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2004. – 340 б.

24.Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очерки. [Текст]: I бас. – Ф.: «Кыргызстан», 1973. – 720 б.
25.Мамбетакунов, Э. Педагогиканын негиздери: Жогорку жана орто окуу жайларынын студенттери менен мектеп мугалимдери үчүн окуу куралы. 2-бас.[Текст] Э.Мамбетакунов, Т.М.Сияев. – Б.: Айат, 2008. – 304 б.
26.Момуналиев С. Орто мектептердеги лирика – Б.: 2014. – 592 б.
27.Муратов А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы. 1-китеп.[Текст]/ А.Муратов. – Б.: «Турар», 2011. – 604 б.
28.Муратов, А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы [Текст] / А.Муратов. – Б.: Турар, 2013. – 554 б.
29.Муратов А. Кыргыз адабияты: маалыматтама [Текст] / А.Муратов, Ж.Шериев, К.Исаков. – Б.: Айат, 2014. – 384 б.
30.Озмитель Е. К. Наследие классики и киргизская литература. – Ф.: Кыргызстан, 1980. – 256 б.
31.Оторбаев, Б. Көркөм чыгарманы мектепте талдоо [Текст] / Б.Оторбаев. – Б.: «Айат», 2015. – 168 б.
32.Рысбаев С.К. Кыргыз тили жана адабияты мугалимине жүз кеңеш: «Педагогикалык технологиялар» сериясы. 4-китеп [Текст] / С.К.Рысбаев. – 2014. – 236 б.
33.Рысбаев С.К. Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер жана окуп-үйрөнүү маселелери: «Педагогикалык технологиялар» сериясы. 5-китеп [Текст] / С.К.Рысбаев. – 2015. – 232 б.
34.Түлөгабылов, М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы [Текст]/ М.Түлөгабылов. – Б.: «Мектеп», 1991. – 272 б.
35.Турдугулов А. Төкмө ырчылар менен жазгыч акындардын чыгармачылыгын окутуу [Текст] / А.Турдугулов.. – Б.: Кыргызстан 1996. – 184 б.
36.Шейман Л.А. Основы методики преподавания русской литературы в киргизской школе. Пособие для учителей. – Ф.: Мектеп 1981. – 238с.